УДК: 37017.93:297.1

**Абдулдаева Назира**
И.Арабаев атындагы КМУ, Кыргызстандын тарыхы жана этнология кафедрасы, магистрант
**Абдулдаева Назира**
КГУ им. И.Арабаева, кафедра Истории Кыргызстана и этнологии, магистрантка
**Abduldaeva Nazira**
KSU them. I. Arabaeva, Department of History of Kyrgyzstan and Ethnology, master student

# ИСЛАМДЫК АГАРТУУ ИШТЕРИ МЕНЕН АЛЕКТЕНГЕН МЕКЕМЕЛЕРДИН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ
# ФОРМИРОВАНИЕ И ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ УЧРЕЖДЕНИЙ, ЗАНИМАЮЩИХСЯ ИСЛАМСКИМ ПРОСВЕЩЕНИЕМ
# FORMATION AND ACTIVITIES OF INSTITUTIONS ENGAGED IN ISLAMIC EDUCATION

**Аннотация:** Бул макалада автор исламдык агартуу иштери менен алектенген мекемелердин ишмердүүлүктөрү жана фонддордун максаттары каралды. Ислам окуу жайларынын стратегиясы жана иш программалары тууралу кенири токтолгон.

**Аннотация:** В данной статье автор рассматривает деятельность исламских образовательных учреждений и цели фондов. Подробно обсуждались стратегия и программы работы исламских школ.

**Resume:** In this article, the author examines the activities of Islamic educational institutions and the goals of the funds. The strategy and work programs of Islamic schools were discussed in detail.

**Негизги сөздөр:** фонд, Адеп башаты, медересе, социалдык жоопкерчилик ыймандуулук, кайрымдуулук,демөөрчүлүк,мугалимдер

**Ключевые слова** Фонд, Моральный источник, Медресе, Социальная ответственность, нравственность, благотворительность, спонсорство, учителя

**Key words:** Foundation, Moral Source, Madrasah, Social Responsibility, morality, charity, sponsorship, teachers

Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгынын негизин түзгөн Муфтияттын көптөгөн функцияларынын арасында билим берүү иштерин көзөмөлдөө функциясы бар, жана ага баш ийген укук коргоочулук, кайрымдуулук жана агартуучулук иштери менен алкетенген уюмдар, алардин бири, агартуу жана коомдук-кайрымдуулук иштери менен алектенген “Адеп башаты” – коомдук прогрессивдүү фонду, Каирдеги Аль-Азхар университетинин бүтүрүүчүлөрү тарабынан түзүлүп. 2003-ж.18-августта КРнын өкмөтүнүн алдындагы ДИМКнан, ал эми 2004-жылдын 19-мартында КРнын Адилет министрлигинен каттоодон өткөн. КМДБ менен тыгыз кызматташат [4]. Азыркы мезгилде, фонддун ыктыярдуу өкүлдөрү Жалал-Абад, Ош, Баткен, Нарын, Ысык-Көл, Талас областарындагы ачылган филиалдарында жигердүү иштерди жүргүзүшөт.

“Адеп башаты” фондунун ишиндеги ийгиликтер, биринчиден, бул фонддун программасынын социалдык багыттуулугу менен түшүндүрүлсө, экинчиден, демилгелүү кадрларды, ар түрдүү чет элдик, светтик-теологиялык билими бар жаштарды өз ишмердүүлүгүнө тарта алгандыгында. “Бүткүл дүйнөлүк жаштар ассамблеясы” жана “Адеп башаты” фонддору, Кыргызстанда өз иштери менен алектенип жаткан башка мусулмандык

ӨЭУдан жана КФдон, өздөрүнүн коомго социалдык колдоо көрсөтүү боюнча айкын стратегиясынын жана иш программаларынын бар болгондугу менен айырмаланышат.

Учурда "Адеп башаты" фондунда иштеген 40 кызматкердин көпчүлүгү, өз кесиби менен да алектенген инсандар. Мындан сырткары, фонд жүздөн ашуун өз ыктыйары менен иштеп берүүнү каалаган студенттерди, мугалим-окутуучуларды жана ишкерлерди кызматка тартышат. Көпчүлүк исламдык уюмдар сыяктуу эле, булардын негизги ишинин багыты окутуу жана тарбиялоо иши менен байланыштуу. Бул фонд социалдык жоопкерчиликти мойнуна алуу менен ислам динин жаңы бир деңгээлге көтөрүүнү каалайт.

Алардын алдыларына койгон максаты: ыймандуулук, кайрымдуулук, боорукерлик түшүнүктөрүн коомубузга жайылтуу жана ислам дининин баалуулуктары менен кыргыз элибиздин каада-салттын айкалыштырып элге жеткирүү, айрыкча жаштардын жашоо жолун өнүктүрүү жана аларды жакшы жолго үгүттөө болуп саналат.

"Адеп башаты" фондунун демөөрчүлөрүнүн арасында ишкерлер, дыйкандар, малчылар, мамлекеттик кызматкерлер, мугалимдер, врачтар жана башка кесип ээлери бар. Анын алгачкы спонсорлорунун бири, белгилүү ишкер  Аскарбек Салымбеков жана анын үй-бүлөсү болгон [2].

Ошондой эле, Бүткүл дүйнөлүк жаштар ассамблеясын алсак,бул коомдук  бирикме коомдук турмуштун социалдык, руханий, илимий абалын жакшыртуу максатында 2000-ж. түзүлгөн. Ал калктын аярлуу катмары менен жаштар үчүн зарыл болгон ар тараптуу долбоорлордун үстүндө көптөгөн инвестицияларды тартып, коомдун өнүгүшүнө өз салымын кошуп келүү менен төмөндөгүдөй багыттагы билим берүү ишмердүүлүктөрү менен алектенет жана муктаж болгон жерлерге жаңы орто мектептерди курушат.

Алсак, азыркы учурда ассамблея тарабынан Кыргызстандын эң муктаж болгон аймактарында 27 мектеп курулуп [3. 41-б.] бардык керектүү буюмдар, эмеректер жана компьютердик техникалар менен толугу менен жабдылгандан кийин гана билим берүү министирлигинин карамагына өткөрүлүп берилген.

Ал эми  "Мутакаллим" аялдардын прогрессивдүү коомдук бирикмеси 1999-жылдын сентябрь айында, анын жетекчиси Фронтбек кызы Жамалдын демилгеси менен жана Кыргызстан Мусулмандарынын Азрети Муфтийинин макулдугунун негизинде түзүлгөн. "Муттакалим" деген сөз араб тилинен которгондо таза, ыймандуу, чечен сүйлөө деген маанини берет [7].  Бул бирикме, 15 жылдан ашык убакыттан бери, өзүнүн активдүү ишмердүүлүгү менен айырмаланган, өлкөдө мусулман аялдарынын укугун коргоочу уюм катары таанымал. Анын, негизги максаты: коомдогу аялдардын укугун коргоо, алардын социалдык абалын жакшыртуу, аялдарга ислам дининдеги аялзатынын ордун жана ролун үйрөтүү, ислам дининин тазалыгын, маани-маңызын даңазалоо менен арууулукка, ыймандуулукка үндөө болуп саналат.

Акыркы 10 жыл аралыгында,  анын аймактарда ачылган 7 филиалы: Чүй областында, Алай жана Кара-Кулжа райондорунда, Ош, Нарын, Балыкчы, Кара-Кол шаарларында, бирикменин алдына койгон максаттарын ийгиликтүү ишке ашырууда б.а. алар калктын кеңири катмары менен иш алып барууда.

"Мутакаллим" АПК бирикмесинин ишмердүүлүгү ар тараптуу. Алар, Кыргызстандагы динге кызыккан мусулмандар үчүн "Коомдогу аялдын орду", "Бейиш энелердин таман астында", "Мусулман аялдарынын адеп–ахлагы" деген сыяктуу актуалдуу темадагы конференцияларды, семинарларды жана тегерек отурумдарды өткөрүп турушат. Алсак, алар 2004-жылдын 21-октябрында "Орозо-бейиштин ачкычы" аттуу темада конференция өткөрүшкөн. Бул конференцияда Ислам окуу жайларынын башчылары, Мусулман

коомчулуктарынын өкүлдөрү жана Түрк мамлекетинин элчисинин жардамчысы Мехмед Гюрлер катышып, орозонун маани-маңызы, шарттары жана касиеттери туурасында маалыматтарды беришкен [ 6]. Жасаган иштеринин натыйжасын баалоо максатында, “Ясин – курандын жүрөгү”, “Ислам ажары” сыяктуу конкурстарды өткөрүшөт. Мисалы, 2004-ж. 28-августунда, 37–38-жаш курагындагы аялдардын арасында “Ясин сүрөөсүн таджвид менен жатка айтуу” конкурсу өткөрүлүп, жеңүүчүлөр баалуу сыйлыктар манан сыйланышкан. Бул конкурста биринчи орунду К.Максыталиева жеңип алган [ 5].

Белгилей кетүүчү жагдай, “Мутакаллим” АПКБси Борбордук Азия аймагы боюнча алгачкылардан болуп демилге көтөрүп, мусулман аялдарынын көйгөйү менен иш алып барган бирден-бир уюм болуп саналат. Алар Малайзия, Туркия, Кувейт, Иран жана Араб өлкөлөрү менен жакындан таанышып, тажрыйба алмашып, кызматташып келүүдө.

Кыргыз Республикасында ВИЧ эпидемиясы менен күрөшүүгө кошкон ири салымы үчүн,2006-ж.1-декабрда “Мутакаллим”АКПБсына,Бириккен Улуттар Уюму тарабынан “Джоннатан Манн” атындагы премия ыйгарылган [1].

Жаштардын, өзгөчө кыздардын арасында адеп-ахлакты жогорулатуунун үстүндө иш алып барган, аялдардын дагы бир фонду – “Сумая” коомдук фонду. Ал Бишкекте 2004-ж. улуу айымдар тарабынан түзүлгөн, анын улуттук курамы ар кыл: кыргыздардан, уйгурлардан жана өзбектерден турат. Алардын негизги каржы булагы зекеттен, пенсиялардан жана балдарынын берген жардамынан чогулган каражаттар болуп эсептелет. Рамазан айында, Чыгыш университетине ж.б. уюмдарга кайрылып жардам алышат. “Сумая” коомдук фондунун филиалдары, Чүй жана Ош областарында ачылган. Алар “Дил мүрөгү” коомдук бирикмеси менен бигеликте мектептер менен иш алып барышат. Фонд эл аралык гранттарды алышпайт жана аларга анча ишене беришпейт.

Жыйынтыгында исламдык агартуу иштери менен алектенген мекемелердин өзгөчөлүгү, улуттук, конфессиялык, жыныстык ж.б. айырмачылыктарына карабастан, муктаж болгондордун бардыгына өздөрүнүн кайрымдуулук жардамын көрсөтүп жаткандыгында. Ошондой эле алар билим алуучулук жана агартуучулук иштери менен алектенишет. Алган билимдеринин мазмуну: динге ишенүү, тарбия-таалим сабактары жана Куран менен жакындан таанышуу үчүн араб тилин үйрөнүү.

**Колдонулган адабияттар:**

1. “ Кыргыз Республикасынын дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2008-жыл 31-дек. № 282 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://iyman.kg/index.php/kg/ dolboorlor/ukuktuk-baza/item/385-kyrgyz-respublikasynyn-myjzamy-kyrgyz-respublikasyndagy-din-tutuu-erkindigi-zhana-dinij-uyumdary-zh-n-nd
2. Кыргызстан Мусулмандар Дин Башкармалыгынын учурдагы архиви.
3. Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча Мамлекеттик Комиссиянын учурдагы архиви.
4. Национальный статистический комитет Кыргызской Республики. Население [Электронный ресурс] – Режим доступа: http://www. stat.kg/ru/statistics/naselenie/ – Загл. с экрана.
5. Курбанова, Н.У. Ислам в современном Кыргызстане [Текст]: моногр. / Н.У. Курбанова. Бишкек: Б.и., 2008. – 164 с.
6. 2003-ж. 11-сентябрындагы Кыргызстан мусулмандар дин башкармасынын №19 Токтому [Текст] Кырг. Респ. Президентинин арх., ф.1, оп.1, д. 3145. 16-12, л.9.

7. “Мутакаллим” аялдардын прогрессивдүү коомдук бирикмесинин учурдагы архиви.

**Рецензент: т.и.к., доцент Зайниев Р.А.**

УДК 26 - 294.3

**Акпарали уулу Абдулла**
И. Арабаев атындагы КМУ, Теология кафедрасы, магистрант
**Акпарали уулу Абдулла**
КГУ им. И. Арабаева. кафедра Теологии, магистрант
**Akparali uulu Abdullah**
KSU I. Arabaeva, Department of Theology, master student

## БУДДИЗМ ЖАНА ХРИСТИАНЧЫЛЫКТА АДАМ УКУКТАРЫ
## ПРАВА ЧЕЛОВЕКА В БУДДИЗМЕ И ХРИСТИАНСТВЕ
## HUMAN RIGHTS IN BUDDHISM AND CHRISTIANITY

**Аннотация:** Жер шарындагы үч дүйнөлүк диндин эң алгачкысы – буддизм. Ал 2500 жыл мурда Индияда пайда болгон. Анын негиздөөчүсү - б.з.ч. VI-V кылымдарда Индияда жашаган Будда деген ат менен белгилүү Сиддхартха Гаутама. Буддизм идеологиясына ылайык, Сиддхартха тунуу (медитация) учурунда арууланyу, нурлануу, көзү ачылуу, башкача айтканда Будда абалына жеткен. Мына ушул окуядан кийин ал башкаларга өзүнүн дүйнө таанымын, доктринасын мындайча айтканда окуусун жайылта баштаган.

Христиан дини – буддизм дининен кийин пайда болгон дүйнөлүк диндердин бири. Иудаизм менен ислам дини сыяктуу эле Христиан дини монотеисттик дин болуп саналат. Бардык адамдардын теңдиги тууралуу жар салып, дүйнөнү кайра курууга, акыйкаттыкты жана адилеттүүлүктү орнотууга чакырган христиан дини тез аранын ичинде эле күчтүү идеологиялык багытка айланган. Албетте, жаңы пайда болгон христиан динине анын негизги булагы болгон иудаизм өз таасирин тийгизген, бирок анын көпчүлүк идеялары христиандар тарабынан бир нече жолу өзгөртүлгөн. Ошондой эле, христианчылыктын диний окуусунун жаралышына байыркы философиянын таасири дагы абдан чоң болгон.

**Аннотация:** самая ранняя из трех мировых религий на земле – буддизм. Он возник в Индии 2500 лет назад. Его основатель-Б.З.час. Сиддхартха Гаутама, известный как Будда, который жил в Индии в течение веков. Согласно буддийской идеологии, Сиддхартха достиг состояния очищения, излучения, откровения, то есть Будды во время осознания (медитации). Именно после этого опыта он начал распространять свое мировоззрение, доктрину, так сказать, среди других. Христианство-одна из мировых религий, появившихся после буддизма. Как Иудаизм и ислам являются религией, христианство является монотеистической религией. Христианство, провозглашающее равенство всех людей и призывающее к восстановлению мира, справедливости и справедливости, быстро превратилось в сильную идеологическую линию. Конечно, зарождающееся христианство находилось под влиянием иудаизма, его основного источника, но большинство его идей несколько раз изменялись христианами. Кроме того, древняя философия также оказала очень большое влияние на создание религиозной доктрины христианства.

**Annotation:** The earliest of the three world religions on earth is Buddhism. It originated in India 2500 years ago. Its founder is B.Z.Chas. Siddhartha Gautama, known as the Buddha, who lived

in India for centuries. According to Buddhist ideology, Siddhartha reached the state of purification, radiation, revelation, that is, the Buddha during awareness (meditation). It was after this experience that he began to spread his worldview, doctrine, so to speak, among others. Christianity is one of the world religions that emerged after Buddhism. As Judaism and Islam are a religion, Christianity is a monotheistic religion. Christianity, which proclaims the equality of all people and calls for the restoration of peace, justice and justice, quickly turned into a strong ideological line. Of course, the nascent Christianity was influenced by Judaism, its main source, but most of its ideas were changed several times by Christians. In addition, ancient philosophy also had a very great influence on the creation of the religious doctrine of Christianity.

**Ачкыч сөздөр:** Буддизм, Христианчылык, Укук, Адам укуктары.

**Ключевые слова:** Буддизм, христианство, право, права человека

**Keywords**: Buddhism, Christianity, law, human rights

## Буддизм жана Христианчылыкта Адам укуктары

Диндер ар кандай жолдор менен жана ар кандай критерийлер боюнча классификацияланган. Диндерди классификациялоо дин же диндердин тарыхы илимдеринин негизги милдеттеринин бири болуп саналат, бирок ар кандай критерийлер ар кандай классификация схемаларынын пайда болушуна алып келет. Бул классификация түрлөрүнүн бири диндер болуп саналат:

Примитивдик, улуттук жана универсалдуу деп бөлүнөт. Белгилүү бир этникалык топко, улутка же географиялык аймакка гана эмес, бүткүл адамзатка чакырык жасап, өзүнүн доктринасын, кабарын адамдарга тараткан диндер универсалдуу же миссионердик диндер деп аталат.[1] Густав Менщинг диндерди улуттук жана универсалдуу деп экиге бөлөт. Универсалдуу диндердин мүнөздөмөлөрү төмөнкүдөй аныктайт:

1. Жалпы дин бүткүл адамзатка кайрылат.
2. Кеңейтүү мүмкүнчүлүгү чоң.
3. Жалпы диндин субъектиси – инсандын абийири.
4. Жалпы дин – бул динди интернационалдаштыруу аракети.

Улуттук диндер улуттун руханий байлыгы болуп, ал элдин чегинен чыкпаса да, кээде улуттук диндерден дүйнөлүк дин чыгат. Христиандык еврейлерге мүнөздүү бир динден пайда болгон сыяктуу, Индиянын улуттук дининен буддизм Азиянын көпчүлүк бөлүгүнө тараган.[2]

Индустук жана конфуцийдик коомдор, жалпы кабыл алынгандай, улуттук бирикмелер. Бирок ислам, буддизм жана христианчылык көп сандаган улуттар менен элдерге интеграцияланган.[3]

Бирок классикалык индуизм (б. з. ч. V, б.з. X. кылымдар) миссионердик дин деп айтылат. Индуизм этникалык дин болгондуктан жана касталык системанын бар экендигине байланыштуу индуизмге бөтөн адамдын кириши мүмкүн эмес деген көз караштан тышкары. Түштүк-Чыгыш Азияга индуизмдин келиши классикалык индуизм миссионердик дин болгон деген пикирге алып келген.[4]

Ар бир динде адам укуктары корголгондугун көрүүгө болот. Биз бул макалада буддизм жана христианчылыктагы адам укуктары боюнча сөз кылууга аракет кылабыз.

### Буддизмдеги адам укуктары:

Буддизмдеги адам укуктары концепциясы батыш ойлорундагыдан айырмаланат. Батышта адам укуктары адамдын аныктамаларын гана камтыйт, ошондуктан алар антропоцентрик. Бирок, буддизмде укуктун аныктамасы кеңири жана адам менен табияттагы

башка жандыктардын ортосунда эч кандай аралыкты койбостон, жаныбарларды, ал тургай өсүмдүктөрдү камтыйт.

Экинчи жагынан, адам укуктарынын аныктамасын адам гана жасайт. Бирок, буддисттик космологияда аны аң-сезимге алып келген башка адам эмес жандыктарга карата да жасалат. Демек, анын кеңири аныктамасы бар жана адамга тиешелүүлүк жагынан жогору турат.[5]

Буддизмдеги теңдиктин концепциясын төмөнкүчө жыйынтыктоого болот:

а- Кастага негизделген айырмачылыктарды четке кагуу жана адамдын мүнөзүнө басым жасоо.

б- Жалпы адамдык баалуулуктарды кабыл алуу (адеп-ахлак, башкалардын азап-кайгысын бөлүшүү инстинкти, эркин эрк, өзгөчө жөндөмдүүлүк.

в- Бардык макулуктардын, анын ичинде жаныбарлардын да бирдей тагдырга (азапка) баш ийиши.

г- Бардык жандыктар кардникалык мыйзамга жана кайра жаралуу мыйзамына/реанкарнация баш ийет. Бул ишеним буддизмдин теңдик түшүнүгүн аныктайт. «Дхамма» универсалдуу мыйзам – бул ар бир адам (атүгүл падышалар) баш ийүүгө тийиш болгон мыйзам. Ошентип, карма жана кайра жаралууну камтыган дхамма бардыгын бирдей кылган мыйзамга айланат.

д- Адамдын баалуу жандык экенине жана баарына бирдей урмат-сый менен мамиле кылуу (саманатата) деген ишеним. Бул касата системасына кирбегендерге же кылмышкерлерди дагы теңлик катары кароону талап кылат.

е- Негизги муктаждыктарды таануу жана ар бир адам үчүн өзүн-өзү өнүктүрүү мүмкүнчүлүгү.

**Христиан дининде адам укуктары**

Христиан дининде, иудаизмдегидей эле, адамдык баалуулук түшүнүгү ал Кудайдын бейнесинде жаратылган деген окуу менен айкалышкан. Анын күнөөкөр болуп жаратылганы да анын татыктуулугуна зыян келтирбейт. Ошондуктан, Космос адам жана кудайлык жандыктар үчүн жаратылган деп кабыл алынган. Орто кылымдардагы пантеисттик философиянын өнүгүшү адамды бир кыйла баалуу абалга алып келген. Ал эми адам Кудайдын затынын бир бөлүгү катары көрүлгөн.[6]

Католик чиркөөсү адамдын баалуулугуна жана анын Кудай алдындагы абалына баа берип жатып, аны табигый жана кудайлык деп эки жагынан карайт. Адамдын тыюу салынган жагы анын биологиялык жана психологиялык бөлүгүн, ал эми кудайлык жагы анын Кудайдан алган ырайымын көрсөтөт. Адам Кудайдын ырайымы менен гана баалуу жандыкка айланат. Адамдын табигый өңү түпкү күнөө менен сазга түшүп кетсе да, ал өзүнүн кудайлык жагы менен түбөлүк куткарылууга жетет.

Чиркөө узак убакыт бою адам укуктарын этибарга алган эмес, XIX кылымда чиркөө жалпы кызыкчылыктарды жана коомдук тартипти бузат деген доомат менен инсанды алдыңкы планга чыгарган адам укуктарынын либералдык түшүнүгүн четке каккан. Рим поптору адам укуктарынын ратификациясын, бул абсолюттук баалуулуктарды салыштырмалуу кылат деп кооптонуу менен кабыл алышкан эмес. Бул конфликт Кудайсыз цивилизациялуу дүйнө же эркиндиксиз христиан дүйнө катары да көрсөтүлдү.

Адам укуктары боюнча католик чиркөөсүнүн түп-тамырынан бери өзгөрүшү, Папа Жан/Jean XXIII жана II - Ватикан кеңешинде болгон. Мунун далили катары Рим папасынын **“Pacem in terris circular”** жана экинчи Ватикан кеңешинин **“Дин тутуу эркиндигинин

**декларациясы”** ар бир адамдын өз динин эркин тандоо укугун тааныйт. Бирок мурда католик чиркөөсүнүн адам укуктарына карата мамилеси терс болгондугун да көрүүгө болот.

Христиандыктын адам укуктарына көз карашын анын теологиялык негиздери жана тарыхый жүрүшү боюнча төмөндөгүдөй аныктоого болот.

Адам укуктары жөнүндө сөз болгондо түшүнүлө турган негизги элементтер эркиндик, теңдик жана коомдук турмушка катышуу болуп саналат. Катышуу да коопсуздук жана мүлк элементтерин талап кылат. Эгерде адам укуктарынын негизги структурасы ушул үч элементке кыскартылса, анда адам укуктары жөнүндөгү доктрина менен Инжил менен христиандыктын адамга болгон көз карашынын ортосунда гармония бар.

Адамдын кадыр-баркынын негизи анын Ыйык Китепте Кудайдын бейнеси боюнча жаратылгандыгына негизделет. (Таквин, 1/26). Демек, Кудайга каршы чыкпастан, акарат кылбай туруп, адам укуктарына кол салууга болбойт, анткени адам Кудайдын бейнесинде жаратылган, демек адам өмүрү ыйыкталган. Тооратта дагы адамдын канын төгүшү анын Кудай менен болгон мамилеси менен байланыштырылат: «Ким адамдын канын төксө, анын каны адамдын колу менен төгөт, анткени Кудай адамды өзүнө окшош кылып жараткан».[7]

Адамдын Кудайдын бейнеси боюнча жаралышы бардык адамдардын өз ара тең укуктуулугунун негизи болуп саналат. Демек, тавхид менен адам укуктарынын ортосунда олуттуу байланыш бар. Кудайдын бейнесинде жаратылган адам кылган күнөөсүнөн улам Кудайдын алдында укугун жоготкон, ал эми Мусанын шариятында, Аллахтын алдында өзүн актай албаган адам Ыйса Машайактын өлүмү жана тирилүүсү аркылуу кудайдын адилеттүүлүгүнө гана ээ боло алган. Диний жыйналыштан чыгарылгандарга/афороз жасаган мамилеси менен Ыйса ар бир адам, атүгүл күнөөкөр болсо да, Кудайдын алдында өзүнүн кадыр-баркын сактай турганын көрсөткөн.[8]

**Жыйынтык**

Жыйынтыктап айта турган болсок, реанкарнация ишеними терең жайылган. Ошондуктан алардын көпчүлүгү мурдагы жашоодо бир өсүмдүк же жаныбар болуп калышым мүмкүн же болбосо каза болгондор ал адамдын эң жакыны болуп калышы мүмкүн деп, бир гана адамдарга эмес, жаратылыш жана жаныбарларга дагы сый мамиле кылууга умтулушат.

Ошондуктан бул динде адам укуктары эле эмес, башка жандыктардын укуктары дагы каралган. Жадакалса, бул ишеним, сый урмат алардын күнүмдүк жашоосуна дагы кеңири түрдө сиңип, алар жаныбарлардын этин жебей калышкандыгын дагы байкоого болот. Себеби алардын түшүнүгү/ишеними боюнча ошол жей турган жаныбар мурдагы жашоодо анын тууганы болуп калышы толук ыктымал.

Ал эми, христиандар өздөрүнүн ишенимдерине ылайык Кудайдын кейпинде/бейнесинде жаралган макулуктар экендигин айтышат. Мына ошондуктан алар ар бир адамга Кудайдын кейпинден келгендиги үчүн урматтоого милдеттүү деп эсептелет.

Ошондой эле бардык адамдар бирдей, тең укуктуу экендигин дагы айтышат. Анткени менен аларда дин адамдары деген башкача айтканда рухбан адамдарды да көрүүгө болот.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Jacques Wardenburg, Des dieux qui se rapprochent, Genève, 1993.
2. Annemarie Schimmel, Dinler Tarihine Giriş, Ankara, 1955.
3. Joachim Wach, Din Sosyolojisi, 1st. 1995.
4. Arvind Sharma, "Ancient Hinduism as a Missionary Religion", Numen XXXIX/2 (1992).
5. C.Geffre, а.а.м.
6. C.M. Geer, "Cosmopony and Cosmology (Christian)", ERE, IV.

7. Таквин, 9/6.
8. Claude GeffrĞ, "L'Eglisd Cathelique et les droits de l'homme, de l'amatheme aa Ral-liement", Droits de.
9. THomme, Tunis 1985.

**Рецензент: Байдалиев Жумагул Рыскулович**

УДК 26 - 294.3

**Акпарали уулу Абдулла**
И. Арабаев атындагы КМУ, Теология кафедрасы, магистрант
**Акпарали уулу Абдулла**
КГУ им. И. Арабаева, кафедра Теологии, магистрант
**Akparali uulu Abdullah**
KSU I. Arabaeva, Department of Theology, master student

## БУДАНЫН ЖАНА ИСАНЫН ОКУУСУ
## УЧЕНИЕ БУДЫ И ИИСУСА
## THE TEACHINGS OF BUDA AND JESUS

**Аннотация:** Негизинен дин адам баласы пайда болгондон баштап эле бар болгондугу чындык. Чындыгында дин ишене турган бир система болуп, адептүүлүк адилеттүүлүк сыяктуу ички дүйнөгө тийешелүү нерселерди өз ичине камтыйт. Будданын дактринасын айтаардан мурун анын тарыхына киришүү жасай турган болсок Биздин заманга чейин VI кылымда Индиянын түндүк-чыгышында туулуп, Брахмандык формализмге жана анын каст системасына каршы чыккан, абстракттуу метафизикалык талкууларды четке кагып жан дүйнө сезимдерин тизгиндөө, адеп-ахлактык жактан тазалануу, адамдарды бирдей көрүү, адамдарды сүйүп, кам көрүү жана башка принциптерге негизделген буддизмге багытталган философиялык-теологиялык кыймыл деп атасак жаңылышпайбыз. Ал эми христиан теологиясын киришүү катарында түшүндүрө турган болсок, үчилтик түшүнүгү эч кандай объективдүү жагынан каралбастан, теологиялык байланыш формасы катарында жоромолдоого болот деп айта алабыз. Буга ылайык, Кудайдын жаратылыш менен болгон мамилеси жана дүйнөнү жаратуу жолу, үчилтикти түзгөн ата, бала жана ыйык рухтун ортосундагы мамилеге жараша калыптанган. Бул пикирде Теңир өзү жараткан пенделери менен байланыштырган бир сүйүү катары да, үчилтикти түзгөн адамдардын ортосундагы өз ара сүйүү мамилеси катары да түшүнүлөт.

**Аннотация:** в основном это правда, что религия существует с самого начала существования человека. На самом деле религия-это система, в которую можно верить, и нравственность включает в себя такие вещи, как справедливость и внутренний мир. Если мы сделаем введение в историю Будды, прежде чем говорить о его дактрине до нашей эры, можно с уверенностью сказать, что это философско-богословское направление, зародившееся на северо-востоке Индии и выступающее против брахманского формализма и его кастовой системы, которое отвергает абстрактные метафизические дискуссии, направленные на буддизм, основанный на принципах сдерживания эмоций души, морального очищения, равного взгляда на людей, любви и заботы о людях и т. д. Что касается христианского богословия в качестве введения, мы можем сказать, что понятие троицы можно интерпретировать как форму богословского общения, не рассматривая его с какой-либо

объективной точки зрения. Согласно этому, отношения Бога с природой и способ создания мира были сформированы в соответствии с отношениями между отцом, ребенком и Святым Духом, составляющими Троицу. Под этим мнением понимается как единая любовь, которую Господь связывает со своими создателями, так и взаимная любовь между людьми, составляющими Троицу.

**Annotation:** In fact, religion has existed since the very beginning of human existence. In fact, religion is a system in which one can believe, and morality includes such things as justice and inner peace. If we make an introduction to the history of the Buddha before talking about his daktrina BC, we can say with confidence that this is a philosophical and theological movement that originated in the northeast of India and opposes Brahman formalism and its caste system, which rejects abstract metaphysical discussions aimed at Buddhism based on the principles of restraint emotions of the soul, moral purification, an equal view of people, love and care for people, etc. As for Christian theology as an introduction, we can say that the concept of the Trinity can be interpreted as a form of theological communication without considering it from any objective point of view. According to this, God's relationship with nature and the way the world was created were formed in accordance with the relationship between the father, the child and the Holy Spirit, which make up the Trinity. This opinion is understood as a single love that the Lord connects with his creators, as well as mutual love between people who make up the Trinity.

**Негизги сөздөр:** Будда, Ыйса, Християн, Буддизм, Индуизм, дотрина.

**Ключевые слова:** Будда, Иисус, христиан, Буддизм, Индуизм, дотрина

**Keywords:** Buddha, Jesus, Christians, Buddhism, Hinduism, dotrina.

БУДАНЫН ЖАНА ИСАНЫН ОКУУСУ

Будданын коомдук окуусу Исанын окуусуна абдан окшош; Буддизмдин негизги темасы, христианчылык сыяктуу эле, бардык табият жандыктарына болгон сүйүү жана боорукердик; Анткени жашоонун азабы арноо жана урмат-сыйга муктаж. Бардык буддисттер тоодогу насаатты жакшы көрүшөт. Анткени ал жерде буддизмдегидей руху жакырлар, муңкангандар, жумшактар, адилдикке ачка жана суусагандар, жардамчылар, тынчтыкты сүйгөн, жүрөгү тазалар, адилдик үчүн кол салууга дуушар болгондор даңкталат. Ыйса бакытты убада кылган. Ыйса жөөттөрдүн диний эксплуатациясына, эки жүздүүлүгүнө жана бардык эксплуатациялоо каражаттарына каршы көтөрүлсө, Будда индуизмдин табияттан тышкаркы таңууларына, кудайларына, эксплуатация куралдарына, сыйкырчыларга, ырым-жырымдарга жана сыйынууларына каршы чыккан. Ыйсага окшоп, Будда шайтан менен жалгыз калган; Жамандыктын жана дүйнөнүн кожоюну Мара үч уулу (таң калуу, убаракерчилик, текеберлик) жана үч кызы (кумар, эрмек, суусуздук) менен Будданын азгырыкка көп аракет кылышкан, бирок ийгиликке жеткен эмес. Будда жашоо асманда эмес, жерде жашаш керек дейт. Нирвана бул жер эмес. Бирок адамдарды коркуу жана каалоолордон куткарып, жер бетинде боорукердик жана сүйүү менен жашоого, акыретти, рухту, кудайды эстебей жашоого түрткөн ой жүгүртүү жана ушундай жол менен Нирванага жетүүгө болот. Ыйса Машайак үчүн бул жашоону сүйүү, сүйүү менен толгон жаңы жашоонун эң сонун кириши. Ал жерде коркуунун изи да калбайт, сен өлгөндөн кийин түбөлүк бейишке жетесиң, анткени сен жүрөгүңдө Жаратканды уктуң дейт.

«Будда башка адамдардай эле өлдү жана башка буддисттер сыяктуу өрттөлдү. Ыйса айкаш жыгачка кадалгандан жана адамдарды баштапкы күнөөдөн куткаргандан кийин гана ал кудай катары тирилтилген; эгер ага ишенсең, сенин бардык жаман иштериң кечирилет, жаңы дүйнөгө жашоо, өлгөндөн кийин, жүрөгүңдө Ыйса ишенип реинкарнациясы жок

түбөлүктүүлүккө жетесиңер. Кыскасы, Будда эч кандай керемет көрсөткөн эмес, эч качан Кудаймын деп айткан эмес, кереметтерди жасаган эмес жана кайра тирилген эмес. Ыйса Машаяк тирилген жана Ал өзүн Кудай деп үч жүз жолу көрүнүп, көптөгөн керемет/мужиза көрсөткөн».[1]

Будда жер бетиндеги жашоонун кыйынчылыктарын жана көйгөйлөрүн жеңүү үчүн абдан жакшы психологиялык ыкмаларды калтырган. Ал жаңы динди табууга умтулган эмес; Кандай болгон күндө да диний терминологияга таандык кудай, рух жана өлгөндөн кийинки жашоо деген түшүнүктөр эч качан айтыла элек. Будда динди орноткон эмес, бирок ал тараткан система бийликтен, өзгөчө сыйынуудан, кудайсыз система болгон. Бул система менен Будда кереметти адамдын өзүнүн аракети жана эмгеги менен гана байланыштырган. Индуизмде фатализмдин изи да жок. Адам кудайга ишенбейт жана куткарылуу үчүн өзүнө гана ишениши керек.

Чынында, Будданын кылганы индуизмдин ырым-жырымдарына жана татаал жолуна каршы көтөрүлүш болуп, ал индуизмдин каста системасын, жыпар жыттуу заттарды, тартууларды, кудайларды, брахманы жок кылды. Балким, ушул себептен улам, буддизм бүгүн Индияда дээрлик көрүнбөйт. Гаутама ар дайым Нирвананын ыйыкталган абалын сүрөттөө милдетинен качкан жана акырет же кудай жөнүндө сөз кылуудан алыс болгон. Бирок Будданын жолун жолдогон буддисттер он жылдан кийин көптөгөн ыйык китептерди жана эрежелерди көптөгөн кудайлык адамдарга арналган ырым-жырымдар менен толтурулган диний системага айландырышкан. Алар орто жолдо, аскетизмден ашкан жана радикалдык монастизмдин катаал жолунун принциптери менен буддизмге каршы динди түзүшкөн.

Гаутаманын дисциплиналары Бодхисаттвалар (жардамчылар) катары пайда болуп, алар агартуу жана Нирвана багытында иштеген адамдар болуп калышты. Бирок Нирванага кирбестен, алар реанкарнация жолу менен жерге кайтып келишти жана артыкчылыктын, күчтүн жана акылмандыктын топтолушун алып келишти. Эми алар ыйыктарга окшоп, кудайлардай сыйынышчу. Албетте, биринчи Боддхисаттва Будданын өзү болгон. Көптөгөн каада-салттар Буддадан кийин жана реанкарнациядан кийин, акыркы Нирвана менен, ошондой эле жоктук, жоктук маанисинде жашоонун абалы менен колдонулат. Бул асман эмес, бирок индуизмдеги Мокша сыяктуу идентификациясыз, океандагы суунун тамчысы сыяктуу, өздүк катары көрүнбөйт, эч бир денеде көрүнбөйт; сенин бардыгыңдын өзүңдөй аң-сезими да жок; толук жоктукта Нирванага жетишүү гана бар.

Будда өзүнүн “Бенарестин насаатында” айткан “Акыл жолу” принциби жана аны толуктап турган төрт акылдын эң негизгиси медитация: Анын системасы жөнөкөй жана жеңил; Анын айтымында, бул сегиз адамдын жашоосунда агартууга жана нирванага алып баруучу кадам жолу.[2] Бирок азыр бул оңой. Бул дин кызматчылар менен кечилдер агартуу жана нирвана жолунда талыкпаган эмгектин убадасы менен аткара турган буйруктардын жана тыюулардын жыйындысы болгондуктан эмес, абсолюттук баш ийүү, бойдокчулук жана өмүр бою жакырчылык; Ошентип, брахман коомунун уйкусуздугу, ачуулануунун, шектенүүнүн жана таң калуунун кайтып келиши жана натыйжада Будданын провокациясы пайда болду.Чындыгында, Будда эч качан кудай деген сөздү айткан эмес, бүгүнкү күндө Махаяна буддисттери Бодхисаттвалар кудайлардай болгон .Исадан кийин Ыйык жер түшүнүгү пайда болгон, Будданын, анын энесинин жана кудайы Тара жана миллиондогон шамдарды даңктаган Ыйык Инсандар, урматтоо үчүн жыпар жыттуу зат түтөтө баштаган. Будда дин кызматчылардын ашкере жолунан баш тарткан. Азыр ыйык кызмат кылуучулар өтө экстремалдык жол менен жүрүшөт. Жокчулуктун анты, кайырчы табак, кызыл кийим, шафран, оюлган баштар; колунда сыйынуучу вымпелдер, сыйынуу дөңгөлөктөрү, сыйынуу теспелери;

кудайлар үчүн жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү, көп ритуалдар бүгүн саат жебеси боюнча ибадаткананы айланып өтүү менен жүзөгө ашырылат.

Алар эволюциянын он жолун аныкташкан. Булар: берешендик (дана), чынчылдык (сила), баш тартуу (некхамма), акылмандык (панна), энергия (вирия), сабырдуулук (ханти), чынчылдык (sacca), туруктуулук (адхиттана), боорукердик (метта), кыраакылык. (упеккха). Эволюциянын бул жолунда берилген адамды беш тоскоолдук күтүп турат: бул жер. дене (рупа болуу) суудан, оттон жана шамалдан турат. бакыттын ортосундагы толкун, сезим дүйнөсү (ведана), ички жана тышкы факторлор биздин ички жана тышкы дүйнөбүздү формалдаштыруу (ички факторлор: көз, кулак, мурун, тил, дене, ой; тышкы факторлор: көрүнгөн, үн, жыт, даам, тийүү жана психикалык объект) Натыйжада азап, таанып-билүү (самжна), эрк (самскара: алты сырткы көрүнүшкө болгон каалоонун натыйжасы) жана аң-сезим (vijnana: көрүү аң-сезими болуп саналган алты тышкы нерсенин өзгөчөлүктөрүн түшүнүү жана түшүнүү , угуу аң-сезими, жыт сезүү аң-сезими, даам сезүү аң-сезими, тийүү аң-сезими жана аң-сезим. тышкы объектти аңдоо). Мындан тышкары, бар болуу жана инкарнация алдындагы коркунучтар төмөнкүчө: Айла, айла, кыял жана түш; башкача айтканда, өзүнүн кыялы жана адашуусу. шектенүү жана шектенүү жана ишенбөөчүлүк. Болмуштун үч негизи – туруктуулук (аника), өкүнүү (дукка) жана альтруизм (анатта).[3]

Буддизм 20-кылымда кеңири формалдуу вариантын көрсөткөн. Мисалы, Тибеттеги жиндерге сыйынуу Япониядагы Сока Горкардын жаңы варианты менен улуттук социализм культу катары пайда болгон; Бирок буддизмдин Хинаяна жана Махаяна секталары көбүрөөк үстөмдүк кылат. Махаяна улуу жолдун окуусун алдын ала айтат жана Будда бардык адамдар үчүн куткаруучу деп эсептейт. Будда өзүн «куткаруучу адам» деп эсептесе да, Махаяна «Кун алуучу кудай» концепциясын иштеп чыккан. Будда жер бетинде 45 жыл жашап, Нирванага жетип, андан кетүүнүн ордуна адамзатты сактап калуу үчүн калууну чечти. Ошентип Будда жана анын башка Буддалары адамзаттын куткаруучулары болуп калышты жана бүгүнкү күндө адамзат бул куткаруу жолуна эң ишенимдүү чакырылган. Хинаянада болсо Эски Акылмандык көз караштары өзгөчөлөнүп турат. Булар Будда Нирванага жеткенден эки жүз жыл өткөндөн кийин пайда болгон. Теравада менен Махаяна Буддага карата түп-тамырынан бери айырмаланат. Теравада (Будданын өзү айткандай) Будданы мугалим катары гана карайт.[4] Махаяна Будданы Кудай катары көрсөтүп, аны «Шайтан Куткаруучу» деп атаганы Махаяна буддизмин популярдуу эмес кылып,бүгүнкү күндө чечилгис кырдаал.

Андыктан, «Бардык өзгөрүүлөргө жана метаморфоздорго карабастан, ал адамзаттын муктаждыктарына кандай жооп берет?» деген суроону өзүбүзгө беришибиз керек. Буддизм кайда барбасын, адамдардын адеп-ахлагы көтөрүлүп, чынчылдыкка үндөп, жыныстык адеп-ахлак жана кадыр-барк үстөмдүк кылат деп ырастаган. Башка жагынан алганда, буддизм согуштары жана өзөктүк курал колдонгону үчүн христиан Батышты сындаган. Бирок, акыркы кылымдарда Түштүк-Чыгыш Азияда болуп өткөн согуштарды буддист монахтар унутуп коюшса да көрмөксөнгө салуу мүмкүн эмес: 900-жылдары Тибетте бийлик жүргүзгөн Ланг Дарма дин кызматчы тарабынан өлтүрүлгөн; 11-кылымда Бирманын падышасы Анурудда коңшу өлкөнүн падышасы Татанга согуш ачкан. Кайрадан бирмалыктар 1930-жылы Сая Сандын жетекчилиги астында англичандарга каршы көтөрүлүшкө чыгышкан.

Буддизм азапты жок кылат деп ырастайт; бирок бул коомдук турмушта эч кандай коомдук активдүүлүк болбогондуктан, ал башкалардын көйгөйлөрүн чечүү жөнүндө ойлонбойт, жашоого болгон буддисттердин көз карашы фаталист, анткени жашоо азаптуу. Ар бир адам башкаларды ойлобостон, өзүнүн куткаруу жолун табышы керек. Бул көз караш христианчылыкка каршы. Будданын өлүмүнөн беш кылым өткөндөн кийин, Ыйса жашоонун

батасы жана жыргалчылыгы менен келди. Будда куткарылуунун жолун таптым десе, Ыйса ал жол деп айткан. Бул эки аргументти кантип салыштырышыбыз керек? Бул макаланын максаты Будда жана анын кабарын ачып берүү болуп саналат. Бирок, көрүнүп тургандай, Будда жана Иса сыяктуу эки тарыхый инсандын наарazылык жүрүм-турумундагы жалпы окшоштук таң калыштуу.

**Колдонулган адабияттар:**


1. http;//religion-cults.com/Eastern/Buddhisrn/budis.html.Son güncelleştirme:25.04.2022.
2. File://A:/Peoria Buddhist Studies Group.html. Tan Chade Meng, Right and Perfect Paths.
3. File://A:/Buddhist Religious Life.htm. Buddhist Texts, Texts and Tales.
4. hllp://www.accesstoinsight.org/theravada.html. 26.04.2022. John Bullitt. The ravada Buddhism.
5. Өскөнбай Зууридинов, Буддизм жана анын Орто Азиядагы өтмүшү, Ош мамлекеттик университети Теология факультетинин илимий журналы 2020 29-саны 2020.
6. Ali İhsan Yitik. "Budizm"/Yaşayan Dünya Dinleri. Edit. Şinasi Gündüz. – Анкара: DİB.
7. Ekrem Sarıkçıoğlu. Başlangıçtan Günümüze Dinler Tarihi. –Isparta: Fakülte Kitabevi, 2004.
8. Anukul Chandra Banerjee. "Buddhism- Its Contribution to Indian Culture"//Bulletin of Tibetology. №3. – India: Sikkim Research Institute of Tibetology, 1981.
9. Sarıkçıoğlu. Başlangıçtan Günümüze Dinler Tarihi.


**Рецензент: Байдалиеев Жумагул Рыскулович**

УДК: 297.18


**Алишерова Сагынбүбү Амангуловна**
И. Арабаев атындагы КМУ, теология кафедрасы, магистрант
**Алишерова Сагынбүбү Амангуловна**
КГУ им.И.Арабаева, кафедра теологии, магистрантка
**Alisherova Sagynbubu Amangulovna**
KSU I. Arabaeva, Department of Theology, master student


## ЫЙЫК КУРАНДА АЯЛЗААТЫ ЖӨНҮНДӨ АЙТЫЛГАН НАСААТАР ТУРАЛУУ
## НАСТАВЛЕНИЕ ЖЕНШИНАМ В СВЕШЕННОМ КНИГЕ КОРАН
## ADVICE TO WOMEN IN THE HOLY BOOK OF THE QURAN


**Аннотация:** Илимий макалада жалпы аялзаатына болгон мамиледе пайгамбарыбыз Мухаммад САВ дын насааты жана айткан кеңештерин камтыйт .

**Аннотация:** Научная статья содержит советы и наставления Пророка Мухаммада (мир ему и благословение) в отношении женщин в целом.

**Annotation:** The scientific article contains the advice and guidance of the Prophet Muhammad (peace and blessings be upon him) in relation to women in general



**Ключевые слова:** Куран, хадис, знание, воспитание, нравственность.

**Негизги сөздөр:** Куран, хадис, илим, тарбия, адеп-ахлак.

**Key words**: Quran, hadith, knowledge, education, morality.


Азыркы коомдогу кыз баланын орду жөнүндөгү маселе акыркы убакта эң негизги маселелердин бири болууда. Анткени байыртадан эле көчмөн кыргыз эли кыздарга өзгөчө сый урмат көрсөткөн үчүн алар дайыма камкордук көрүп келген.

Бүгүнкү күндө көпчүлүк кыздарыбыз мектептерде, жогорку окуу жайларда окуп билим алышып өнүкөнгө кадам коюшат. Коомдогу массалык уюмдардын активдүү катышуучулары, экономикалык, билим берүү, медициналык жана саясий долбоорлорго катышууда. Алар ошондой эле кайрымдуулук иш-чараларына жана социалдык кызматтарга жардам берүүгө аракет жасоодо.

Бирок тилеке каршы кээ бир убактарда кыз балдарга көңүл бурулбай келет. Ошонун кесепетинен кыздарыбыз мектепти бүтпөй кара жумушта иштеп калууда.Үй- бүлөсүнө жардам берүү максатында чет өлкөлөргө кетүүгө мажбур болушууда.

Байыртадан ата- бабаларыбыз кыз баланын тарбиясына өзгөчө маани берип:
“Улутуңду сактайм десең кызыңды тарбияла,
Тегиңди сактайм десең уулуңду тарбияла” -деген ата сөздөрүн айтышкан.

Алсак,кыз бала төрөлгөн күндөн тарта аны өзгөчөлөп бакканга аракет кылышкан. “Кыз- кызыл алтын”,”Кызы бардын,назы бар”,-дешип,кыздарды босогого отургузбай,төргө отургузуп:”Босогого отурсаң,кедей болуп калабыз,жогору отур,сенин ордуң тордө”,-деп кызды аябай сыйлап келишкен. Кыз баланын бул жашоодогу орду зор мааниге ээ.

Кыз балдарды тарбиялоо эркек балдарга караганда өтө назик,өтө кылдат мамилени талап кылат.

Себеби кыздар келечектеги энелер,улуттун тукумун улантуучулар болуп эсептелет. Алар кандай өсүп жетилет,кандай чөйрөдө кандай тарбия алып жатышакандыгы эске алыныш керек.

“Кыз адеби-баарынан кымбат” Окуучу кыздар арасында бүгүнкү күндөгү өөрчүп бараткан кылмыштуулук бир эле класс жетекчисинин, мугалимдердин, мектептин, ата-эненин көйгөйу эмес,бул жалпы коомдун оорусу, көйгөйү. Бекеринен,бир балага кырк кошуна жооптуу,деп даанышмандар айтышпаган. “Кызга кырк үйдөн тыюу”,-деп, энелер кызынын чачын өрүп жаткан учурда таалим-тарбия, журүм-турум, адеп-ахлак тууралуу кызынын кулагына кумдай куюп, ар бир өрүмүндө атанын мурасы, эненин намысы “өрүлгөн чачтай” бекем болушун уктурушкан. Бирок бүгүн мына ушундай таалим-тарбия толук берилип жатабы? Кыз баланын, аял затынын ээлеген орду, азыркы коом кандай каралып жатат?
“Кыз кылыгы менен кымбат”деген кеп бар. Ооба, бул айтылган сөз тээ илгертен бери ооздон-оозго айтылып келгенине турмуш өзү күбө.

“Кыз бала үйдө конок” деп дагы айтылат. Анткени кыз бирөөнүн бүлөөсү экени баарыбызга белгилүү эмеспи. Андыктан “кыз” деген үч тамгадан турган улуу сөзгө ар бир кыргыз кызы татыктуу болгону абзел. Кыз бала көчөдөн керилип, созулуп басып келе жатканы эмне деген кооздук, эмне деген көркөмдүк, эмне деген сулуулук жана сөз менен айтып жеткизе албаган кандайдыр бир касиет жатканына эч ким каршы сөз айта албайт. Ар бир чыгармачыл адамдар жаз гүлүндөй кулпунган кыз балага эмне деген гана арзуу ырларын арнабады, сүрөтчүлөр ойго келбеген сүрөттөрдү тартып, кыздын улуулугуна баа берип келгени жалганбы? Албетте кыз кылыгы менен жана өзүнө жарашыктуу уяң мүнөзү, аруулугу, кылык жоругу, тоо булагындай кулакка жагымдуу угулган шыңгыр күлкүсү, назик үнү, өрүлгөн чачы, денесин жапкан кийими, сыпаалыгы менен сөз жетпеген сыйга татыктуу болуп келгенин ким тана алат. Илгери кыздар жүктүн бурчунда ийменип сайма сайганы, үндөрүн өктөм чыгарбай сыпаа жана тартынчаак болуп, кыз каадасын сактап келгени эмне деген бийик сапат эле. Ал эми өзгөчө кайран союз тараганы биз ириде кеп кылган “кыз” деген улуу сөзгө көлөкө түшүргөн кээ бир кыздардын жоосунсуз жоруктары азыркы турмушта кездешпей койбойт. Эмнегедир барган сайын жеңил ой кыздардын саны арбып баратканы, албетте өкүнүч тартуулайт.

Оозду чоюп орусча сүйлөп, чылымды чычайтып чегип, кооз сөздөр менен сүйүүнү барктаган биздин элде качан болду эле. Качан кыз баланын көзүнчө балдар жагымсыз кулакка жат сөздөрдү айтышчу эле. Качан кыз бала абаратын көргөзгөн кийим кийчү эле. Балким ошол жеңил кийим кийген жаман адат, болгон кыздардын жана аял затынын дарегине доо кетирип, көчөдөгү ыпластыктар күчөдүбү? – деген дагы ой пайда болбой койбойт экен.
“Кыздуу уйдо кыл жатпайт” деп, кыздарды тазалыктын, сарамжалдуулуктун, тыкандыктын сакчысы катары сыпаттап келишет.

Бабаларыбыз кызга өзгөчө маани берип, "Кыргыз кызын сыйлайт" деген улуу салт бар тура, көрсө. Ошондо да Кыз Сайкал, Жаңыл Мырза өңдөнгөн баатыр кыздар, ошондой эле Каныкей, Айчүрөк, Зулайка, Айганыш сыяктуу аруулуктун, асылзаадалыктын үлгүлөрү жомокко айланган чыгар. Ошого жараша кыздарга да өзгөчө талап коюлуп, "Жакшы кыз - жакадагы кундуз", "Кызга кырк үйдөн тыюу" деп, алардын аялуу асылдуулугун аздектешкен. Кыздар да адебин сактап, өз баасын бийик кармашкан эле деп, тамшанып калат улуулар...

Исламда аялдын орду чоң. Исламда аялга кайдыгер кароого болбойт. Аллах Таала эркектердин таза жыныстагыларга болгон мамилесин көзөмөлдөп, аларга татыктуу мамиле кылууну буйруган:” Ниса сүрөсүнүн 1-28 чи аятка чейин кенири айтылган”.[1]
«Алланын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:«Аялдарга жакшы мамиле кылгыла (б.а. аларга эң жакшы мамиле кылгыла, аларга зулум кылбагыла, укуктарын сыйлагыла, урматтагыла, жакшылыкка багыттагыла..).-хадисинде[2]
Исламдагы аялдын абалынын эң жакшы көрсөткүчү Куран жана Мухаммед пайгамбардын (саллаллаху алейхи васаллам) сүннөтүндө аялдын чыныгы абалын жана бийиктигин көрсөткөн:

Бир жолу Мухаммед пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам) сапарда жүрүп, төө минген бир нече аялды көрүп калат. Айдоочу мындай жүрүш аялдарга чоң ыңгайсыздык жаратканын унутуп, жаныбарларды өтө ылдам айдап кеткен. Ошондо Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын салам-салаваты болсун): «Сен хрустал кутуларды көтөрүп жүрөсүң, алардан абайла!» - деди.

«Кыздар мээримдүү, берекелүү макулуктар. Кимдин бир кызы болсо, Аллах Таала аны тозок отунан тосмо кылат. Кимдин эки кызы болсо, алардын аркасы менен Бейишке кирет. Үч кызы же сиңдиси болгон, ага кызындай болгон, багып, багып жүргөн адамдан зекет милдети алынат.

Пайгамбарыбыз Мухаммад (саллаллааху алайхи ва саллам) айтты: «Уулуңа сүйүнүп карасаң, бул сага жакшылык, ал эми кызыңа кубануу менен карасаң сооп деп жазылат. Кыздарыңардан баштагыла, анткени Алла Таала аларга назик жана жумшак.

Пайгамбарыбыз Мухаммад (саллаллааху алайхи ва саллам) айтты: "Кыз бала төрөлгөндө, Алла Таала ал жерге периштелерди жиберет жана алар: "Силерге тынчтык болсун, бул үйдүн тургундары!" Анан периштелер төрөлгөн кызды канаттары менен жаап, башынан сылап: «Алсыз денеден кандай алсыз, алсыз чыкты. Эгер атасы аны чоңойтсо, кыяматка чейин ага Алланын жардамы болот” (ат-Тарбани).[3]

Кыргыздын белгилүү актрисасы Жамал Сейдакматова: “Табиятынан кыз бала назик жан.Биздин убакта кыздар табиятынан назик болушуп, оронгогонду билишпейт болчу. Азыркы заманда кыздардын кылыгы да башкача болуп кетпедиби. Кыздарыбыздын көпчүлүгүнүн жүрүш-турушу эркекке окшоп калды. Табиятынан кыз бала назик жан болуп, мырзаларга жасаган мамилеси жылуу-жумшак болушу шарт. Бекеринен аялзатын үйдүн куту дешпейт да. Жолдошунун сөзүн эки кылбай, балдарына таалим-тарбия берип, ысык чайын, даамдуу тамагын дарсторконго жая коюп, жолдошун тосуп алса, мына ошондо аялдын мээрмандыгы билинет. Илгери кыздарды аябай катуу кармашчу да, тамак ичкенде акырын, үнүбүздү чыгарбастан иччүбүз. Ошол убакта табигый косметикаларды колдонор элек. Биздин

замандагы мырзаларыбыз кызга ашык болуп калса, тердеп-кургап кат жазышчу, атайын өзүнүн почточусу болор эле. Кудум "Эрте келген турналар" тасмасындагыдай, Султанмурат менен Мырзагүлдүн сүйүүсүндөй болчу. Жүзаарчыга сүйүктүүсүнүн атын жазып, ортомчу жеңелер аркылуу берип жиберишчү. Анан бир-бирине жылдызы келишсе, жолугушуп сүйлөшүп, үйлөнүшөр эле. Мындай сүйүү эми азыркыларга жомок болуп калды да”.-деп эскерет.[4]

Кыргыз Эл артисти Саламат Садыкова:” Батыштын жапайы адаты тумоодой каптап кетти. Азыркы кыргыздын кыздары... Албетте, ыймандуу, адептүү кыздарыбыз да толтура. Бирок ошентсе да, маданиятты таратуу милдети башында турган айрым алып баруучу жаштарыбыз жөнүндө азыноолак айтып кетким келет. Атайын жаштарга арналган каналдар ачылбадыбы. Ошондогу жаш алып баруучу кыздарды көрүп алып ушунчалык иренжийм. Обу жоктонуп, себепсиз жалжактап күлө берет, мына ошондон азыркы кыздарда нарк кетип жатпайбы. Анткени, көкүрөгүндө руханий байлыгы жок.

Илгертен айтылган "Кызга кырк үйдөн тыюу" деген бар болчу. Мектептен баштап ийменүү деген болор эле. Мейли улуу киши болсун, мейли кичүү киши болсун, алардан кымырынып-кымтынып,турчубуз.

Будда өзүнүн ишениминин пайдубалына кудай түшүнүгүн, жаратуучуну койгон эмес. Алар иудаизмдеги көп кудай түшүнүктөрүнө каршы чыкканы менен өздөрүндө кудай түшүнүгү орун алган эмес. Будда өз окуусунда мындай кайып (белгисиз) иштер менен алектенбегендиктен, ал адамдын бул дүйнөдө бактылуу болушуна карата кам көргөн. Будда эч качан кудайды четке каккан сөздөрдү айтпаганы жана ошондой эле кудайды кабыл алганы тууралуу эч кандай так маалымат жок . Ушул себептен, анын кудайга болгон көз карашы тууралуу так бир нерсе айтуу мүмкүн эмес. Будданын айтымында, эгер адам бул дүйнөдө Нирванага жеткен болсо, анда ал кудайды өзүнөн таба алат. Будда кудайды/жаратуучуну тышкы күч катары эмес, адамдын маңызынын бир бөлүгү катары көрөт, ошондуктан ал кудайдын ордуна Нирванага басым жасайт.[4] Бирок, Будда өлгөндөн кийин пайда болгон пикир келишпестиктердин натыйжасында секталар пайда болуп, кээ бир секталар Будданы кудайлаштырганга чейин барышкан.

Будданын өзү, анын шакирттери брахманизмдин ыйык тексттеринде иштелип чыккан сансара – кайра жаралуу принцибин, карма – жазмыш идеясын, дхарма – туура жол түшүнүктөрүн колдонушкан. Буддизмде Кудайдын дүйнөгө, адам жашоосуна таасир этиши же болбосо адамдын жеке тагдыры сырткы күчтөрдөн көз каранды экендиги жөнүндө идеялар четке кагылат. Тагыраак айтканда, жамааттуулуктан четтеп, индивидуалдуулукка басым жасалат. Буддисттер адам жеке аракети менен сансарадан чыгып, тагдырын жана жазмышты өзгөртө алат деп ишенишет. Мындан сырткары коомдогу таптык, улуттук жана социалдык ар түрдүүлүк экинчи мааниде каралып, адамдарды Будда көрсөткөн жолго түшүүгө, өзүн-өзү өркүндөтүүгө, нравалык дараметине өзгөчө көңүл бөлүнөт.

Бул динге табынгандар буддаларды ар дайым бардык нерселерден жогору турат, алар психикалык жактан башка адамдардын оюна кирип, адамдардын ар биринин касиеттеринин өзгөргөндүгүн билишет деп эсептешет. Учуп жүрүү, суу үстүндө басуу, көрүнбөй калуу сыяктуу кереметтүү күчкө ээ деп ишенишет.

Буддизмдин негизги принциптери Бенарес осуяттарында камтылган. Будда материалдык байлыкка азгырылууну, жашоого кумарланууну жана ашкере такыбалык менен өз организмине ашыкча чектөө коюуну туура эмес деп эсептеген. Бул нерселерден баш тартуу менен Будда ички кунт коюуга, жогорку акылмандуулукка, арууланууга, нирванага алып келүүчү ортоңку жолду сунуш кылган. Буддизм окуусуна ылайык, жашоо материалдык эмес бөлүкчөлөрдөн турат. Алар дхармалардын тынымсыз агымынын жана өз ара байланыштарынын натыйжасында пайда болот. Ар бир жаңы жашоо мурдагы жашоонун уландысы, тагыраак айтканда жашоо тынымсыз кайра жаралуудан турат. Ал эми кайра жаралуу карманын – жазмыштын мыйзамдарына баш ийет. Жашоодогу жүрүм-турумдун оң жана терс жактары кийинки кайра жаралуунун абалын аныктайт деп санашат. Кайра жаралуунун түгөнбөгөн чынжырчасы (сансара же жашоо айлампасы) үзгүлтүккө учурашы мүмкүн жана аны үзгүлтүккө учуратууга бардык адам умтулушу керек. Бул абал нирванага жетүүнү түшүндүрөт.

Буддисттер ар бир тирүү жандык ар кандай абалда - рух катары, адам катары, жаныбар катары, кудай катары жаралышы мүмкүн деп ишенишет. Кайра жаралуунун айлампасынан чыгуунун эки шарты бар деп эсептешет. Биринчиси – «жогорку акылмандыкка» (мыйзамды билүү) ээ болуу, экинчиси – Будданын жолун жолдоо жана тунуу (медитация).
Ушул шарттарды аткарган буддист материалдык дүйнөгө көз каранды эмес ыйык адамга айланып, өлгөндөн кийин да нирванага жете алат деген пикирде.
Тарыхый эволюциянын жана өнүгүүнүн негизинде буддизмде эки негизги багыт калыптанган. Алар хинаяна (кутулуунун тар жолу, чоң айлампа) жана махаяна (кутулуунун кең жолу, кичи айлампа) деп бөлүнөт.

Хинаянада кутулуунун жолу сангхага мүчө болуу аркылуу өткөндүктөн кечил болууга, жамааттык билимге басым жасалып, диний ырым-жырымдар жана жөрөлгөлөр салыштырмалуу жөнөкөй. Ашкере такыбалык хинаяна үчүн мүнөздүү көрүнүш. Махаянада жөнөкөй адамдар (кечил эместер) кутуулунун жолун бодхисаттвалардын жетекчилиги жана жардамы аркылуу таба алышат. Ага ылайык сыйынуу, адам психикасы, анын жан дүйнөсү, аалам, космос, жогорку рухтар менен байланышып, ырым-жырымдар, жөрөлгөлөр татаалдаштырылган.

Будда окуусу чань буддизм, дзен буддизм, ламаизм сыяктуу агымдардан турат. Булар бири-биринен адамдардын жашоо образы, көз карашы, нирванага медитация, йоганын жардамы менен кандай таризде жетүү өзгөчөлүктөрү, күнүмдүк убарагерчиликтен бошонуунун айрымачылыктары, устаттын (гуру), ду балардын жана тексттердин (мантра) ролу менен айрымаланып турушат.[5]

Бул ишеним Чыгыш коомуна гана мүнөздүү болгон, өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү менен[6] башка диндерден принципиалдуу түрдө айырмаланат. Бирок Индияда пайда болгонуна карабастан, ага ишенген адамдардын көпчүлүк бөлүгү Индиядан башка жерлерде жашашат. Дүйнөлүк чоң диндердин катарына кошулган Буддизмдин алты жүз миллиондон ашуун тутунуучусу бар. Буддизм азиялык дин катары сыпатталып, анын жолун жолдоочулардын 99% Чыгыш Азияда жашайт. Бирма, Бутан, Лаос, Шри-Ланка, Жапония, Кытай, Тайвань, Корея, Вьетнам жана башка мамлекеттерде буддисттер басымдуулук кылат. Ал эми Таиланд, Камбоджа, Мьянма өлкөлөрүндө буддизм мамлекеттик дин болуп саналат.

Индокытай жарым аралынын кээ бир өлкөлөрүндө буддизм дини жана этикасы дүйнөбий (светтик) билим берүү мекемелеринин окуу программаларына да киргизилген.
Дүйнөдөгү буддисттер регионалдык жана эл аралык бирикмелерге ээ. 1950-жылдан тартып буддисттердин "Бүткүл дүйнөлүк бир туугандык уюму" түзүлүп, иш жүргүзүүдө. Анын баш кеңсеси Бангкокто (Таиланд) жайгашып, дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө борборлору бар. Ал эми Шри-Ланканы буддисттер үчүн ыйык деп айтууга болот. Бул шаарда жалпы буддисттер үчүн ыйык деп саналган бир катар храмдар, кечилканалар же алардын урандылары, буюмдар сакталып калган. Шаарга жыл сайын башка өлкөлөрдөн зыярат кылууга миңдеген буддисттер келип турушат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Б. Мурзараимов, Диндер Тарыхы, Ош-2016-ж. 75-б.
2. Н. Унал, Буддизмдин Орто Азияга таралышы жана түрк маданиятына тийгизген таасири, Измир 2021-ж., 15-б.
3. Б. Мурзараимов, Диндер Тарыхы, Ош-2016-ж. 73-б.
4. И.Н. Яблокова, История религии - Москва 2015г.
5. Н.У. Курбанова, Ч.Ж. Карасартова, А.К.Бектемирова, М.Э. Жумабаев. Дин таануу – окуу куралы, Бишкек 2020-ж.
6. Гуннский А.Ю. Женщины в раннем буддизме (по материалам палийского канона) [Электронный ресурс]. URL: https://dhamma.ru/lib/authors/gunsky/women.html.

**Рецензент: ф.и.д., профессор Утуров К.**

УДК: 299.5

**Мендибаев Нуратбек Мендибаевич, Жусубалиев Сүйүмбек Абдираевич**
И.Арабаев атындагы КМУ, теология кафедрасы, доцент,
И.Арабаев атындагы КМУ, теология кафедрасы, магистранты
**Мендибаев Нуратбек Мендибаевич, Жусубалиев Сүйүмбек Абдираевич**
КГУ им. И.Арабаева, кафедра теологии, профессор
КГУ им. И.Арабаева, кафедра теологии, магистрант
**Mendibaev Nuratbek Mendibaevich, Zhusubaliev Suyumbek Abdiraevich**
KSU them. I. Arabaeva, Department of Theology, Professor
KSU them. I. Arabaeva, Department of Theology, master student

## БУДДИЗМДИН ОРТО АЗИЯГА ЖАЙЫЛЫШЫ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ МАДАНИЯТКА ТИЙГИЗГЕН ТААСИР
## РАСПРОСТРАНЕНИЕ БУДДИЗМА В ЦЕНТРАЛЬНОЙ АЗИИ И ЕГО ВЛИЯНИЕ НА МЕСТНУЮ КУЛЬТУРУ
## THE SPREAD OF BUDDHISM IN CENTRAL ASIA AND ITS INFLUENCE ON LOCAL CULTURE

**Аннотация:** бул макалада Орто Азияга буддизм дининин таралышы жана бул диндин жергиликтүү маданиятка тийгизген таасирин ачып берүү. Ошондой эле, Орто Азияда жашаган калктардын диний жашоосуна буддисттердин тийгизген таасирин аныктоо, жакындан таанууга жана түшүнүүгө салым кошуу.

**Аннотация:** в данной статье раскрывается влияние распространения буддизма в Центральной Азии на эту религию и местную культуру. Также выявить влияние буддистов на религиозную жизнь народов Средней Азии, способствовать более близкому знакомству и взаимопониманию.

**Annotation:** this article reveals the influence of the spread of Buddhism in Central Asia on this religion and local culture. Also to reveal the influence of Buddhists on the religious life of the peoples of Central Asia, to promote closer acquaintance and mutual understanding.

**Негизги сөздөр**: будизм, Орто Азия, кыргыздар, түрктөр, жибек жолу, маданият.

**Ключевые слова:** буддизм, Средней Азии, кыргызы, турки, шелковый путь, культура.

**Key words:** Buddhism, Central Asia, Kyrgyz, Turks, Silk Road, culture.

Индиялык диндердин бири болгон буддизм, б.з.ч. VI кылымда Индиянын түндүгүндө пайда болгон. Негиздөөчүсү Сидхарта Гаутаманын (563-483) окуусу менен калыптанган бул дин убакыттын өтүшү менен универсалдуу мүнөзгө ээ болгон.

Чыгыш менен батыш цивилизациясын бириктирген Жибек жолу Борбордук Азиянын чок ортосунан өтөт, ошондуктан бул жолдун багыты аймактын диний, саясий жана маданий карым-катнаштары үчүн абдан маанилүү. Бул аймакта көптөгөн түрдүү улуттар жана маданияттар кылымдар бою өз жашоосун улантып, жибек жолунан пайдаланышкан. Индиянын түндүгүндө пайда болгон Буддизм дини б.з.ч. III кылымдан баштап Жибек Жолу боюнда жашаган калктарга тарай баштаган. Бул жолдун тегерегинде көчмөн же отурукташкан көптөгөн түрк уруулары жашаганы белгилүү. Бул чөлкөмдө Буддизмдин активдүү болушу ар бир мезгилде, өзгөчө Чыгыш Түркстандагы Турфан, Куча, Хотан, Кашгар сыяктуу шаарларда таасири сезилген.

Борбордук Азия, Азия континентинин эң маанилүү аймагы. Анын жайгашкан жери ар дайым башкалардан бөтөнчөлөнүп жана бул аймак көп жагынан өзгөчөлөнүп турат. Маданият жагынан Жибек жолунун борборлорунун Борбордук Азияда болушу ар түрдүү цивилизациялардын таанылышын тездетип, түрдүү идеялардын/идеологиялардын бири-бирине өтүшүн камсыз кылган. Башкача айтканда, Борбордук Азиянын буддизм менен таанышкандыгынын эң негизги себептеринин бири – Жибек жолу.

Жибек жолунун түштүк жана түндүк жолдору Кытай чек арасындагы Юмен (Yumen) деп аталган чекитте кесилишет. Бул буддизмдин эң белгилүү окуу борборлорунун бири Дунхуанга (Dunhuang) жакын. V-VIII кылымдарда буддист монахтарынын (кечил) Кытайга сапары учурунда аймактагы тоолордун чокуларына сыйынуу жана эс алуу үчүн курулган храмдар Иран, Бактрия, Индия, Согд, Хотан, Куча ж.б. жерлерде будист монахтар кезигишип турушкан. Бул жерге келген кечилдер Ыйык Жазууларды кытай тилине которуп талкуулап турушкан. Эки маанилүү жолдун ортосунда жайгашкан Дунхуан, стратегиялык мааниси менен бирге маданий жана соода сатык жагынан да чоң мааниге ээ болгон. Биздин замандын 1-жүз жылынан тарта Дунхуандын мааниси ого бетер артып, чет өлкөдөн келген чет элдиктерди өзүнө тарта баштаган. Буддист саякатчылар экинчи кылымдан бери бул жерге отурукташуунун жолдорун издешкен. Үчүнчү кылымда бул жерде индустардын кээ бир үй-бүлөлөрү отурукташкан. Ошентип, бул жер азыр светтик (лайык) жана диний ишмердүүлүктүн борборуна айланган. Археологдор тарабынан табылган маанилүү кол жазмалар Дунхуан аймагынын маанилүү буддисттердин билим берүү борбору болгонун далилдеген. Кытай, санскрит, тибет, сирияни жана хотан тилдеринде жазылган бул кол

жазмалар да бул аймак Кытай, Индия жана Жакынкы Чыгыштан келген буддист аалымдары үчүн чогулган жер болгонун айгинелейт.

Үч тарабы тоолор менен курчалган бул аймактагы алгачкы конуштар дарыя дельталары болгон. Дарыя дельталарын бойлой, бул жерде ар кайсы жактан келген адамдар колонияларды түзүшкөн. Биринчи кылымда буддизмди бул колониялар өзүнө тарткан. Колониялар тарабынан колдоого алынган буддист кечилдер Кашмирге жана Түндүк-Батыш Индиядагы Хотан жана Кашкар аймагына чейин барышкан. Кийинчерээк алар индиялык ак сөөк үй-бүлөлөрдөн болгон падышалар менен чакан колонияларды түзүшкөн. Колониялар колдонгон бул жолдор убакыттын өтүшү менен буддизм маданиятынын маанилүү борборлоруна айланган жана индус монахтарынын Кытайга жана Борбордук Азияга илгерилеши үчүн ыңгайлуу шарт түзгөн. Башка жагынан алып караганда, түндүк жана түштүккө баруучу борборлор да ар кайсы өлкөлөрдөн келген көптөгөн саякатчылар жана соодагерлер тарабынан популярдуу болгон.

Аймактын түндүгүндөгү дөңсөөлөрдүн ары жагында хинди тилинде Бахлика, кытайча Фо-хо жана Балх деген ат менен белгилүү болгон бактриялыктар болгон. Бул жерде жергиликтүү маданият эллиндик, индиялык жана ирандык маданият менен айкалышып, өнүккөн. Ошондой эле, айрыкча 7-кылымда Хуэн Цангдын тушунда негизделген, Белхтин буддист мекемеси жаңы кечилкана (Nava Samgharama), буддисттердин канонун чечмелөө боюнча маанилүү буддисттердин билим берүү борборлорунун бирине айланган.

Бул кербен жолдорунда жайгашкан борборлор буддизмдин Борбордук Азиядагы маанисин арттырып, бул жакка келген саякатчынын жазмаларында да орун алган. 7-кылымдын орто ченинде кытай саякатчылардын салымы менен бул жердеги көптөгөн монастырлар тууралуу маалыматтар табылган. Мындан тышкары кербен жолдорундагы адабий жазуулар, көркөм табылгалар бул аймактын жана анын элинин буддизмдеги маанисин толук ачык ачып берет. Бул жерде буддизм цивилизациясынын байыркы экспонаттары сакталганын, Кытайдагы буддизм да Орто Азия аркылуу өнүккөндүгүн ачык айта алабыз.

Ашока падыша жана кушандар аркылуу Орто Азия жерлерине табигый түрдө кирген буддизм ар кандай географиялык, соода, экономикалык жана саясий мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланып, биздин замандын 10-кылымынан баштап бул аймакта тездик менен жайылган. Буддизм бул он кылымдын ичинде чоң күчкө ээ болуп, көптөгөн мамлекеттердин камкордугуна кирип, тынымсыз өнүгүүсүн улантканы.

Кээ бир изилдөөчүлөр Орто Азиянын географиялык жактан аймагы так аныкталган эмес деген пикирде болушкан. Бирок, азчылыктын көз карашы боюнча; Ал аймактын мурда Чыгыш Түркстан, дыйканчылык ойдуңу жана Шинжаң деп аталганы тууралуу маалыматтар бар. Кеңири таралган көз караш боюнча; Орто Азияны беш мамлекет камтыйт. Тагыраак айтканда, Өзбекстан, Казакстан, Түркмөнстан, Тажикстан жана Кыргызстан. Бул аныктама Борбордук Азиянын тар аныктамасы деген көз караштı айткан изилдөөчүлөр дагы бар. Булар жалпысынан Батыш Түркстан жана түштүктөгү бүт Тибет платосу деп аталат. Кеңири мааниде алганда, Борбордук Азия; түндүк Пакистан, Ооганстан, батыш Кытай (Тибет жана Чыгыш Түркстан), Россиянын бир бөлүгү, түндүк-чыгыш Иран жана Монголия камтылган аймак сүрөттөлөт. Ошондой эле Орто Азия чөлкөмүнө азыркы Кытайдагы Шинжаң-Уйгур автономиялуу району болгон Чыгыш Түркстан жана Батыш Түркстан жерлери кирет.[1] Биз дагы изилдөөбүздө ушул көз караштı негиз алдык.

Борбордук Азиядагы буддизмдин алгачкы борборлорунун бири – Гандхара. Гандхара буддизмдин жана өзгөчө буддист искусствосунун эң күчтүү аспектилеринин бири. Индиянын түндүгүндө жайгашкан Борбордук Азиядагы бул аймактын азыркы аты Пешавар. Гандхара

бүгүн Борбордук Азиянын картасында жайгаша турган болсо, ал Ooганстан менен Пакистандын чек арасынын ортосунда жайгашкан.




Кытай булактарынан алынган маалыматтарга караганда; Гандхара Каписа менен байланышкан. Аймакта он миңден ашык храмы бар көптөгөн монахтар бар жана алар Хинаяна сектасына кирет. Бирок бул өлкөдө махаяна сектасынын жолдоочулары да бар. Бул аймак VI кылымда Гөктүрктөрдүн карамагында болгон. 10-кылымдан кийин Газнелик Махмуд тарабынан каратылган соң, мусулмандардын карамагына өткөн.

Кашмир буддизмдин таралышында көрүнүктүү борборлордун бири болгон. Бул жерде буддизм Ашока падышанын тушунда пайда боло баштаганы, ал эми буддизмдин таасири кушандар доорунда күчөгөндүгү болжолдонот. Канишка Кашмирде төртүнчү буддисттердин кеңешин уюштурганы жана Кашмирде индиялык атактуу философ Нагаржуна жашаганы белгилүү. Бул жерге IV кылымдагы буддисттердин маанилүү аалымдарынын бири болгон Кучадан Кумараджива келип билим алганы да белгилүү. Кашмирдеги буддизм тууралуу маалыматты көбүнчө династиялардын жылнаамаларынан жана саякатчылардын жазууларынан кезиктирүүгө болот.

Борбордук Азиядагы буддизмдин дагы бир маанилүү борбору – Согдиана. Согди – Борбордук Азиянын тарыхый аймагы, анда Иран маданияты жана цивилизациясы биздин заманга чейинки 6-кылымдан биздин заманга чейинки 10-кылымга чейин өнүккөн, биздин замандын 5-8-кылымдары арасында өзүнүн гүлдөп турган мезгилин баштан кечирген. Классикалык жазуучулар Согдиананы Сейхун менен Жейхундун ортосундагы аймак деп аныкташкан. [2] Бүгүнкү күндө Өзбекстандагы борбору Самарканд деп аталган бул аймак мурда Трансоксиананын (Мавараунахр) бир бөлүгү болгон.

Байыркы доордун соодагерлери деп аталган согдулуктардын буддизм менен таанышкан мезгили катары Кушандардын доору белгиленет. Б.з.ч. 3-кылымда Искендер басып алгандан кийин Орто Азия жерлерине келген гректер Бактрияда өз алдынча Греко-Бактрия падышалыгын түзүп, анын курамына Согдиана да кирген. Грек-Бактрия падышалыгы кийин кушандар тарабынан талкаланган, бирок гректер алып келген эллиндик маданият бул аймактын эли тарабынан улантылган. Ошол чөлкөмдөгү эллин маданиятынан таасирленген

элдердин бири согдийлер. Буддизм менен алгачкы жолу кушандар аркылуу таанышкан согдулуктар Жибек жолунда соода колонияларын куруп, барган жерлерине буддизм динин таратышкан. Соода менен алектенген согдийлер Орто Азиянын ар кайсы аймактарында буддизм жана буддизм маданияты менен тыгыз байланышта болгон. Будда миссионерлерин Кытайга алып келүүдө согду кечилдеринин ролу да чоң болгонун тарыхчылардын көбү белгилешет. Кытай булактарында согдулуктар тууралуу да маалыматтар бар. Тактап айтканда, Самарканд аймагында эки буддист храмы болгондугу маалым. Алгач буддист монахтар бул храмдарда калгысы келсе, аларды жергиликтүү эл кууп чыгып, ибадаткананы өрттөп салышкан. Мунун себеби Согдияга буддизм келгенге чейин бул жерде зороастризм болгон деп айтылат.

Бул чөлкөмдүн дагы бир маанилүү буддист борбору – Куча (Kuqa). Куча Жибек Жолунун түндүк багытындагы эң маанилүү буддисттердин борбору. Чыгыш Түркстандын чегинде жайгашкан бул шаар географиялык абалы жагынан дыйканчылык ойдуңунун эң маанилүү шаары болуп, аймактын буддист искусствосу менен цивилизациясында маанилүү роль ойногон. Кучанын буддизм дини менен ортосундагы байланышты көбүнчө саякат китептеринен жолуктурууга болот. Буддизм болжол менен Кучага кушандар доорунда келген. 600-жылдары Кытайдан Индияга барган Хуэнь-цандын саякат жазуулары биздин тема үчүн абдан маанилүү. Жибек жолу аркылуу Индияга жеткен саякатчы ошол мезгилде оазистерде үстөмдүк кылган Гөктүрктөр менен жолугуп, ал аймактагы буддизмдин издери жөнүндөгү маалыматтарды өз жазууларында эскерген.

Кучада көптөгөн монастырлардын болушу аймакта билимге берилген маанинин көрсөткүчү катары караганга болот. Буддист монастырлары ошол кездеги эң негизги билим берүү борборлору болгондуктан, алардын баалуулугу кыйла жогору болгон жана элдин буддизмге болгон колдоосу жана салымы ушул себептен улам өскөн.

Кыскача айтканда, Куча X кылымга чейин буддизмдин активдүү жана маанилүү борбору болуп келген. VIII кылымда уйгурлардын карамагына өткөндөн кийин мамлекеттик дин болгон манихейизм менен бирге жашоосун уланткан жана эч качан маанисин жоготкон эмес. Жада калса уйгур башкаруучуларына жасалган жылуу мамилелер (тартуулар) да жетекчилер менен элдин буддизмди жактырышына таасирин тийгизген.

Буддизмдин бул аймакта тараган маанилүү шаарлардын катарында Карашаар, Турпан, Хотан, Кашгар сыяктуу жерлер болгон. Буддизм үчүн Түштүк Жибек Жолундагы мамлекеттер жана Түндүк Жолдогу мамлекеттер чоң мааниге ээ. Түштүк жолдогу буддизм менен байланышкан эң маанилүү шаарлардын бири – Кашкар болгон. Бүгүнкү күндө Кашкарда будда издеринин табылгалары бир топ чектелүү. Бир нече храмдарды кошпогондо, табылгалардын көбү талкаланган. Ушул себептен улам, бир нече храмдардан башка көп издер жок болуп кеткен.[3]

Жогоруда изилденген аймактарда буддизм көп колдоо таап, жайылганын билүүгө болот. Буддизм аймактын элине маданият жагынан чоң таасирин тийгизип, муну менен бирге аймакка көптөгөн тилдерди алып келди. Айрыкча, жергиликтүү жана чет өлкөлүк буддист окумуштуулардын буддисттердин тексттерин которуу аракети бир жагынан буддист адабиятына чоң салым кошсо, экинчи жагынан аймактын адабий жана маданий жактан байышына салымын кошкон.

Орто Азия жерлеринде көптөгөн диндер менен таанышкан түрктөр, каратып алган жерлери жана соодагерлер аркылуу буддизм менен да таанышкан. Көптөгөн түрк булактарында буддизм түрктөр арасында Гөктүрктөр доорунан бери (6-кылым) бар деп

айтылганы менен, түрктөр буддизм менен биринчи жолу Азия хуннуларынын уландысы болгон Түндүк Лян-Хун мамлекетинин тушунда (4-кылым) таанышкан деп айтылат.
Кыргыздардын исламга чейинки ишеними/дини Көкө Теңир ишеними болгон. Бирок, кээ бир хандар башка диндерге анын ичинде буддизмге да кызыгышып, ар кандай ишенимдерди кабыл алышкан. Буддизм адегенде айрым хандар тарабынан гана кабыл алынганы менен, түрктөр арасында чоң мааниге ээ болгон.

Кыргыздар буддизм дини менен Кушан мамлекетинин доорунда таанышкан. Бул динди кээ бир кыргыз уруулары кабыл алгандыгы белгилүү. Кийинчерээк Гөктүрк мамлекетинин тушунда (6-кылым) кеңири тарай баштаган буддизм кыргыздарга да өз таасирин тийгизген. Ошондой эле кыргыз хандарынын бири буддисттердин монахы болуп, Чыгыш Түркстанда жайгашкан монастрга барып, буддизм боюнча ыйык китептерди тибет тилинен түрк тилине которгону маалымдалат.[4]

Кыргыздар жана учурунда азыркы Кыргызстандын аймагында жашап өткөн элдер ар кандай диний ишенимдерде болгону белгилүү. Чыгыш Теңир-Тоо, Чыгыш Түркстан аймагы байыртадан эле буддизм, христианчылык, манихейчилик, бакшылык жана теңирчилик тараган аймак болгонун түрдүү тарыхый булактарда айтылат. Айрым изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, Чүй өрөөнүндөгү буддизм маданиятына тиешелүү бир катар эстеликтердин табылышы жергиликтүү буддисттик жамааттардын Кытай, Түндүк Индия менен тыгыз байланышта болгонун да көргөзүп турат.[5]

Азыркы учурда Кыргызстанда жападан-жалгыз «Чамсен» аттуу буддисттердин коому Бишкек шаарында иш жүргүзөт. Бул коом 1994-жылы юстиция органдарында катоодон өткөн. Анын улуттук курамын орустар, корейлер, кыргыздар, украиналыктар түзөт. Бул коомго мүчө болгон кыргыздар бир нече эле киши, басымдуу бөлүгү орус улутундагылар. «Чамсен» сөзү корей тилинен которгондо «эркиндикке чыгуу» деген маанини билдирет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Н. Унал, Буддизмдин Орто Азияга таралышы жана түрк маданиятына тийгизген таасири, Измир 2021-ж., 51-б.
2. Matteo Comparati, “Согдиана тарыхына киришүү”, 2-том, 269-б.
3. https://m.visitourchina.com/kashgar/attraction/three-immortals-buddhist-caves.html, (21.03.2022).
4. А. Жусубалиев, Кыргыздардын мусулмандашуу тарыхы, Бишкек 2016-ж. 51-б.
5. Усулдук китепче, Дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат жана Кыргызстандагы негизги диний агымдар, Бишкек – 2015-ж. 20-24-бб.

**Рецензент: ф.и.д., профессор Утуров К.**

УДК 371.011

**Маян Р. З.**
И. Арабаев атындагы КМУ, Теология кафедрасы, магистрант
**Маян Р. З.**
КГУ им. И. Арабаева, кафедра Теологии, магистрантка
**Mayan R. Z.**
KSU I. Arabaeva, Department of Theology, master student

# ИСЛАМ ДИНИНИН БААЛУЛУКТАРЫ
# ЦЕННОСТИ ИСЛАМСКОЙ РЕЛИГИИ
# ISLAMIC RELIGION VALUES

**Аннотация:** Макалада дин жана улуттук баалулуктар, исламдын негизги баалулуктары, исламдын руханий баалулуктары жөнүндө маалымат берилген. Салттуу ислам баалулуктары жана баалулуктардын системасы каралган.

**Аннотация:** В данной статье даны сведения о религиозных и национальных ценностях, основных и духовных ценностях. Рассмотрены традиционные ценности и системы ценностей.

**Annotation:** This article provides information about religious and national values, basic and spiritual values. Traditional values and value systems are considered.

**Негизги сөздөр:** Баалулук, ислам, руханий баалулук, негизги баалулук, салттуу ислам, баалулуктар системасы.

**Ключевые слова:** Ценность, ислам, духовные ценности, основные ценности, традиционный ислам, система ценностей.

**Key words:** Value, Islam, spiritual values, basic values, traditional Islam, system of values.

Баалуулук - адам, социалдык топ жана жалпысынан алганда коом үчүн айлана-чөйрөдөгү объектинин (жаратылыш коомдук турмуштун кубулуштарында кездешүүчү жакшылык жана карасанатайлык, сылыктык жана оройлук, сулуулук жана көрксүздүк жана башка) оң жана терс мааниси. Үстүртөн караганда баалуулук буюмдун же көрүнүштүн өз касиети сыяктуу сезилет, чындыгында ал касиет жаратылыштын өзүндө, объектилердин ички структурасында эмес, ал адамзаттын иш аракеттеринин чөйрөсүнө, алардын кызыкчылыктарына, социалдык мамилелерине гана таандык. Адам коомдун турмушуна, тагдырына, өлкөнүн келечегине таасири тие турган жаратылыштын баалуулугу социалдык турмуштун көрүнүштөрүнө баа бере албай коё албайт. Анын төмөндөгүдөй түрлөрү бар: материалдык, коомдук-саясий жана рухий баалуулуктар бар[1].

Диндеги баалуулуктарды аныктоодо, айрыкча биздин эмгегибизге тиешелүү болгон ислам дининин баалуулуктарын аныктоодо ар кыл пикирлер бар.[2-3]. Мисалы:

1. Дин жана улуттук баалуулуктар;
2. Исламдын негизги баалуулуктары;
3. Исламдын руханий баалуулуктары;
4. Салттуу ислам баалуулуктары;
5. Ислам коомундагы баалуулуктар системасы ж.б.

Жогоруда көрсөтүлгөн бөлүк-тармактардын айрымдарына токтоло кетели.

Ислам дүйнөтаанымында баалуулуктар негизинен диндик жана диндик эмес деп бөлүнбөйт. Анткени жогоруда айтылгандай бардык баалуулуктар негизинен диндик баалуулуктар болуп эсептелет. Анткени канчалык адамбаласы кээ бир баалуулуктарды акыл эси менен аныктагандыгын ойлосо да Теңир тарабынан берилген акыл эс аркылуу Теңир тарабынан түзүлгөн системанын чегинде гана ой жүгүртүүдө. Баалуулуктарды аныктоонун Исламдык усулу болсо болгону ошол баалуулуктарды туура андап туура жашоого туура багыт берүүчү өзгөчөлүккө гана ээ болуп эсептелет. Бул усулду билбей туруп адам баласы (Исламдык ишеним боюнча) туура эмес нерселерди баалуулук катары көрүп алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ислам динине туура келген баалуулуктар кантип аныктайбыз деген маселеде да еки көз караштын ортосунда кайчы пикирлер бар. Коомчулуктун басымдуу бөлүгү дин жөнүндө жетишээрлик маалыматы жок туруп логикалык бүтүмдөр аркылуу аныктаган

баалуулуктарды диндик баалуулук катары көрсөтүп коомчулукка тануулоо аракетин көрүүгө болот. баалуулуктардын логикалык аныктоосуна, адамдын советтик мезгилде алган тарбиясы, же болбосо азыркы учурдагы батыш маданиятынын таасири, базар экономикасынын таасири, кыргыз элинин байыртадан бери колдонуп келген (туура жана туура эмес) колдонуштары жана ошондой эле учурдагы ооздукталбаган оопасыз публицисстик маданияттын таасирин эске салсак болот. Мындайча айтканда Диндик баалуулуктарды диндин өзүнө үңүлүп эмес баштатан туура көргөн нерсени динге таңуулоо аракети катары карасак болот. Көпчүлүк учурда лопгикалык аныктоо менен диндин диндик аныктоосу бирибри менен төп келип калышы мүмкүн. Бирок бул жерде негизги маселе диндик баалуулуктарды диндин өзүнө үңүлүп кароо аркылуу аныктоону методикалык зарылчылык катары калыптандырышыбыз керек. Ошондо диндик баалуулуктарды дин билимдерин өздөштүргөн дин таануучулар гана аныктап коомчулуктун тандоосуна сунуу мөмкүнчүлүгү жаралат. Демек бул жерде да диндик баалуулуктарды диндин өздүк өзөгүнөн алуу менен гана аныктоого боло тургандыгын фундаменталдык идея катары калыптандырышыбыз керек.

Жогоруда биз келтирген жалпылоодон кийин ислам дининин баалуулуктарын топторго же класстарга бөлүү канчалык денгеелде так эместигин ачык көрө алабыз. Кээ бир булактарда исламдын негизги баалуулуктарын төмөнкүдөй беш бөлүккө бөлүшөт.

Исламдын негизги баалуулуктары:

1. Негизги ишеним;
2. Диний практика;
3. Куран;
4. Мухамад (САВ) пайгамбардын окуусу;
5. Шариат.

Бул жерде исламдын негизги баалуулуктарын чектөө бир топ тоскоолуктарды жаратат. Мейли биз шарттуу түрдө ушундай деп кабыл алалы.

Исламдын негизги беш баалуулуктарынын ар бири татаал түзүлгөн жана аларды андан ары да майдалап топторго бөлүшөт. Исламдык негизги ишеним өзү алты тармакка бөлүнөт. Алар:

1. Кудайга ишенүү;
2. Периштелерге ишенүү;
3. Пайгамбарларга ишенүү;
4. Ыйык китепке ишенүү;
5. Акыр заманга ишенүү;
6. Тагдырга жана Кудай буйругуна ишенүү.

Исламдын диндик практикасы негизги баалуулук катары беш ислам бутагына бөлүнөт. Алар:

1. Ишеним күбөлүгү;
2. Күн сайынкы дуба окуу;
3. Зекет кайрымдуулугу;
4. Орозо тутуу;
5. Меккеге ажылык кылуу.

Куран негизги аль-Фатика сурөөсүү. Бул Курандын биринчи главасы ар дайым окулушу зарыл. Кийинки б.а. төртүнчү исламдын негизги баалуулугу Мухаммад (САВ) пайгамбардын негизги окуусу.

Мухаммад (САВ) пайгамбардын негизги окуусу да жогорудай алты бөлүккө бөлүнөт. Алар:

1. Аракет каалоо менен бааланат;
2. Кудай кайрымдуу;
3. Исламды толук сактоо колдонуу;

4. Адам толук ишенимге өтүшү зарыл;
5. Эч кимге зыян келтирбөө;
6. Толук жөнөкөй жана аткаруучу болуу.

Исламдын бешинчи негизги баалуулугу шариат же ислам мыйзамдарынын негизи да алты бөлүктөн, түзүчүлөрдөн турат. Алар:

1. Дин;
2. Өмүр;
3. Үй-бүлө;
4. Акыл эс;
5. Менчик буюм-терим;
6. Акыйкаттык жана эркиндик.

Биз жогоруда көргөндөй исламдын негизги беш баалуулугу да өз ичинен түзүүчү бөлүктөрдөн турат. Жалпы схемалык түрдө сандык жактан аларды төмөнкүдөй көрсөтүүгө мүмкүн.

Исламдын негизги баалуулуктарынын тармакка бөлүнүү схемасы:

Исламдын негизги баалуулуктары

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 6 | 5 | 1 | 6 | 6 |

Схемадан исламдын эң негизги беш баалуулугу андан ары 24 бөлүккө бөлүнө турганы көрүнүп турат. Мындан исламды негизги баалуулуктар жетиштүү денгеелде татаал жана комплекстүү экендиги далилденет.

Исламдын руханий баалуулуктарын кароого өтөлү, көп ислам илимий булактарында исламдын руханий байлыктарына кайра кайталануучу баалуулуктар кирет. Мисалы исламдын руханий баалуулуктарына төмөнкүлөрдү киршизишет. Алар:

1. Салят (дуба);
2. Масужид (мечит);
3. Саум (орозо);
4. Ажылык зиyраты;
5. Зекет.

Ислам баалуулуктарынын ичинде адеп өзгөчө маанилүү. Аларга пайгамбарларга жана калган баардык адамзатка болгон адеп. Пайгамбарларга, Сахабаларга болгон адеп, Ата – эне менен болгон адеп, жубайлардын ортосундагы адеп, балдар менен болгон адеп, туугандар менен болгон адеп, кошуналар менен болгон адеп, достор менен болгон адеп, мусулмандын жалпы мусулмандар менен болгон адеп, каапырлар менен болгон адеп.

**Колдонулган адабияттар:**

1. “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы: 1-том. Башкы ред. Асанов Ү.А., Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2006, https://ky.wikipedia.org/w/index.php?title=Баалулук&oldid=200200 булагынан алынды

2. Мырзаибраимов С. Дин жана улуттук баалуулуктар / Теология факультетинин илимий журналы. 2015.№20-21. -б.7-17

3.. Государственная политика в религиозной сфере и основные религиозные течения в Кыргызстане. -Б.: 2015.-С.71-74

**Рецензент:д.ф.н., профессор К. Утуров**

УДК 28.008

**Маян Р. З.**
И. Арабаев атындагы КМУ, Теология кафедрасы, магистрант
**Маян Р. З.**
КГУ им. И. Арабаева, кафедра Теологии, магистрантка
**Mayan R. Z.**
KSU I. Arabaeva, Department of Theology, master student

# СҮННӨТТҮН АНЫКТАМАЛАРЫ ЖАНА ТҮРЛӨРҮ
# ОПРЕДЕЛЕНИЕ СУННЫ И ИХ ФОРМЫ
# DEFINITION OF SUNNAH AND THEIR FORMS

**Аннотация:** Бул макалада сүннөтүн аныктамасынын келип чыгууң генезиси, ошондой эле сүннөтүн Курандан кийинки мааниси боюнча экинчи орунду ээлеми жана ал ислам маданиятында өтө чоң мааниге ээ экендиги көрсөтүлгөн.

**Аннотация:** В данной статье приведены данные о генезисе происхождения определения сунны, а также что сунна является второй по значению после Корана и занимает огромное значение в исламской культуре.

**Annotation:** This article provides data on the genesis of the origin of the definition of the Sunnah, and also that the Sunnah is the second most important after the Koran and is of great importance in Islamic culture.

**Негизги сөздөр:** Сүннөт, Куран, ислам, маданият, хадис.
**Ключевые слова:** Сунна, Коран, ислам, культура, хадис, генезис
**Keywords:** Sunnah, Koran, Islam, culture, hadith, genesis

Ислам214 дининде “сүннөт” арабчадан которсок “жол, артынан журүү” дегенди кабарлайт, ислам укугунда болсо сүннөт Мухаммад пайгамбардын (С.А.В) аркыл маселелер боюнча айтканы (Кауль) жана анын кыймыл аракети (Фийль) саналат. Нравалык сапаттар, тышкы мүнөздөмөлөр, ошондойле аркыл жүрүм турумга (Такрир) колдоо же колдобоо болуп саналат.

Сүннөттүн этимологиясын карасак ал бир тамырлуу арабтын” иснани “ (“жуп; эки кайталоо”), болуп арамейлик “тана “ (“кайталоо“) жана еврейлик “шана ; мишна“) ( “кайталоо“) деген тушунукту берип бул жазуу куранды талдоо же үн чыгарып ооз эки кайталоо дегенди билгизет.

Сүннот мусулмандардын ыйык аракеттери болгондуктан анын мазмуну жана маңызы Мухаммад пайгамбардын (САВ) өмүр жолуна байланышканын көрсөтүү менен мусулман коомчулугу, жааматы (умма) жана ар бир мусулманга тиешелүү болгон жол көрсөткүч, үлгу катары болот [1]. Сүннөт курандан кийнки б.а. экинчи ислам укугунун (фикх) булагы болуп саналат. Экинчиден сүннөт ислам укугунун менен өтө тыгыз байланышта болуп жана аны толуктап турат. Сүннөттү колдонуу, жана алар Мухаммад пайгамбардыкы (САВ) экенин эске тутуу буткул мусулмандардын жашоосунун башкы мазмуну болот.

Мусулмандык диний билим берүүнүн өтө маанилүү бөлүгү Сүннөттө үйрөтүү болуп саналат. Эгерде исламдык укук таанучу сүннот боянча жетиштүү билими болбосо анда ал ислам укугу боюнча кадырлуу адис деп атала албаган [2]. Сүннөт Мухаммед пайгамбардын (САВ) жасаган иштеринен жана анын айткандарынан , ошондой эле өзү айтпаган бирок

жактырган иштеринен турат. Булардын биринчиси башкача айтканда жасаган иштери , аракеттери фейль, айткандары кауль, айтпастан жактыргандары такрир деп арабча айтылат. Сүннөттөр Мухамед пайгамбардын саналаш пикирдештери (ассахаба) аркылуу ооз эки түрдөө жайылтылып, таркатылган жана алар хадис түрүндө кылымдарда жүргөн. Ар бир хадис иснад жана матн аталган эки бөлүктөн турат. Хадистери негизинен төрт группага же категорияга бөлүшкөн. Алар: тарыхий көз ачыктык же алдын ала көрү билүүчүлүк, ыйыктык жана араб урууларын абройлугу жөнүндөгү хадистер болгон [3].

Ыйык хадистеринде Мухаммед пайгамбар (с.а.б.) Кудайдын атынан сөз кылган. Мухаммед пайгамбар (с.а.б.) өлгөдөн кийин коомдук жамааттын жана халифаттын практикалык маселелерин чечүүдө сүннөттөр өтө маанилүү ролду ойногон. Сүннөттөрдүн өтө таасирдүүлүгүнөн улам алар IX- X кылымдарда Куранга тиешелүү болгон. Денгелге баркы жакындаган , Куран менен сүннөттүн өз- ара катышы көйгөйлөрү , дин негиздери трактаттарында (усул – ад-дин)өтө чон мааниге ээ болгон. Кээбир учурларда сүннөт түшунугу Аллахтын сүннөтү Куранды түшүндүрөт. Кээбир учурларда сүннөт Мухаммад пайгамбардын жана же чыныгы халифеттердин сүннөттүн түшүндүргөн учуларда кездешет. Айрым шарттарда сүннөт сүннөткө тиешелүү жүрүм турумга да тийиштүү болот. Кээбир муслман өлкөлөрүндө сүннөт сөзү жаш эркек балдарды отурганын да сүннөт хитан түрүндө айтылат [4-5] . Эркек баланы сүннөткө өтургузуу Кыргызстандык мусулмандарда жеткиликтүү кеңири таркаган көрүнүш. Балдарды сүннөткө отургузуу – Ибрахим пайгамбардын убагынан бери келе жаткан сүннөт иштерден. Андан соң биздин шариятта да бекем тастыкталып келген. Мына ошондуктан ислам дининде уул баланы өз убагында сүннөткө отургузу ата- эненин милдеттеринен. .

Абу Хурайра Р.А. риваят кылган хадисте пайгамбар , соЛлалоху алейхи ва саллам, айтты: “Фитратка байланыштуу беш сүннөт бар. Алар : сүннөткө отургузуу , авраттагы түктөрдүү кыруу , тырмакты алуу, колтуктагы түктү жулуу жана мурутту кыскартуу”. Бул хадистен бизге маалым болгондой, адамдын денеси дайыма таза болуш үчүн беш нерсени аткаруу зарыл. Алардын биринчиси – уул баланы сүннөткө отургузуу. Эгерде уул бала сүннөткө отургузулбаса анда ал заара кылганда жыныстык мучөсүндө нажас туруп калат. Ошонун натыйжасында микроптор пайда болуп, көптөгөн ооруларга себеп болот. Ислам дини эзелтеден эле ар түрдүү ооруларды алдын алып, сүннөткө отургузууга буйруган.

Ал эми хадисте эскерилген нерселерин калганы: авраттагы түктөрдүү кыруу, тырмакты алуу колтуктагы түктүү жулуу – бул нерселерди эркек да, аял да аткара турган сүннөт иштерден. Ислам дининде уул баланы сүүннөткө отургузууну өкүмү – сүннөт.

Жабир ибну Абдуллах,радыяллаху анху : айтат : “ Наристе жети күндүк кезинде жети нерсени аткаруу сүннөт иштерден. Алар : ага ат коюлат, сүннөткө отургузулат, акыйкасы берилет, чачы алыныт...” .

Жогорку эки хадисте баяндалгандай, пайгамбар, саллаллаху алейхи ва саллам, наристени баланы сүннөткө отургузуудан алдын ата- эне баланын ооруну көп сезбей жана жараты да тез айыгат. Ошондуктан ата – эне жетинчи күнү сүннөткө отургузуу кескин турдө тыюу салынат. Азыркы кезде врачтар балдарды сүннөткө отургузуунун эң ыңгайлуу убактысы үч- төрт жаш керек деп айтышат. Эгерде ар түрдүү себептерден улам бала үч – төрт жашында сүннөткө отургузулуп, жыныстык мүчөсү нажастадан таза болбосо, анда намаздан кээ бир шарттары таза болуусу керек. Баланы сүннөткө отургузганда төмөнкү шарттар аткарылат. Алар:

1. Баланы сүннөткө отургузуу – Аллахка жана Анын Элчисине баш ийиүү;
2. Пайгамбарлардын атасы болгон Ибрахим пайгамбардын сүннөтүн аткаруу;

3. Мусулман эркекти башка диндеги эркектерден айырмалап турган белги;
4. Баланын ден соолугуна кам көрүү. Себеби сүннөткө отургузуу баланы көп оорулардан сактайт. Аны менен гигиена сакталат. Ар түрдүү инфексия жана микробдор себептүү ооруларга чалдыгышы аз болот. Мисалы : фимоз жана парафимоз оорулары менен оорубайт;
5. Заара чыгуучу каналга байланыштуу оорулардан алыс болот:
6. Рак оорусунан сактайт. Статистика боюнча сүннөткө отургузулган эркектер арасында тогуз жуздөн бири гана адам жыныстык мүчөнүн рагы менен ооруйт. Жогорудагы келтирилген маалыматтар сүннөттүн мусулмандарга кандай чоң мааниси бар экендигин ачык көрсөтөт.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Сунна. Статья из больщой советской энциклопедии
2. Ислам. ЭС. 1991.-С.214
3. Владимир Емельянов. Сунна. –М.:Аванта.2004.-Т.21.-С.137-138
4. Ньюби Г. Краткая энциклопедия ислама. –М.:Фаира пресс.2007.-384с.
5. Пиотровский М. Б. ас-Сунна. –М.:Наука, 1994


**Рецензент: д.ф.н., профессор К.Утуров**

УДК 297.17

**Неематиллаева Айнуска Карыбековна**
И.Арабаев атындагы КМУ, теология кафедрасы, магистрант
**Неематиллаева Айнуска Карыбековна**
КГУ им. И.Арабаева, кафедра теологии, магистрантка
**Neematillaeva Ainuska Karybekovna**
KSU them. I. Arabaeva, Department of Theology, master student

## ИСЛАМ ДИНИНДЕГИ ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ АТА –ЭНЕГЕ БОЛГОН МАМИЛЕ
## ОТНОШЕНИЕ К РОДИТЕЛЯМ В СЕМЬЕ В ИСЛАМЕ
## THE ATTITUDE TOWARDS PARENTS IN THE FAMILY IN ISLAM

**Аннотация:** Бул илимий макалада ислам дининдеги ата-энеге болгон сый-урмат, мамиле жөнүндө баяндалат.Ата-эне Жараткан тараптан бизге берилген белек десем жаңылышпыйбыз. Ата-эне өз балдарын эч качан жаман болсун деп тарбиялабайт. Мындай жандар алтынга теңегис аруу заттар жандар боло тура. Ислам udининде тагыраак айтканда Ыйык- Куранда Аллах Таала ата-энеге жакшы мамиле кылууну көп жерде эскерген. Табиятта ата-эне баласына милдетсиз жакшылык кылат. Бүтүндөй өмүрүн балдары үчүн арнап өтүшөт.

**Аннотация:** В этой научной статье рассказывается об уважении, отношении к родителям в исламе.Родители-это подарок, данный нам от их создателя. Родители никогда не воспитывают своих детей, чтобы они были плохими.Такие души не уступают золоту. Более конкретно в исламе-Священном Коране Аллах Всемогущий упоминает хорошее отношение к родителям во многих местах. В природе родители делают добро своему ребенку без обязательств. Всю свою жизнь они посвящают своим детям.

**Annotation:** This scientific article tells about respect, attitude to parents in Islam.Parents are a gift given to us from their creator. Parents never raise their children to be bad.Such souls are not inferior to gold. More specifically, in Islam-the Holy Quran, Allah Almighty mentions a good attitude

towards parents in many places. In nature, parents do good to their child without obligations. They dedicate their whole lives to their children.

**Негизги сөздөр:** Дин, Куран, хадис, мусулман, ата-эне, сый-урмат, таалим-тарбия, жакшылык.

**Ключевые слова:** Религия, Коран, хадис, мусульманин, родители, уважение, воспитание, доброта.

**Keywords:** Religion, Quran, Hadith, Muslim, parents, respect, upbringing, kindness.

Ислам дини ата-энеге жакшылык кылууну Алла Таалага моюн сунуудан кийинки эле эң чоң ибадаттардын даражасына койгон. Ал инсанды ата-энеге карата,өзгөчө алардын карылык курактарында жакшы мамиле кылууга милдеттендирет.Ал эми ата-эненин тилин алуу жана аларга үнүн көтөрүп кыйкырып же аларды кекетүү чон күнөөлөрдөн болуп саналат.Урматтап сыйлоого өзгөчө эненин акысы чоң. Пайгамбарыбыздан бир жолу сахабаларынын бири: “Мен кимге жакшылык кулуум керек?”-деп сураган. Пайгамбарыбыз[1] ага: “Энене”,-деген. “Андан кийинчи?”-деген суроолоруна да уч жолу кайталап, төртүнчүсүндө гана: “Анан атана”-деген жоопту айткан. Ата- эненин акы маселесинин [2] өзөгүндө ата-эненин акысы жана перзент катары аларга болгон милдеттерибиз турат. Милдеттүү түрдө моюн сунуу маселесинде Алла Таала жана анын акыркы Элчисинен кийин ата-эне турат. Анткени биздин жарык дүйнөгө келишибизге ата-энелерибиз себепкер болгон жана алар биз үчүн эң зарыл,эң улуу жана эң кадырлуу адамдар.Эненин жүрөгү жана кучагы-изги тарбиянын ордосу,чыныгы мектеп.Үй-бүлө - бул баланы келечеке багыттаган алгачкы таалим-тарбиянын уясы. Ошондуктан ата- эненин перзенттерине жасаган жакшылыгын эсептей берсе өтө эле көп. Ыймандуу ата-эне –балдары үчүн эң заарыл мээрим булагы.Таалим көргөн ыймандуу, ыкластуу эне – Жараткан Алланын адамбаласына тартуулаган мээримдүүлүктүн өлкөсү, үй-бүлөнүн бакыты, бейпилдиктин жана шаттыктык тийип турган эне! Үй-бүлөнүн тиреги үчүн күйүп бышкан боорукер, камкор, бул ата-эне. Ата-энени урматтоо, аларга жакшылык кылуу Ислам доорунда эле белгилүү болгон эмес, ата-энеге жакшылык кылуу андан мурунку доорлордо да белгилүү эле. Төмөнкү макалада ата-энени урматтоого үндөгөн көптөгөн сөздөрдү кезиктиребиз. Ата-энени урматтоо ата-эненин балдары менен кылган мамилесине табигый жооп экени талашсыз, анткени адамдын сезими жакшы адам үчүн сыйлык берүү зарылдыгын сезет. Ата-энени сыйлоодон артык эч нерсе жок. Мисир жерине дин тарай электе, Египеттиктер ата-эненин баркын, статусун жана ыйыктыгын жакшы билишкен, ошондуктан бул макалада ата-энени сүйүүгө жана урматтоого чакырыктарды камтыган осуяттар бар. [3] Ата-энени сыйлоо – бул мусулмандардын өзгөчөлүгүнүн бири гана эмес, Алла Таала бизден мурунку коомго да ата-энени урматоо буйругу экени талашсыз.Тооратта ата-энени урматтоо буйругу тастыкталган, анда ата-энесине акаарат келтирген адам өлтүрүлөт. [4]

Ислам дини ата-эне менен баланын ортосундагы мамилени жөнгө салат. Ата-эне Ислам шариятындай балдарына туура тарбия бериши керек. Ошондой эле шариат балдардын негизги укуктарын кепилдеген жана бул укуктардын арасында тукум улоо укугу да бар.Тукумду орнотуунун негизги жолу – бул туура нике.[5] Атанын өз аялына адал никеси гана баланын атасына болгон тегин далилдөө үчүн медициналык жана башка тукум далилдөө ыкмаларын колдонбой эле жетиштүү. Ислам дини ата-энеге балдарын жаш кезинен баштап Аллах Таала буйруган укуктарга, милдеттерге жана адеп-ахлакка тарбиялоону, аларды Аллахты сүйүүгө жана ага моюн сунууга тарбиялоону, аны ачууланткан нерселерден алыс болууга буйруйт. Мусулман адам Аллахтан коркуп, жашоодо жана акырет бактылуулугуна умтулуп жашашы

зарыл.[6] Ата-энесинин алсыздыгы жана муктаждыгы болгон учурда аларга көрсөтүлгөн камкордук жана ата-эненин ырайымына муктаж болгонуна карабастан, Аллах Таала ыйык Куранда буйругандай: «Эгең силерге Анын Өзүнөн башка эч кимге сыйынбоону жана ата-энеңерге жакшылык кылууну буйруду.Эгер алардын бирөө,же экөө тең карылык куракка жетсе,аларга :”Уф-ф!”- дебе,зекибе!Жылуу-жумшак сүйлө!» [7] деди.

Ата-эне менен балдар бири-биринин укуктарын жана аткара турган милдеттерин билиши керек, антпесе ата-эне менен баланын ортосунда жакшылык кылуу мамилеси солгундайт.

Алла Таала ата-энеге жакшылык кылууну, аларга баш ийүүнү, аларды урматтоону, аларга кам көрүү жана муктаждыктарын канааттандырууну буйруган жана шарият ата-эне карылык куракка жеткенде бул камкордуктун чоң маанисин баса белгилеген. Балдары ата-энеге кам көрүп, аларды коштоп жүрүүлөрү керек.Эгер бул Улуу Аллахтын буйругу болсо жана ата-энеге бериле турган укук болсо балдары кантип аны аткарбайт? [8].

Ата-эненин акысын аткаруу Аллахтын ыраазычылыгына жана ырайымына умтулган ар бир мусулман эркекке жана аялга парз, ал эми алардын буйругун аткаруу, аларга баш ийүү менен, алар Ислам дининде болбосо да, буйруктарын аткаруу милдет болот.Бир гана күнөө ишке буюрушпаса.Ыйык Курани Каримде ата-энени урматтоого байланыштуу көптөгөн осуяттар бар. Алла Таала Курани-каримде айтат: «Эгең силерге Анын Өзүнөн башка эч кимге сыйынбоону жана ата-энеңерге жакшылык кылууну буйруду.Эгер алардын бирөө,же экөө тең карылык куракка жетсе,аларга :”Уф-ф!”- дебе,зекибе!Жылуу-жумшак сүйлө!»,

«Аларга мээримдүү канатыңды кенен жайып: “Эгем!Алар мени кичинемден чоңойтупөстүргөндөй, аларды мээримиңе бөлө”,-дегин. [9]

Бул аяттарда ата-энеден жана алардын осуяттарынан, өзгөчө алар карыганда кордобоону, үндөрүнөн үндөрүн өйдө чыгарбоого, аларга кызмат кылууда жана аларга кам көрүүдөн жалкоо ишарат кылууда. Жана алар менен мамиле кылуунун негизи ырайымдуулук жана боорукердик, аларга ырайым кылуу жана бардык каалоолорун орундатууну түшүнүүгө болот. [10]

Ата-энени сыйлоого жардам берүүдө, ата-энелер балдарына үлгү болушат. Алар ата-энесине жакшылык кылса, жакшылыкка сөз менен да, иш менен да үйрөнүшөт, ал эми аталары аларга үлгү болушу балдардын акысы. Намазды, орозо кармоону Исламдын таалимдерин жана өкүмдөрүн, ыймандын түркүктөрүн балдар ата-энелеринен үйрөнүшөт. Ислам дини ыйык туткан Куран жана хадисте ата-энелерден балдарын туура тарбиялоону жана аларды багуунун шарттарын,жолдорун көрсөтөт. Аларга туура эмес тарбия берүү же алардын укуктарын чектөөгө тыюу салат, ошондой эле балдарды жакшы тарбияда сактап калуу үчүн көптөгөн жоболорду белгилейт. Бул жоболорду жүзөгө ашыруу ата-эненин милдети. Ата-эне өз балдарын тозок отунан сактап калуусу кажет. Алла Таала ыйык Куранда : ﴿ يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا قُوا أَنْفُسَكُمْ وَأَهْلِيكُمْ نَارًا وَقُودُهَا النَّاسُ وَالْحِجَارَةُ عَلَيْهَا مَلَائِكَةٌ غِلَاظٌ شِدَادٌ لَا يَعْصُونَ اللَّهَ مَا أَمَرَهُمْ وَيَفْعَلُونَ مَا يُؤْمَرُونَ ﴾

О,ыйман келтирген пенделер! Өзүңөрдү жана үй-бүлөңөрдү тозоктон коргоп калгыла! Анын отундары адамдардан жана таштардан болсо, үстүндө Аллах буйруган ишке эч качан каршы чыкпаган,буйрулган нерсе дароо аткара турган орой жана күчтүү периштелер турат!(Тахрим сүрөсү,6-аят). [11]

Жогорку чечкиндүүлүккө ээ адам-күнөөдөн баш тартуу менен Жараткан Аллага моюн сунуп, өзүн жана үй-бүлөсүн жазадан коргойт. Мусулман адегенде өзүн оңдоп, тозок отунун жамандыгынан жана заалымдардын каарынан коргонушу керек. Ата-эне үй-бүлөсүн чыныгы диндин жол-жобосу менен тарбиялап, аларга Куран адабиятын жана улуу Ислам сапаттарын сиңириши зарыл. Ата-энелер балдарын жана үй-бүлөлөрүн Аллахтын китебине жана Анын

элчисинин сүннөтүнө негизделген ишеним менен тарбиялоого, аларды бул дүйнөдө өлкөнү жана адамдарды каптаган бузукулуктардан жана азгырыктардан сактап калууга жана Аллахтын ырайымы менен келечектеги жашоодо туура багыт берүүгө үмүт арттырат. Мусулман пенде өз коомчулугун гана эмес, балким өз тууган-уругуна үлгү болуусу зарыл. Ыйык Курани керим жакшылыка чакырууда бир гана жеке тарапты эмес, жалпы адамзатты туура багытта жашоо кечиришине чакырган. Үй-бүлөнүн милдети адам тукумун жаратуу жана сактоо менен гана чектелбестен, коомду даңазалаган чыныгы мусулман муундарын тарбиялоодо чыгармачылык милдетин канааттандыруу милдетин ашыруусу керек. Биз үй-бүлөнүн дени сак баланы тарбиялоого Курандын тийгизген таасири жөнүндө сөз сүйлөөдө көбүрөөк маалымат таба албайбыз.Улуу Алла Таала мындай дейт -: ﴿وَالْبَلَدُ الطَّيِّبُ يَخْرُجُ نَبَاتُهُ بِإِذْنِ رَبِّهِ وَالَّذِي خَبُثَ لَا يَخْرُجُ إِلَّا نَكِدًا كَذَلِكَ نُصَرِّفُ الْآيَاتِ لِقَوْمٍ يَشْكُرُونَ﴾ [الأعراف: 58]

"(Жери) таза шаардын өсүмдүктөрү Алланын уруксаты менен тез өнүп чыгат. Ал эми, таза эмес (таштак же шор баскан) жердин өсүмдүгү (миң) машакат менен чыгат. Биз аяттарды шүгүр кылуучу коом үчүн мына ушинтип анык-тунук баян кылабыз."(Аъраф сүрөсү,58-аят) [12].

Жалпысынан таалим-тарбия -бул адамдын бардык аспектилерин өнүктүрүү жана кам көрүү болуп саналат эмесби. Туура таалим-тарбия берүү акыл-эс жактан болсун, психологиялык жактан болсун, эмоционалдык жактан болсун, физикалык жактан болсун адам баласы өзүнө бекем ишенүү менен адат болуп калгыча кайталап туруусу кажет. Алланын пайгамбарлары бизге балдарды тарбиялоодо эң сонун үлгү көрсөтүшкөн жана алар өз балдарына жана бүткүл адамзатка үлгү болушканы баарыбызга маалым. Алар өз милдеттеринде мыкты болушкан жана балдарына атак-даңк, тек-жайы же расасы менен сыймыктанбоого үйрөтүшкөн.

Алла Таала Куранда айтты: ﴿وَإِذِ ابْتَلَى إِبْرَاهِيمَ رَبُّهُ بِكَلِمَاتٍ فَأَتَمَّهُنَّ قَالَ إِنِّي جَاعِلُكَ لِلنَّاسِ إِمَامًا قَالَ وَمِنْ ذُرِّيَّتِي قَالَ لَا يَنَالُ عَهْدِي الظَّالِمِينَ﴾ [البقرة: 124]

Ибрахимдин Роббиси бир нече сөздөр менен сынады эле, аларды толук аткарды. (Анан ага) " Мен сени бардык адамдарга (динде) жолбашчы кыламын" деди. Ибрахим айтты: "Менин урпактарымдан дагы жолбашчылар чыгара көр!" (Анда Алла:) "Менин убадам заалым(каапыр)адамдарга тийбейт"-деди. [13]

Саади бул аятты чечмелеп жатып: "башкача айтканда: алар сенин артыңдан ээрчип, түбөлүк бактыларын табышат жана сен үчүн ар дайым мактоо, алкоо айтышат деген экен.

**Колдонулган адабияттар жана булактар:**


1. " Муслим" " 2548"
2. Топбаш Осман Нури О-75" Исламдын негизги маданияты". 2009
3. (Халил, 1997: 795).
4. (Рида, 1990, 1-бөлүк: 303)
5. Дурус Мухаммад мухтар Шанкитий 10 б.
6. Бинаа алмужтамаъ ал-исламий.Набиил Самалутий 91 б.
7. Исра сүрөсү 23-аят.
8. Ат-тафсир Ал-кураний лилкуран.1203 б.
9. Исра сүрөсү 23-24 аят.
10. Ал итжаахаат алхадиса фии тахтиит алманаахиж ад-диросия фии довит таужиихаат ал-ислаамия.Махмуд Шавк.291 б.
11. (Тахрим сүрөсү,6-аят).
12. "(Аъраф сүрөсү,58-аят)

13. Ыйык Куран. Бакара сүрөсү,124-аят.

**Рецензент: Байдалиеев Жумагул Рыскулович**

УДК 297.17

**Нееmатиллаева Айнуска Карыбековна**
И.Арабаев атындагы КМУ, теология кафедрасы, магистрант
**Нееmатиллаева Айнуска Карыбековна**
КГУ им. И.Арабаева, кафедра теологии, магистрантка
**Neematillaeva Ainuska Karybekovna**
KSU I. Arabaeva, Department of Theology, master student

# ЫЙЫК- КУРАНДА АТА-ЭНЕЛЕР БАЛДАРЫН ТАРБИЯЛООДОГУ МИЛДЕТТЕРИ
# В КОРАНЕ ОБЯЗАННОСТИ РОДИТЕЛЕЙ ПО ВОСПИТАНИЮ ДЕТЕЙ
# IN THE QUR'AN, THE DUTIES OF PARENTS IN THE UPBRINGING OF CHILDREN

**Аннотация:** Бул илимий макалада Ыйык Куранда ата-энелер балдарын тарбиялоо айтылат.Ата-эне балдарын мээримдүүлүкө,жоопкерчиликке,ыймандуулука, элин-жерин суйүүгө,таалим-тарбияга,сый-урматка,улуу-кичүүнү сыйлоого үйрөтөт.Алланын бар экендиги жана жалгыз экендиги айтылган. Биз келечек муундарды Куран хадис менен тарбияласак эч качан адашпайбыз буйруса.

**Аннотация:** В этой научной статье Священный Коран учит родителей воспитывать своих детей.Родители прививают детям любовь,ответственность,нравственность, любовь к своему народу,воспитание,уважение,уважение к старшим и младшим.Сказано, что Бог существует и один.Мы никогда не потеряемся, если будем обучать будущие поколения хадисам Корана.

**Annotation:** In this scientific article, the Holy Quran teaches parents to raise their children.Parents instill in their children love, responsibility, morality, love for their people, upbringing, respect, respect for elders and juniors.It is said that God exists and is one.We will never get lost if we teach future generations the hadiths of the Quran.

**Негизги сөздөр**: Алла, ислам, дин, хадис, таалам-тарбия, сый-урмат, ата-эне, каада-салт.

**Ключевые слова:** Аллах, ислам, религия, хадисы, воспитание, уважение, родители, традиции.

**Keywords:** Allah,Islam,religion,hadith,upbringing,respect, parents, traditions.

Жогорку чечкиндүүлүккө ээ адам-күнөөдөн баш тартуу менен Жараткан Аллага моюн сунуп, өзүн жана үй-бүлөсүн жазадан коргойт. Мусулман адегенде өзүн оңдоп, тозок отунун жамандыгынан жана заалымдардын каарынан коргонушу керек.[1] Ата-эне үй-бүлөсүн чыныгы диндин жол-жобосу менен тарбиялап, аларга Куран адабиятын жана улуу Ислам сапаттарын сиңириши зарыл. [2] Ата-энелер балдарын жана үй-бүлөлөрүн Аллахтын китебине жана Анын элчисинин сүннөтүнө негизделген ишеним менен тарбиялоого, аларды бул дүйнөдө өлкөнү жана адамдарды каптаган бузукулуктардан жана азгырыктардан сактап калууга жана Аллахтын ырайымы менен келечектеги жашоодо туура багыт берүүгө үмүт арттырат. Мусулман пенде өз коомчулугун гана эмес, балким өз тууган-уругуна үлгү болуусу

зарыл. Ыйык Курани керим жакшылыка чакырууда бир гана жеке тарапты эмес, жалпы адамзатты туура багытта жашоо кечиришине чакырган. Үй-бүлөнүн милдети адам тукумун жаратуу жана сактоо менен гана чектелбестен, коомду даңазалаган чыныгы мусулман муундарын тарбиялоодо чыгармачылык милдетин канааттандыруу милдетин ашыруусу керек. Биз үй-бүлөнүн дени сак баланы тарбиялоого Курандын тийгизген таасири жөнүндө сөз сүйлөөдө көбүрөөк маалымат таба албайбыз.Улуу Алла Таала мындай дейт -: ﴿وَالْبَلَدُ الطَّيِّبُ يَخْرُجُ نَبَاتُهُ بِإِذْنِ رَبِّهِ وَالَّذِي خَبُثَ لَا يَخْرُجُ إِلَّا نَكِدًا كَذَلِكَ نُصَرِّفُ الْآيَاتِ لِقَوْمٍ يَشْكُرُونَ﴾ [الأعراف: 58]

"(Жери) таза шаардын өсүмдүктөрү Алланын уруксаты менен тез өнүп чыгат. Ал эми, таза эмес (таштак же шор баскан) жердин өсүмдүгү (миң) машакат менен чыгат. Биз аяттарды шүгүр кылуучу коом үчүн мына ушинтип анык-тунук баян кылабыз."(Аъраф сүрөсү,58-аят) [3].

Алла Таала Куранда айтты: ﴿وَإِذِ ابْتَلَى إِبْرَاهِيمَ رَبُّهُ بِكَلِمَاتٍ فَأَتَمَّهُنَّ قَالَ إِنِّي جَاعِلُكَ لِلنَّاسِ إِمَامًا قَالَ وَمِنْ ذُرِّيَّتِي قَالَ لَا يَنَالُ عَهْدِي الظَّالِمِينَ﴾ [البقرة: 124]

Ибрахимдин Роббиси бир нече сөздөр менен сынады эле, аларды толук аткарды. (Анан ага) " Мен сени бардык адамдарга (динде) жолбашчы кыламын" деди. Ибрахим айтты: "Менин урпактарымдан дагы жолбашчылар чыгара көр!" (Анда Алла:) "Менин убадам заалым(каапыр)адамдарга тийбейт"-деди. [4]

Үй-бүлө балдарын тарбиялоодо көңүл бурушу керек болгон эң маанилүү тармактардын катарына: адамдарды жетектөөгө келечек муундарды даярдоо өзгөчө мааниге ээ. Туура таалим-тарбия Аллахтын китебинен жана сүйүктүү пайгамбарыбыз Мухаммед-Мустафанын сүннөтүнөн алынган чыныгы билим аркылуу гана ишке ашат жана мусулман өз үй-бүлөсүнө туура багыт берүү үчүн ушул ролду аткарат, ошондуктан үй-бүлөнү бузукулуктан жана адилетсиз элементтердин өзүм билемдигине калтырылбашы керек.

Таалим-тарбия берүүдөгү маанилүү болгон багыттарды атап кетели:

Биринчиси: Ишеним:

Үй-бүлө өз балдарын тарбиялоодо жооптуу биринчи билим берүү мекеме; ал ишенимди, баалуулуктарды жана идеяларды калыптандырууга жооп берет.

Экинчиден: Адеп-ахлак:

Ислам дини адеп - ахлакка кам көрөт жана аны адамдардын бардык иш - аракеттеринин негизи деп эсептейт, кудуреттүү Алла таала сүйүктүү пайгамбарыбызды Ыйык Курани каримде: “"Силерге Алланын элчисинен алуучу өрнөктүү үлгүлөр бар. (Бул үлгүлөр) Алладан жана акырет күнүнөн үмүткер болуп, Алланы көпэстегендер үчүн". [5] "Ахзаб" сүрөсү, 21-аят.

Пайгамбар (Аллахтын ага салам-салаваты болсун) ата-энелерге адеп-ахлактык, тарбиялык ролун аткарууга буйрук берип, балдарын адеп-ахлактык жүрүм-турумга тарбиялап жана Ислам адеп-ахлагына карама-каршы келген жүрүм-турумду төмөнкүдөй жалпылай турган тажрыйбалар жана жол-жоболор менен өзгөртүүгө милдеттүү:

1)Аманат.

Бул оор жоопкерчилик - аны Кудай таала эң жогорку деңгээлде сыпаттаган. Ар-намыс үчүн жоопкерчиликтүү, аманткөй жана ал татыктуу болуу үчүн адам баласы ошол ишенимди акташы керек.

Ыйык Куранда Алла таала : "Биз Аманатты (Ислам шариатын оболу)асмандарга,жерге жана тоолорго сунуштадык. Алар аны көтөрүүдөн коркуп, баш тартышты. Анан аны инсан өз желкесине алды. Чынында, ал-зулумкер,наадан. [6] "Ахзаб" сүрөсү, 72-аят.

2) Сабырдуулук.

Аллах Тааланын бир сыпаты Ассабуур. Аллахтан өткөн сабырдуу эч ким жок, анткени пенделеринин ар кандай күнөөлөрүнө сабыр кылып, дароо эле жазасын бербейт. Пенде

Аллахка шерик кошот, Анын баласы бар дешет. Бирок Аллах баары бир аларга ден-соолук, ырыскы берүүнү улантып келет. Азирети Анас (р.а.) баяндайт: «Пайгамбар күндөрдүн биринде өлгөн баласы үчүн ыйлап жаткан аялга учураган эле: «Аллахтан корк жана сабыр кыл!» — деди. Аял күйүтүнөн анын ким экенин карабастан: «Менин башыма келгендердин сага эмне тиешеси бар?» — деди. Пайгамбар (с.а.в) ал жерден кеткенден кийин аялга жанындагылар «Бул Расулаллах болчу!» — дешти. Аял баласы өлгөнүнө кандай капаланса, пайгамбарга ачуу үстүндө айтып алган сөзүнө да ошондой капаланды. Кечирим суроо үчүн анын үйүнө барып: «Эй, Аллахтын элчиси! Сизди тааныбай оозумдан жаман сөз чыгып кетти, кечириңиз!» — деди. Анда Пайгамбар (с.а.в.): «Макбул (кабыл кылынган) сабыр кырсыка учураган алгачкы кездеги сабыр кылганың» — деп айтты. [7]

3) Чынчылдык.

Чынчылдык жаратуу балдардын жан дүйнөсүнө сиңет. Мусулман сыртынан да ички дүйнөсүнөн да , ошондой эле сөздөрүнөн жана кыймыл-аракетинен чынчыл болуусу зарыл. Анткени чынчылдык адеп-ахлактын артыкчылыктарынын бири жана бул ишенимдин деңгээлин билүү үчүн чоң сыноо. Аллах Таала Ыйык Куранда бул тууралуу мындай деген: “Оо, ыйман келтиргендер! "Аллахтан корккула жана чынчылдар менен бирге болгула!" (Тауба сүрөсү, 119-аят). [8]

Чынчылдык – кандайдыр бир айтылган сөздүн, же иштин, ошол абалга дал келүүсү, же болбосо адамдын ички дүйнөсү менен сырткы келбетинин бири- бирине дал келүүсү. Тактап айтканда, адамдын сүйлөгөн сөздөрүн, кылган иштери жалганга чыгарып койбош керек. Анткени сенин бардык сүйлөгөн сөздөрүң - ал сенин кылган иштериң. Ал эми кандай гана иш болбосун, ал иште ыкластуулук болушу керек. Ал эми ыкластуулук болсо чынчылдыкты талап кылат. Мына ошондуктан аалымдар айтышкан:

"Бардык чынчыл адамдар ыкластуу, бирок бардык ыкластуу адамдар чынчыл эмес". [9]

Үчүнчүдөн : Социалдык чөйрөдө.

Үй-бүлө жаштар менен чоң коомдун ортосундагы байланыш деп эсептелет жана балдарды туура коомдоштурууда маанилүү ролду ойнойт. Инсан жападан жалгыз өнүгүп-өсүүсү мүмкүн эмес, тескерисинче, ал өсүп жаткан социалдык чөйрөдө жана үй-бүлөдө өз ара аракеттенүүсү жана үй-бүлөнүн ролу аркылуу акырындык менен өнүгүп-өсөт. Мисалга алсак:

1) Саламдашуу. Ата-эне балдарына саламдашууну үйрөтүү менен бирге саламдашуунун касиети коомчулукта канчалык деңгээлде адамдардын ортосунда махабатты жаратаарын түшүндүрүүсү керек.

Аллах Таала мындай деген: «О,момундар! Өз үйлөрүңөрдөн башка үйлөргө ал үйлөрдүн ээлеринен уруксат алмайынча жана үй ээлерине салам бермейинче кирбегиле ». (Нур сүрөсү 27). [10]

Абдуллах бин Амр бин ал -Астын (андан Аллах ыраазы болсун) мындай дегени кабарланат: «Аллахтын Элчисинен (Ага Аллахтын ырайымы дана саламы болсун) бир адамминтип сурады: "Исламдын (амалдарынын) кайсынысы эң жакшы "Ал жооп берди: "(Тамакка муктаж мусулмандарды) тамактандыруу, өзүн тааныган жана тааныбаган бардык (мусулман) адамдар менен саламдашуу! »(Бухарий; Муслим) . [11]

2) Уруксат алуу. Балдарды бойго жеткенге чейин жана андан кийин бөлмөңүзгө кирүүгө уруксат алуу этикетине үйрөтүңүз.

Алла Таалаа башка бирөөлөрдүн үйүнө уруксатсыз кирүүгө тыюу салган. Бул тууралуу Куранда минтип айтылат: «Оо, ыйман келтирген пенделер! Өз үйүңөрдөн башка үйлөргө уруксат сурамайынча жана үй ээлерине салам бермейинче кирбегиле. Мына ушу силер үчүн жакшыраак. Мүмкүн, эскертме-өрнөк алаарсыңар. Эми, эгер ал (үйлөрдө) эч кимди

таппасаңар, андай учурда силерге уруксат берилмейинче, кирбегиле! Эгер силерге “кайткыла” деп айтылса (кирүүгө уруксат берилбесе), кайтып кеткиле! Ушул силер (напсиңер) үчүн жакшыраак. Алла Таала кылып жаткан ишиңерди Билүүчү». (Нур сүрөсү, 27-28-аяттар). [12

**Колдонулган адабияттар жана булактар:**


1. Ыйык Куран,Тахрим сүрөсү 6-аят
2. Тайсиирул кариимур рахмаан 60 б,Заадул муяссар 48/6,ат-тахрир ваттанвир 28/327
3. Аъраф сүрөсү,58-аят
4. Ыйык Куран. Бакара сүрөсү,124-аят.
5. Ыйык Куран Ахзаб сүрөсү, 21-аят.
6. Ыйык Куран. Ахзаб сүрөсү, 72-аят
7. Сахих Бухарий , Муслим
8. Ыйык Куран.Тауба сүрөсү 119-аят
9. Фалсафатут тарбиятул исламия.129 б.
10. Сахих Бухарий , Муслим
11. Ыйык Куран. Нур сүрөсү 27-аят
12. Ыйык Куран. Нур сүрөсү 27-28 аят.


**Рецензент: Байдалиеев Жумагул Рыскулович**


УДК: 28:282



**Ормушев Асан Сулайманович, Ташматов Абдималик Абдимиталипович**
И.Арабаев атындагы КМУ, теология кафедрасы, профессор,
И.Арабаев атындагы КМУ, теология кафедрасы, магистрант
**Ормушев Асан Сулайманович, Ташматов Абдималик Абдимиталипович**
КГУ им. И.Арабаева, кафедра теологии, профессор
КГУ им. И.Арабаева, кафедра теологии, магистрант
**Ormushev Asan Sulaymanovich, Tashmatov Abdimalik Abdimitalipovich**
KSU I. Arabaeva, Department of Theology, Professor
KSU I. Arabaeva, Department of Theology, master student


## АХМЕД ЯССАВИЙДИН ӨМҮР ТАРЖЫМАЛЫ ЖАНА ЯССАВИЙЛИК
## БИОГРАФИЯ АХМЕДА ЯССАВИ И ЯССАВИЯ
## BIOGRAPHY OF AHMED YASSAVI AND YASSAVI


**Аннотация:** бул макалада Яссавийлик окуусунун пайда болушу, анын өзгөчөлүктөрү жана бул тарикаттын негиздөөчүсү Ахмад Яссавийдин өмүр баяны жөнүндө иликтенет.

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются истоки школы Яссави, ее особенности, а также биография основателя этой секты Ахмада Яссави.

**Annotation:** This article discusses the origins of the Yasawi school, its features, as well as the biography of the founder of this sect, Ahmad Yasawi.



**Негизги сөздөр:** суфизм, Ахмад Яссавий, Яссавийлик, сопу, тарикат.

**Ключевые слова:** суфизм, Ахмад Яссави, Яссавия, аскетизм, тарикат. **Key words:** Sufism, Ahmad Yassavi, Yassaviya, asceticism, tarikat.

Яссавия тарикатын XI кылымдын экинчи жарымында Түркстанда жашап өткөн, Шейх Юсуф халифтин шакирти Шейх Ахмед Яссави курган.
Ахмед Яссави – диний үгүтчү, насаатчы, суфий (сопу), жана акын катары өзүнүн аты менен аталган тарикаттын негиздөөчүсү болгон. Бүткүл түрк географиясында кылымдар бою «Пир-и Түркстан», «Хазрет-и Түркстан», «Хазрет-Султан» сыяктуу ардактуу наамдар менен атагы чыккан.

Жашаган доорунда чоң кадыр-баркка ээ болгон. Ал суфий, акын болуу менен бирге бир тарикаттын устаты катары Яссавия сопулук окуусунун принциптерин аныктап, калктын калын катмарына, башка тарикаттарга жана мусулмандарга терең таасирин тийгизген. Өзүнүн жашоосунда жана жазган чыгармаларында жөнөкөй тил менен исламдын баалуулуктарын жеткирип, адамдарга шек жаратуучу ишенимдерге, символдорго жазган эмгектеринде орун берген эмес.

Ахмед Яссавинин өмүр баяны

Орто Азиядан чыккан улуу аалым жана олуя Ахмед Яссави бүгүнкү Казакстандын түштүгүндөгү, Чымкенттин чыгыш тарабында Тарым дарыясына куйган Сайрам дарыясынын кичи куймаларынын бири Карасуунун жанында жайгашкан Сайрам шаарында дүйнөгө келген.

Кээ бир тарыхый булактарда Яссиде азыркы Түркстанда дүйнөгө келгендиги жазылат. Ясси шаарында туулгандыгынан улам Яссави деп таанылган (Kemal Eraslan, «Ahmed Yesevi», DİA т. 2, 160.).

Анын өз аты Ахмад бин Ибрахим бин Иляс Ясави болгон. Ахмед Яссавинин канчанчы жылы дүйнөгө келгендиги тууралуу так маалымат жок. Шейхи Хожа Юсуф Хамеданинин 1140-жылы дүйнөдөн кайткандыгын эске ала турган болсок, Ахмед Яссавинин XI кылымдын экинчи жарымында дүйнөгө келгендигин айтууга болот (Eraslan, «Ahmed Yesevi», DİA т. 2, 160-162-б).

Атасы Ибрахим Шейх, Сайрам шаарында атактуу аалым болгондугу, энеси болсо Айша эне экендиги белгилүү. Жаш кезинде ата-энесинен ажыраган Ахмед Яссави, эжеси Жавхар Шахназ менен кошо Ясси шаарына барып туруп калган.
Ясси биринчи мусулман түрк мамлекети катары белгилүү Караханиддер мамлекетинин шаары болгон, кийинчерээк түрк мекени деген маанини билдирген Түркстан деп аталып калган (Келеш, 2013, 25-бет).

Ахмед Яссави алгачкы илимин жети жашка чейин атасынан алган. Ахмед Яссавинин руханий тарбия алгандыгы туурасындагы булактарда «Арслан Баба» деген ысым түрдүү улумыштарда дагы, Ахмед Яссавиге таандык хикматтарда да көңүлдү бурат. Атасынын өлүмүнөн кийин Ахмед Яссавинин тарбиясын өз мойнуна алган Арслан Бабаны руханий атасы деп да атаса болот. Ал кичинекей шакиртин аз убакыттын ичинде тарбиялап, баралына жетип, Ахмед Яссавинин атак-даңкы ар тарапка жайылат, бирок көп өтпөй Арслан Баба бул дүйнө менен кош айтышат. Мындан кийин Ахмед Яссави илим-билимин өркүндөтүү үчүн ошол учурда Орто Азиядагы Исламий илимдердин борборлорунун бири саналган Бухарага барат (Eraslan, “Ahmed Yesevi”, DİA т. 2, 161-б.). Ал жакта өз доорунун эң атактуу аалымы жана сопусу Хожа Юсуф Хамеданийге шакирт (окуучу) болот. Ал кишиден руханий таалим-тарбия ала баштайт. Андан инсандарга илим үйрөтүү жана туура жолду көрсөтүш үчүн ыйгарымдуу уруксатын (ижаза) алат. Юсуф Хамеданий, хадис, усулу фыкх илими сыяктуу илимдерде жогорку даражадагы аалым эле. Ал, Исфахан жана Самаркандда хадис илиминен көп жылдар бою сабак берип, Низамийе медресеси сыяктуу олуттуу коомдук мекемелерде сабак бере ала

турган даражада илимий даражага ээ болгон. Булактарга караганда бул кишинин шейхи (устазы) Абу Али Фармеди, Хужжатул Ислам Имам Газалийдин да шейхи болгон.

Ахмед Яссави жашаган доордо Түркистанга алгачкы түрк мамлекети болгон Караханийлер өкүммдарлык кылып турушкан. Бул мамлекеттин доорунда аябай жөнөкөй тил колдонуп жазган терең маанилүү «Хикмат» деген чыгармасы менен Текке адабиятына чыйыр салгандардан болгон.

Кээбир булактарда, тарбия алган мугалимдеринин саны жүз миңдин тегерегинде болгондугу жазылат (Ahmed Yesevi, İslam Alimleri Ansiklopedisi, т. 6, 103-б.). Риваяттарга караганда Ахмед Яссави он эки миңден ашуун шакирттерди тарбиялаган.

Ахмед Яссавинин Ибрахим деген уулу болгон. Бирок жаш кезинде чарчап калган. Булактарда бул уулунан башка Жевхер Шехназ жана Жеврех Шахназ деген эки кызы болгондугу жазылат. Ахмед Яссавинин укум тукуму Жевхер Шехназ аркылуу уланган.

Азирети Ахмед Яссави убактысын күндүн биринчи бөлүгүн ибадат жана зикир менен өткөргөн. Экинчи бөлүгүндө шакирттерине реалдуу турмуш жана кайып илимдерин үйрөткөн. Убактысынын үчүнчү жарымын болсо, жасаган буюмдарын сатуу менен өткоргөн (Ahmed Yesevi, İslam Alimleri Ansiklopedisi, т. 6, 99-б.).

Ахмед Яссави бала кезинен тартып 63 жашка келгенге чейин пайгамбардын сүннөтүнө баш ийүүдө эч качан жалкоолук кылган эмес. Пайгамбар жашына келгенден кийин жер үстүндө жүрүүнү туура көргөн эмес. Бул себептен теккесинин бакчасына терең бир жертөлөдө (чилекана) өмүрүн өткөргөн. Ахмед Яссави бул чилеканада өмүрүнүн акырына чейин ибадат кылуу менен жашаган. Бирок, шакиртерине билим берүүнү үзгүлтүүккө учуратпай, ошол жерде да уланткан. Анын 125 жашында башка бир булакта болсо, 133 жашында дүйнөдөн кайткандыгы жазылат («Ahmed Yesevi», Evliyalar Ansiklopedisi, т. 2, 379-б.).

XVI кылымда Ясси шаарына токтоп, мүрзөнү зыярат кылган Амир Тимур түшүндө көргөн Ахмед Яссевинин кичинекей мүрзөсүнүн ордуна чоң комплекс курууну буйруган (Тосун, 2015, 37-б.). Уламыш боюнча Тимурдун түшүнө кирген Ахмед Йесеви ага Бухарага барарын жана ошол жерден жеңишке жетишээрин сүйүнчүлөгөн. Тимур хан бул комплексти жеңишке жеткенден кийин курдурган (Өзтүрк, 1997, 229-б.).

Ахмед Яссевинин эки атактуу чыгармасынан «Диван-ы Хикмет» жана «Факрнама» китебинен тышкары, эки кичинекей перс тилинде жазылган кол жазмасы ага таандык экендиги маалым.

Яссавия тарикаты

Яссавия тарикаты шарият, сүннөт жана тасаввуф деп аталган, үч чоң негизге таянат. Ал эми Ахмед Яссавинин бизге чейин келип жеткен хикматтары, «Фахри-наме» китепчеси жана Яссавия дербиштеринин бири Хазининин «Жавахирул–Ахрар мин анважил-бихар» аттуу эмгегинде Яссавия тарикатынын адеп-ахлак принциптери туурасындагы маалыматтардын булагы болуп саналат.

Орто Азиядагы элдерге кылымдар бою таасирин тийгизген Ахмед Яссеви негиздеген Яссавия тарикатынын бир нече негизги принциптери бар. Булардын башында таухид ишеними турат. Яссавия ишенимге негизделген тарикат. Пайгамбардын сүннөтүнө амал кылуу тарикаттын негизги принциптеринин бири.

Ахмед Яссеви, динге негизделген билим менен шакирттерин тарбиялоодо
жана чындыкка (акыйкат) жетүүгө аракет кылган бир ыкманы/усулду карманышкан. Тарикатка кирүүнү каалагандардан алгач диний билим алуусу талап кылынган. Анын айтымында, диний билими жок тарикатка кирүү бул туура эмес. Исламды жашабай туруп, ага кирүү динге карама-каршы келет. Яссевияда шарият, мазхаб, тапкычтык жана акыйкат феномени негиз катары кабыл алынган. Шариятсыз, тарикат болбойт деген пикирди карманат.

Ахмед Яссеви, Курандын өкүмдөрүнө жана андан чыккан негизги диний баалуулуктарды карманган. Яссави Ахли сүннөт вал жамаатка негизделген, Ислам өкүм-жоболорунан тайбаган, сүннөттү бекем карманган, дүйнө менен акыреттин тең салмактуулугун жөнгө сала ала турган түшүнүккө ээ.

Таалим-тарбияда, тарбиячынын ролу канчалык даражада зор мааниге ээ экендиги баарыбызга эле белгилүү. Тарбиячы, тарбия берүүдө  абдан ыкластуу болуш керек. Андай болбосо таалим-тарбия берүүдө таасирдүү болуу жана ийгиликке жетүү мүмкүнчүлүгү өтө аз. Бул жагынан Ахмед Яссавинин баралына жеткендигин көрүүгө болот. Ал, Куранды, сүннөттү, тасаввуф жана тарикатты, кыскасын айтканда үйрөтө турган Исламды ийне жибине чейин иликтеп жакшы өздөштүргөн.

Кожо Ахмед Яссавинин педагогикада өзүнүн маанилүү орду бар. Ал көптөгөн улуу Ислам аалымдары сыяктуу тарыхыбызда, маданиятыбызда, кыскасы бизди кызыктырган көптөгөн тармактарда из калтырган, ошону менен эле бирге Исламга кызмат кылган улуу инсан. Ошондуктан аны таанып билүү биз үчүн зор мааниге ээ. Аны таанып билүүнүн жолу, анын өмүр таржымалы, адамдык касиети, чыгармалары, күнүбүзгө чейин келип жеткен таасирлеринин желаргысы ошол  сыяктуу эле, элдерди тарбиялоодо колдонгон методдору жана тарбиячы катары ээ болгон өзгөчөлүктөрүнөн турат.

Ал өзү айткан акылмандыгы менен Орто Азия жана башка аймактарда жашаган элдин жүрөгүнөн түнөк тапкан. Ахмед Яссеви негиздеген тарикаттын негизги принциптери таухидге ишенүү жана сүннөткө берилгендик болуп саналат. Аллахтын бар экенине жана жалгыздыгына ишенүү Яссевиянын негизги принциби. Бул максаттын башында таухид ишенимин бекемдө, сүннөткө баш ийүү жана ушул багытта жашоо түшүнүгү негизги орунда турат.

Ал эми мистикалык түшүнүк Ахли-Сүннөт вал Жамаат чөйрөсүнөн келип чыккан Яссевийлик Орто Азияда үстөмдүк кылып, түрдүү туура эмес агымдардан мусулмандарды коргоодо маанилүү орунду ээлейт. IX жана XIV- кылымдарда Фергана жана айрыкча Ош, Орто Азиянын теология, Ислам укугу жана башка Ислам билимдеринин борбору болгон. Анын үстүнө XIX-кылымдын аягы жана XX-кылымдын башында да Фергана Орто Азиянын диний турмушунда абдан маанилүү орунга ээ болгон. Анткени бул өрөөн мистикалык агымдардын иш аракеттеринин эн маанилүү борбору болгон.

**Колдонулган адабияттар:**

1. “Кыргызстан”. Улуттук энциклопедия: 1-том. Башкы ред. Асанов Ү. А.
2. Kemal Eraslan, «Ahmed Yesevi», DİA том 2.
3. Ahmed Yesevi, İslam Alimleri Ansiklopedisi, том 6.
4. «Ahmed Yesevi», Evliyalar Ansiklopedisi.
5. Yeseviyye tarikati’nin temel ilkeleri, M. Askeri Küçükkaya, harranilahiyatdergisi.469487.

**Рецензент: доценттин м.а. Исмаилов Ш.**

УДК:28:282

**Ормушев Асан Сулайманович, Ташматов Абдималик Абдимиталипович**
И.Арабаев атындагы КМУ, теология кафедрасы, профессор,
И.Арабаев атындагы КМУ, теология кафедрасы, магистрант
**Ормушев Асан Сулайманович, Ташматов Абдималик Абдимиталипович**
КГУ им. И.Арабаева, кафедра теологии, профессор
КГУ им. И.Арабаева, кафедра теологии, магистрант
**Ormushev Asan Sulaymanovich, Tashmatov Abdimalik Abdimitalipovich**
KSU I. Arabaeva, Department of Theology, Professor
KSU I. Arabaeva, Department of Theology, master student

# ТАРИКАТТАР ДООРУНДА СУФИЗМ ЖААТЫНДА ЖАЗЫЛГАН АЙРЫМ ЭМГЕКТЕР
# НЕКОТОРЫЕ РАБОТЫ В ОБЛАСТИ СУФИЗМА В ЭПОХУ ТАРИКАТА
# SOME WORKS IN THE FIELD OF SUFISM IN THE AGE OF THE TARIKATS

**Аннотация:** бул макалада суфизм жаатында тарикаттар доорунда жазылган айрым эмгектер тууралуу хронологиялык кыскача иликтөө жүргүзүлдү. Басымдуу бөлүгү түрк жана кээ бир араб изилдөөчүлөрдүн эмгектери менен тааныштырылат.

**Аннотация:** В данной статье представлен краткий хронологический обзор некоторых работ, написанных в области суфизма в период тариката. Большинство из них основано на работах турецких и некоторых арабских исследователей.

**Annotation:** This article presents a brief chronological review of some works written in the field of Sufism during the period of the tariqa. Most of them are based on the works of Turkish and some Arab researchers.

**Негизги сөздөр:** суфизм, тарикат, доор, изилдөө, эмгек.

**Ключевые слова:** суфизм, тарикат, эпоха, исследования, труд.

**Keywords:** Sufism, tarikat, era, research, work.

Суфизм жаатындагы изилдөөлөрдү жана булактарды бир канча топко бөлүп кароого болот. Алгачкы доордо калемге алынган тасаввуф булактары, тарикаттар доорунда жана акыркы учурда жазылган эмгектер болуп, негизинен үч доорго бөлүүгө болот. Биз бул макалабызда суфизм боюнча тарикаттар доорунда жазылган, изилденген академиялык кээ бир эмгектер менен тааныштырабыз.

1. Равдур Райаахин

Тарикаттар доорунун алгачкы табакат булактарынын бири катары эсептелген бул эмгектин автору Афифуддин Абдуллах ибн Асад Яфий болуп саналат. Чындыгында, чыгарма табакат булактардан катары эсептелсе да, эмгекти мистикалык окуялар жөнүндө баяндалган жыйнак катары карасак болот. Яфий 700/1300-жылдары Йеменде төрөлгөндүгү болжолдонот. Анын туулган жылы жана туулган айылы же шаары белгисиз. Ал, Абу Абдуллах Мухаммед бин аль-Бассал (өл. 748/1347) жана Аден казысы Шарафиддин Ахмад бин Али аль-Харазиден сабак алган. Алгач илим жолун Куран жана фикх илимдери менен баштайт, убакыттын өтүшү менен анын суфизмге болгон ыктоосу кичине кезинен эле күчөп, өмүр бою ошол жолго бет алган. 712/1313-жылы алгачкы ажылык сапарында Али Тавашиге кол берген. Кийинки жылдарынын бир бөлүгүн Меккеде, бир бөлүгүн Мадинада өткөргөн Яфий 734/1335-жылдары

Дамаск жана Куддуска зыярат кылат. Өмүрүнүн акырын Меккеде өткөргөн Яфий 1367-жылы (20 жамазиулахир 768/21-февраль) каза болгон.[1]
Яфийдин атактуу суфийлер тууралуу баяндаган эмгегинин аты “Равду'р-Райахин фи Хикаяти'с-Салихин”.[2, 260-б.] Яфии чыгарманы ушундай деп атап, бирок аны “Нусхатул-Уйуни'н-Навазир” жана “Тухфатул-Кулуби'л-Хаватир”-деген лакап ысымдар менен атагандыгын айтат.

Яфий, чыгармасынын киришүү (мукаддима) бөлүгүн эки бөлүм менен баштайт. Булардын биринчиси “Олуя, Салих, кедей-кембагалдардын пазилети” жөнүндө болсо, экинчиси “Олуялардын кереметтеринин далили” жөнүндө баяндалат. Мындан тышкары киришүү бөлүмүндө беш касидасы орун алган. “Хикаятус-салихин” – аталышы менен Заннуни Мисрийден баштап, беш жүз түрдүү уламыш жана окуя айтылат. Хатим бөлүгү киришүү бөлүмү сыяктуу эки бөлүмдөн турат. Биринчиси “Кээ бир факихтердин суфийлердин окуяларын четке кагышына анын берген жообу” жөнүндө болсо, экинчи бөлүмдө “суфийлердин ишенимдери жана мазхабдары” жөнүндө баяндалат.[3, 146-б.] Яфий чыгармасынын кириш сөзүндө эмгекти жазган себебин жана олуя-заттар жөнүндө мындайча айтат: “Мен ар дайым кыраакы жана дилгир олуяларды, салихтерди, ашыктарды, сопуларды жакшы көрчүмүн. Алардын чыгармалардагы окуялары, накыл сөздөрү мени кызыктырат. Ушул себептен улам, бул эмгегиме “Ривду'р-Райахин фи Хикаяты с-Салихин” (“Салихтердин өмүр баяндары үчүн Рейхан бакчасы”) атын ыйгардым. Абу Хамид Газали, Абул-Касым Кушейри, Шахабеддин Суливерди, Шейх Абдуллах Мухаммед бин Ибрахим ал-Хири, Ибн Абдуллах ал-Искендери, Абул-Аббас Ахмед бин Али ал -Касталани, Абул-Фараж ибинул Жавзий, Абул-Лайс ас-Самарканди, Абул-Аббас Ахмед бин сыяктуу көптөгөн аалымдардын жана мистиктердин (сопу) эмгектерин электен өткөрүп, изилдедим. Аталган сопулардын эмгектеринен тандап алып, шилтеме келтирип, бул эмгекти даярдадым. Бул эмгекте мен 500 котормону - (таржама-и хал) ишти чогулттум”.[4, 3-б.]
Чыгармадагы уламыш маалыматтар тарыхый маалыматтарга көлөкө түшүрөт. Чыгарма бир эле стилдеги көптөгөн изилдөөлөрдүн булагы болгон. Жусуп бин Исмаил ан-Набханинин (өл. 1350/1931) акыркы мезгилде жыйналган “Жамиул Караматтил-Авлия” эмгегинин негизги булактарынын бири. Яфинин бул эмгеги Осмон мамлекети доорунда Мустафа бин Шабан Сурури (Ө.969/1562) тарабынан түрк тилине которулган.[ М. Ашкар, 147-б.]
Яфий бул эмгегинде тарыхый маалыматтарды бергендин ордуна, мистикалык маалыматтарга толгон окуяларга токтолот. Бирок, суфий тарыхы тармагында изилдөө жүргүзгөндөр үчүн белгилүү илимий критерийлердин чегинде пайдалана ала турган эмгек болуп саналат.
2. Табакатул-Хавас

Аталган эмгек, чындыгында бул классификациядагы табакат китептеринин аталышына жана талабына эң ылайыктуу эмгектердин бири. Анткени, бүт мазмуну жана жазуу техникасы менен табакат чыгармалардын талабына жооп берет. Автордун айтуусу боюнча бул чыгарманын чыныгы аты “Табакатул Хавас Ахлус-Сидки вал-Ихлас” болгон. Эмгектин муаллифи, Ахмад бин Ахмад бин Абдииллатиф ал-Йемени аз-Забиди. Чыгарма араб тилинде жазылган жана басылып чыккан.

Эмгектин автору Забиди, хадис жана ханафий фикх аалымы болгон. 1409-жылы (812-ж.) Йемендин Забид шаарында төрөлгөн. Атасы ал төрөлө электе каза болуп, ага атасынын ысымы коюлган. Ал, билимдүү аалымдар чыккан уруунун урпагы болгон. Атактуу хадис аалымы жана факих Ибн Жазариден (өл. 833/1429) илим алган. Хадис илими жаатында беделдүү аалымдардын катарын толуктаган Забиди 1488-жылы (893) туулган жери Забидде дүйнөдөн кайткан.

Чыгарманын башталышында Забиди чыгарманы жазууга эмне негиз болгону боюнча төмөндөгүлөрдү айткан: "суфийлердин жашоосу, манкибалары, фазилеттери жана кереметтерине арналган бир нече эмгектерди карап чыктым, бирок буларда Ирак, Магриб, Шам сыяктуу аймактарда жашаган сопулар жөнүндө маалымат берилип, Йемен аймагындагы сопулар тууралуу эч кандай эскерүү, маалымат тапкан кездештирбедим"- баяндаган. Мындан тышкары, Забиди, куттуу аймакта жашаган сопулар тууралуу маалыматтын жок болушу, алар жөнүндө сөз кылууга арзырлык эмес же олуя болуу бактысына ээ боло алышкан эмес деген күдүк ойго алып келиши мүмкүн дейт.

Ошону менен бирге, Мухаммед (САВ) пайгамбардын жалпы Йемен калкын мактаганын, ал аймактын олуяларынын дагы барктуу жана сыйлуу адамдар болгонун баса белгилейт. Булардын баарына жооп катары Забиди Йемен олуяларынын жашоосу, пазилеттери, кереметтери жана сөздөрү гана камтылган бул эмгекти жазганын айтат.

3. Нафахатул Унс

Автору Нуриддин Абдуррахман бин Ахмад Жами. Молла Жами Гератка жакын жайгашкан Хурджирд жергесинде төрөлгөн. Хурджирд Жам шаарына карагандыктан, төрөлгөн жеридин атынан Жами деп аташкан. Анын ата-энеси агартуучулардан болгон, атасы Низамеддин Ахмед бин Мухаммед Низамийе медреселеринде мударрис (окутуучу) болуп эмгектенген. Анын уулу Абдуррахман Жами дагы бул медреселерде билим алып, Шариф Журжани (өл. 713/1313) жана Садеддин Тафтазанинин (өл. 792/1390) окуучуларынан сабак алган. Молла Жами медреседеги билими менен гана чектелбестен, өз доорунун белгилүү астроному Али Кушчудан (өл. 879/1474) астрономия сабактарын үйрөнгөн.

Өз доорунун бардык илимдеринен пайдаланган Жами суфий мектеби катары Накшбендияга ыктап, ошол учурдагы бир накшбенди шейхине кол берип, шакирти болот. Суфизм тууралуу баалуу эмгектерди жазган Молла Жами 898/1492-жылы Гератта каза болгон.

4. Табакатул-Кубра

Суфизмдин тарыхында табакат дегенде эң биринчи ойго бул эмгектин автору Абдулваххаб Шаърани келет. Автордун түпкү аты Абдулваххаб бин Ахмед бин Али бин Ахмед бин Мухаммед бин Зарка ат-Тилимсани. Шаьрани 898/1493-жылы Египеттин Калкасенд шаарында туулган. Шаьрани бир гана сопу эмес, Шафии мазхабынын алдыңкы фикх аалымдарынын бири болгон. Ал өз доорунун белгилүү мистиктеринин бири Алийул-Хавастын шакирти эле. Анын үч жүздөн ашык эмгектери бар экени айтылат. Ал 973/1565-жылы Египетте каза болгон.

Шаранинин бул эмгеги бүгүнкү күнгө чейин, мындан кийин да изилдөөчүлөр, өзгөчө Египет жана анын айланасындагы аймактарда XVI кылымда жашаган мистиктердин жашоосу жана мистикалык көз караштары тууралуу маалымат ала турган маанилүү булак болуп эсептелет.

5. Табакатул-Авлия

Тарикаттар доорунан кийин жазылган жана ушул убакка чейин жарыкка чыга элек эмгектердин бири Имам Шарнубинин бул эмгеги. Автор чыгарманын башында айткандай, өзүнөн кийинки кылымдарда дүйнөгө келе турган мистиктердин абалы тууралуу маалыматтарга toktolot. Бул кызыктуу эмгектин автору XVI кылымда Египетте жашаган Абул Аббас Шихабиддин Ахмад бин Осман ал-Шарнуби.

Эмгектин бир канча түп нускасы Стамбул университетинин китепканасынын араб жазма булактары бөлүмүндө сакталып турат.[5]

6. Самаратул-Кудс

Автордун аты Самарату'л-Кудс мин Шажарати'л-Унс болгон жана суфийлер жөнүндө сөз кылган булак, жалпысынан Ислам географиясынын орто жана жакынкы чыгыш аймактарында жашаган сопулар тууралуу маалымат берген Нафахадга формасы жана көлөмү жагынан абдан окшош. Бул эмгек Түштүк Азия-Индия субконтинентинде жашаган сопулар жөнүндө маалыматты өз ичине камтыйт.

Автор бүт өмүрүн бул эмгекти жазууга арнап, 1000/1592-жылдары баштап, он жети жыл улантып, 1017/1609-жылдары бүтүргөн. Фарс тилинде жазылган бул эмгекте беш жүз токсон үч суфий эркек жана аял, анын ичинде автордун доорунда пайда болгон Жиштийя тарикатынын мүчөлөрү жөнүндө кенен баяндаган.[6]

Мындан башка дагы бул доордо суфизм тууралуу жазылган көптөгөн эмгектер бар. Мисалы, “Рашахати айнул хайаат”, “Китаби хажа жихан”, “ал-Кавакибуд-Даррия”, “Ламазати Хулвия”, “Самаратул фуад”, “Бахрул валая” сыяктуу эмгектер калемге алынган.

**Колдонулган адабия:**


1. Анын өмүр баяны жана эмгектери тууралуу кененирээк маалыматты караңыз: İbn Hacer, ed-Dürcrü'l-Kântine, c. II, Haydarabad 1349, 247-б., vd.; Zirik- lî, el-A'Jâm, c. IV, 198-б.; Kehhâle, Mu'cenui'l-MiieUifûı, c. VI, 34-б.; F, Frenkovv, "Yafiî", İA, c. XIII, 33-335-бб.
2. Ebû Muhammed Abdullah bin Esad el-Yâfiî, Ravdu'r-Reyâhîn fî Hiknyâti's-Sâlihin, (Matbaa-i Ami- ra-i Osmâniyye) Mısır 1315, 260-б.
3. М. Ашкар, Тасаввуф тарихи литературү, Стамбул 2015-ж., 146-б.
4. Yâfiî, Ravdur-Reyâhani, 3-б.
5. Ahmed bin Osman eş-Şernıbi, TabakâtuI Evliya, no. 2653. vv. lb-47b.
6. Мухаммад Содик Мухммад Юсуф, Тасаввуф хакида тасаввур, “Шарк” Нашриет- матбаъа, Ташкент. – 2011.


**Рецензент: доценттин м.а. Исмаилов Ш.**


УДК:398:297



**Ормушев Асан Сулайманович, Усманов Бакытбек Колмахамадович**
И.Арабаев атындагы КМУ, теология кафедрасы, профессор
И.Арабаев атындагы КМУ, теология кафедрасы, магистрант
**Ормушев Асан Сулайманович, Усманов Бакытбек Колмахамадович**
КГУ им. И.Арабаева, кафедра теологии, профессор
КГУ им. И.Арабаева, кафедра теологии, магистрант
**Ormushev Asan Sulaymanovich, Usmanov Bakytbek Kolmahamadovich**
KSU I. Arabaeva, Department of Theology, Professor
KSU I. Arabaeva, Department of Theology, undergraduate


## АКЫЙКАНЫН КЫРГЫЗ САЛТЫНДАГЫ ЖАНА ИСЛАМДАГЫ ОРДУ
## МЕСТО АКЫЙКА В КЫРГЫЗСКОЙ ТРАДИЦИИ И ИСЛАМЕ
## THE PLACE OF AKYYKA IN KYRGYZ TRADITION AND ISLAM


**Аннотация:** кыргыз элинин бала төрөлгөндөн кийин аткарылуучу каада-салттарынын бири жентек. Бул макалада жентектин кыргыз салтындагы жана ислам динидеги орду куран жана хадистердин мисалында изилдөө жүргүзүлдү. Ошондой эле акыйканын мааниси, курбандык кылууга жараган мал-жандыктар жөнүндө маалыматтар камтылып, изилденди.

**Аннотация:** Одной из традиций кыргызского народа, исполняемой после рождения ребенка, является жентек. В данной статье рассматривается роль жентек в кыргызской традиции и в исламе на примере Корана и хадисов. Также изучалось значение правды и сведений о жертвенных животных.

**Annotation:** One of the traditions of the Kyrgyz people performed after the birth of a child is zhentek. This article examines the role of the jinn in the Kyrgyz tradition and in Islam through the example of the Qur'an and the hadiths. The meaning of the truth and information about the sacrificial animals were also studied.

**Негизги сөздөр:** каада-салт, жентек, той, акыйка, ислам, ишеним, үрп-адат.

**Ключевые слова:** обычаи, обряды, свадьбы, жентек, ислам, верования.

**Key words**: customs, rites, weddings, zhentek, Islam, beliefs.

Жаңы төрөлгөн балага жентек той берүү кыргыздын каада-салттарынын бири. Жентек-бул жарык дүйнөгө келген наристеге кубанып, жакшы көргөн жоро-жолдош, тууган-туушкандарын чакырып, дасторкон жаюу. Бул салтыбыз наристе төрөлөрү менен кошуна-колоңдорго жана тууган-туушкандарга даам-тамак сыздыруу менен белгиленет. Дасторконго атайын наристеге арналып куюулган карындагы майлар томурулуп, боорсоктор төгүлөт. Жагымдуу жыты менен ыссык май токочтор жана таттуу шириндиктер коюлат. Кымыздар ичилип, анын артынан эт тартылат. Бул иш-чараны элибиз абалтан эле баалап, аны жашоосунун бир бөлүгү катары көрүп келишкен.[1, 29-б.] Жентектин учурунда али жаш баланы урматтап мал, буюм, кийим, акча, оюнчук жана башка нерселерди жентектеп алып беришет, энчилешет. Бул жентек тойдо кыргыздын улуттук оюндары ойнолуп, байге сайылып, ар түрдүү малдар союлуп калктын эсинен кеткис бир майрам болот.

Наристе төрөлөөрү менен кошуна-колоңдорго жетине албай, зор кубаныч менен даам сыздыруусу. Болгон тамак-ашын ортого коюп, “кел бери” болуп туруусу. Жентекке сары май томурулат. Боорсок төгүлөт. Токоч сындырылат. Эт тартылат. Татымал коюлат.[2]

“Жети карын май бузуп,
Жентек берди айылга”.

Акыйка (жентек) сөзүнүн мааниси арабча «акко» сөзүнөн алынган. Кыргыз тилиндеги сөзмө-сөз мааниси «кесүү», «үзүү»-деген маанини билдирет. Сөздүн негизи ушул мааниге таянып баланын чачын «алып салуу», «кырып салуу», «кыскартуу»-деген мааниде колдонулуп калган. Себеби чач алынганы үчүн ушундай деп аталат.

Ал эми шарияттагы мааниси чачы кырылып алынган кездеги бала үчүн арналган союш жандыгы. Ошондуктан акыйка арабча "забиха"-"союш малы (жандыгы)" деп аталат. Ошондой эле ражабия деп да аталат. Мынтип аталып калганын себеби, арабдар исламга чейин бала кайсы айда төрөлсө да ражаб айынын алгачкы он күнүндө жентек малын сойдуруп, баарын бышырып, адегенде өзүлөрү жеп, калганын башка коңшу-колоң, айылы сыяктуу элге таратып берген.

Ибн Саракка аттуу аалым союш малын төрткө бөлүп айткан:

1. Хадаая (белек) союшу
2. Дахая (курмандык) союшу.
3. Акыйка (жентек) союшу.
4. Фараь (төл башы) союшу.

Ислам дини келгенге чейин короодогу койлордун ичинен алгачкы төлдөгөн койдун козусун үйүбүзгө жана малыбызга береке болсун деп сатпастан жана башка адамдарга бербестен союп туруп сыйынган кудайчасына (бутка) атап жешкен.

Акыйка тууралуу Курани Каримде жана хадистерде келтирлиген далилдер төмөндөгүдөй: Курмандык чалуу боюнча Каусар сүрөөсүнүн экинчи аятында «Кудай үчүн намаз окуп  жана курмандык чал» деген аят түшкөндөн кийин жентек канын чыгаруу милдеттенмеси жоюлган. Ал эми хадисте «Эгерде уул төрөлсө, эки кой, кыз бала төрөлсө, бир кой союлушун жакшы көрөм»[3] -деп пайгамбар алейхи салам айткан. Уул бала төрөлсө, эки кой, кыз бала төрөлсө, бир кой акыйка чалынса, жин-шайтандардын эркектери да, ургааачылары да зыян бере албайт.[4] Ар бир төрөлгөн бала акыйкасы менен кошо төрөлөт. Ошондуктан ошол төрөлгөн баланын атынан  бир кан чыгарып, ал балага тийгизе турган зыянды алып салгыла.[5] Ар бир төрөлгөн бала акыйкасына барымталанган болот. (барымтадан кутулуу үчүн) ошол төрөлгөн баланын атынан  жетинчи күнүн акыйка каны чалынат  жана ат коюлат.

Акыйкага жарай туурган малдар курмандыкка чалууга жарай турган болушу керек. Төө 5 жашта, уй эки жашта, эчки бир жашта,  кой алты айдан жогору болушу керек. Жогоруда саналып өткөн малдар белгиленген жашка жетпей калса, акыйкага курмандыкка чалууга жарактуу болбой калат. Ошондой эле аксак-тексек же өтө арык болуп курмандыкка жарабай турган малдар акыйкага да жарабайт. Жентекке союлууучу малдар тамагынан (мууздоосунан) союлат, ал эми төө көкүрөктөн союлат. Жентекке союлуучу мал жашыраак, сөөктүрөөк жана көрнүнүшү да жакшы болушу мустахаб. Ал эми эркек мал болсо кочкор эмес, шишек же ирик болуусу, теке эмес серке болуусу мустахаб. Себеби эти даамдуу жана жагымдуу болот.

Акыйканы өткөрүү  кээ бир аалымдардын пикиринде бекемделген сүннөт, ал эми ханафий масхабы боюнча мустахаб болуп эсептелет, тактап айтканда сооптуу амал бирок милдеттүү эмес. Айрым аалымдардын пикири боюнча акыйкага төө менен уй курмандыккка чалынбайт. Имам Зухайлиндин «Аль-Фикхуль исламий» деген китебинде бул боюнча далилдер келтирилген. Жентек малы же жетинчи, же он төртүнчү, же жыйырма биринчи күнү союлат. Жогоруда хадисте келгендей ар бир төрөлгөн акыйкага барымталанган деген хадистик сөздүн мааниси эгерде акыйка малы чалынса,  оору-сыркоодон таза чоңоёт дегенди түшүндүрөт. Кээ бир аалымдардын пикиринде кайсы ата-эне акыйка малын чалбаса, төрөлгөн баласынын атынан Кыямат күнү шапаат (куткаруу) күтө албайт деген пикирди айтышкан.

Жентек  малын союуда Айша энебизден риваят кылган хадис «Бисмилаахи, оо, Жараткан, Кудайм баланча уул же кыздын атынан чалынып жаткан акыйка малын сен үчүн жана сага арнап чалып жатабыз» деп айтууга жол көрсөткөн. Египетте атагы чыккан факих хадисчи жана адабиятчы имам Калюбийдин китебинде жентекке арналып союлган малдын этин үйгө чакырбастан эле бей-бечаралардын үйүнө таркатып жиберүү жакшыраак (себеби алар өзүлөрүн ыңгайсыз сезип калбоосу үчүн жана ошондой эле алар өзүлөрү каалаган тамакты жасап жеши үчүн). Анткени баланын төрөлүшү менен ата-эненин жшоосу коздолот. Ыйык Куарнда «Мал, байлык жана бала-чака бул дүйнөдөгү жашоонун кооздугу»[6] деп баяндалат. Аял киши эркек кишинин жарым баасы болот. Мисалы мурастан эркек  бала он кой алса, кыз бала беш кой алат. Кун төлөмүндө күбөлүккө өтүүдө, жентек малында, кулду азат кылууда да ушундай . Мисалы, никеде күбөлүккө өтүүдө бир эле эркек күбө бар болсо, экинчи эркектин ордуна эки аял болушу шарт. Ал эми акыйкада уул бала төрөлсө, эки кой, ал эми кыз бала төрөлсө, бир кой союлат. Бир кул (эркек) азат кылуу керек болуп калса, анын ордуна эки күң ( кул аял) азат кылынат.

Акыйка тууралуу жазылган китептердин тизмеси.

Бул маселе боюнча жазылган китептердин так санын билүүгө же санап чыгууга мүмкүн болбосо да дүйнөгө кеңири тарган китептердин аттарын санап берүгө аракет кылабыз:

1. Ахмад Мукоффий Нажийб Шаафиьий «Аттабиян аскаамисабийха фаль акыйка уаль курбаан».
2. Амиин Хааж Мухаммад Ахмад «Акыйка таьруорха, хукмуха уактуха»
3. Мухаммад Адийб «Ахкаамуль удхия уаль акыйка уат Тадхия». Китептин өзгөчөлүгү-ткрт мазхабдын пикирин камтып жазылгандыгында.
4. Авторлор коллективи беш аалымдан турат. «Фатава Ахкаамулдь акыйка»
5. Доктор Хисамуддин ибн Мууса «Аль-Муфассаль фий ахкаамиль акыйка».
6. Аль-Хааж Мухаммад Абдуллох «Аль-Мухоррару аль-важийду мин аскаамиль акыйка уа аадаабихаа».
7. Аби Имаад Асарий «Аль-муужаз фий ахкаамиль акыйка».

Акыйка же жентек бала төрөлгөндөн кийин аткарылуучу иш-чаралардан болуп саналат. Жентек той берүү кыргыздын каада-салтында чоң мааниге ээ. Бул балага байланыштуу аткарылуучу жентек салты кыргыздар ислам динин кабыл алышы менен андан ары күчөп, эриш-аркак аткарылып келүүдө десек жаңылышпайбыз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. А. Акматалиев, Кырыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү, Бишкек-2000-ж., 29-бет.
2. Акматалиев А., «Баба салты эне адеби», “Акыл” концерин, Бишкек-1993-ж., 18-б., А.С. Акматалиев, 28-29-бб.
3. Саких Имам Ахмад
4. Саких, имам Тирмизи
5. Имам Бухари
6. Ыйык Куран, Кахф сүрөсү, 46-аят.


**Рецензент: с.и.д., профессор Мендибаев Н.**


УДК: 297(575.2)



**Ормушев Асан Сулайманович, Усманов Бакытбек Колмахамадович**
И.Арабаев атындагы КМУ, теология кафедрасы, профессор
И.Арабаев атындагы КМУ, теология кафедрасы, магистрант
**Ормушев Асан Сулайманович, Усманов Бакытбек Колмахамадович**
КГУ им. И.Арабаева, кафедра теологии, профессор
КГУ им. И.Арабаева, кафедра теологии, магистрант
**Ormushev Asan Sulaymanovich, Usmanov Bakytbek Kolmahamadovich**
KSU I. Arabaeva, Department of Theology, Professor
KSU I. Arabaeva, Department of Theology, undergraduate


# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ИСЛАМГА ЧЕЙИНКИ ДИНИЙ ИШЕНИМДЕРИ
# ДОИСЛАМСКИЕ ВЕРОВАНИЯ КЫРГЫЗОВ
# BEFORE THE ISLAMIC BELIEFS OF THE KYRGYZ PEOPLE


**Аннотация:** бул макалада кыргыздардын ислам динин кабыл алганга чейинки тутунган диндери жана диний ишенимдери тууралуу иликтенди. Ошондой эле кыргыздардын каада-салт жана маданиятынын диний ишенимине тийгизген таасири теориялык жактан анализденип, изилденди.

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются религии и верования кыргызов до их обращения в ислам. Теоретически анализировалось и изучалось влияние кыргызских традиций и культуры на религиозные верования.

**Annotation:** This article examines the religions and beliefs of the Kyrgyz before their conversion to Islam. Theoretically analyzed and studied the influence of Kyrgyz traditions and culture on religious beliefs.

**Негизги сөздөр**: кыргыздар, теңир, ишеним, дин, маданият, каада-салт, үрп-адат.

**Ключевые слова:** кыргызы, тенгрианство, вера, религия, культура, обычаи, традиции.

**Key words:** kyrgyz, tengrism, faith, religion, culture, customs, traditions.

Кыргыз эли Азия аймагында жашаган элдердин эң байыркыларынын бири болуп эсептелет. Кыргыз элинин тарыхына саресеп сала турган болсок, кыргыз элинин диний ишенимдери башка түрк элдери менен бирдей эле ишенимде болгондугуна күбө болобуз. Кыргыздар Ислам динин кабыл алганга чейин иудаизм, буддизм, манихеизм, зараостризм жана христиан диндеринин таасири астында болуп келген. Бул диндердин жана ишенимдердин айрымдарын кээ бир уруулар кабыл алганы менен кыргыздардын баары бирдиктүү кабылдашып, бир ишенимде болгонун айтуу мүмкүн эмес. Башкача айтканда, кыргыз эли исламдан башка диндерге жана ишенимдерге баш оту менен кирип, аны жашоосунда иш-жүзүндө колдонгон эмес. Башка диндерди кабыл алган адамдардын саны бир же бир канча жамаат же уруулар менен гана чектелген. Анткени кыргыз элинин маданияты башка диндердин маданиятынан өзгөчөлөнүп турган.

Башка диндерди жапырт кабыл албоосунун себеби, ал диндердин диний канондору кыргыз элинин нарк-насилине жана менталитетине туура келген эмес. Ал эми, исламды кабыл алуусу, кыргыздын каада - салттары Ислам дининин мыйзамдарына өтө жакын болгондугунда деп айтууга толук негиз бар.[1, 79-б.]

Исламдан мурунку түрк элдеринин жашоо шарты, ишенимдери боюнча көптөгөн илимпоздор илимий-изилдөө иштерин жүргүзүшкөн. Тарыхый булактары менен этнографиялык материалдарда берилген маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн бул иш-чараларда, кыргыздардын ар кандай диндер менен карым-катнашта болуп келгендиги байкалган. Тарых боюнча ар түрдүү аймактарда жашоо менен бирге башка маданияттар менен да өз ара мамиледе болуп келишкен.[2, 20-б.] Көңүл бура турган нерсе – бул кыргыз элинин кабыл алган диндеринин арасында теңирчилик менен шаманизм ишенимдеринин орду чоң болуп эсептелет.

Негизинен жалгыз кудайга, башкача айтканда, “Теңирге”, ахлактын баалуулугуна жана акырет жашоосуна ишенишкен. Буддизм, манихеизм жана христиан диндеринде адамдарды пассивдүү кылган негиздер бар.[3] Булардын ичинен Буддизм дини, адамдарды минимализмге үндөө менен бирге Кудай түшүнүгүнө жана акырет жашоосуна анчалык деле маани беришпегендигин айтсак болот. Ошондуктан кыргыздар Буддизмди дин катары кабыл алышкан эмес, анткени ишеним жана каада-салттары бөтөн жана жат келген. Ошентсе дагы айрым кыргыз уруулары тарабынан буддизм дини кабыл алынган. Бул дин Кушан мамлекетинин доорунда Түркстан аймагына жайыла баштаган. Ошондой эле кыргыз ханзадаларынын бири буддисттеридн монахы болуп, буддизм боюнча ыйык китептерди тибет тилинен которгону айтылат.[4, 50-б.]

Манихеизм гностик дуализимге таянган синкретикалык дин болгон.[5, 101-б.] Түрк элдеринин анын ичинде кыргыздардын каада-салттары менен коошпогон бул дин уйгурлардын башчысы Бөгү Кагандын каалоосуна карабастан түрк элдеринин бардыгынын

дини болгон эмес жана кабыл алгандар тутунган диндери менен көпкө дейре жашай алган эмес.

Жалгыз кудай ишеними менен Ислам дининен мурунку ханифтик ишеними арасында да көптөгөн окшоштуктар бар. Мындай окшоштуктарды Огуз Кагандын дастанында да ачык-айкын көрүүгө болот. Дастанда Огуз Кагандын Кудайга ишенбеген аялдар менен үйлөнбөгөндүгү, бутпарасттарга каршы ачкан согушунда атасын дагы кечирбегендиги, аны тактысынан түшүргөндүгү, бардыгынан мурун жалгыз Кудай ишенимин алдыга койгондугу ачык айтылган.[6]

Биздин заманга чейин кыргыз маданияты жана дини түштүк жана батыштан келген таасирлерден таасирленбей койгон эмес. Орто Азиянын диний маданияты Месопотомия, Иран, Кытай, жана Индия диндери менен Тибет (Ламаизми), Христиан, Манихеизм жана Ислам диндеринин таасири өтө чоң болгон. Жогоруда айтылып өткөн диндердин таасирлери кыргыз элинин чыныгы диний ишенимдерин алмаштыра алган эмес. Анткени, түрк элдеринин байыртадан бери эле келаткан «Теңир» ишеними ошол бойдон уланып келүүдө.[7]

Чыгыш элдеринин тарыхын жана маданиятын изилдеген белгилүү окумуштуу В.В. Бартольд кыргыздар жөнүндөгү алгачкы маалыматтар биздин заманга чейинки 201-жылга таандык экенин белгилейт. Ушул узак тарыхый мөөнөттүн аралыгында кыргыздар бир канча диндин таасири астында калган. Буга мисал катары кыргыздардын азыркы күндө кезигип жаткан тоо-таштарга, жан-жаныбарларга, бүбү-бакшыларга, ар кандай рухтарга, айрыкча ата-бабаларынын арбагына болгон ишенимдерин кезиктирүүгө болот. Байыркы түрк элдеринин негизги массасы өздөрүнүн эзелтеден берки карманып келишкен диний ишенимдерин тутунушкан. Маалыматтардын аздыгынан жана үзүндү түрдө болгондугунан, байыркы түрктөрдүн диний көз караштарын так айтуу мүмкүн эмес. Ошентсе да кээбир маалыматтарга таянып Ислам дини келгенге чейин түрк элдери, анын ичинде кыргыздар негизинен шаман ишениминде болушкан деп айтсак жаңылышпайбыз.[8]

IX-XII кылымдарда Кыргызстанга келген араб жана перс илимпоздорунун айтуусуна караганда кыргыздардын арасында манихейчилик кеңири орун алганына карабастан мифтик жин-шайтандарга, бак-дарактарга, тоо-таштарга жаныбарларга, жаратылыштын кубулуштарына кеңири табынышканын белгилешкен.

Мисалы, Кыргызстан менен Орхон-Енисейдеги жазма эстеликтерди алсак болот. Чоң-чоң таштардын беттерине чегилип тартылган сүрөттөр менен жазуулардан жан-жаныбарлар менен рухтарга болгон ишенимдердин бар экенин даана байкоого болот. Кыргыз фольклорунда рухтарга берилген образдарды талдап кароо менен аларды үч категорияга бөлүүгө болот. Биринчи категорияга адамдардын турмушуна кайдыгер мамиле кылбастан, аларга жардам бере турган рухтар кирет. Ишеним боюнча бул категорияга кирген рухтар, айрым учурда оор кырсыкты алып келиши мүмкүн. Мунун себеби да адамдар аларга тийиштүү мамиле жасап, ырым-жырымдарды өткөрбөй коюшкан учурда аларга кырсык алып келет. [9] Рухтардын экинчи категориясына өздөрүнүн табяты боюнча адамдарга каршы болуп, ар дайым зыян келтиргендер кирет. Ишеним боюнча алар өздөрүн адамдарга жакшылык кылууга тарткан ырым-жырымдарга муктаж эмес, ал эми адамдар болсо аларга атайын мал союп түлөө сыяктуу ырым-жырымдарды өткөрүп турушкан. Фольклордук материалдарга караганда бул категорияга кирген рухтардан кутулуунун негизи жолу катары куучуну экстаз абалына жеткизген кыймыл-аракеттер, өкүрүк-бакырыктар, мылтык атуулар эсептелет. Ишеним боюнча бул категорияга кирген рухтар айрым учурда адамдарга баш ийип, жардам кылышы да мүмкүн. Үчүнчү категорияга кирген рухтар менен адамдар карым катнашта болуп, ал түгүл

үй-бүлө түзө алат деген ишеним болгон. Бул рухтар–негизинен перилер деп аталып, алардын образдары элдик оозеки чыгармаларда кеңири чагылдырылган.

Рухтардын биринчи категориясына, негизинен, ата-бабалардын, жакын туугандардын арбактары кирген. Кийинчерээк ислам дининин Кыргызстанга таралышы менен бул ар түрдүү ыйыктарга сыйынуулардын массасы азая баштаган. Рухтардын экинчи категориясына кыргыздар албасты, жин-перини, дөө-перини, шайтанды жана башкаларды кошушкан.

Кыргыздардын исламга чейинки диний ишенимдеринин системасында арбакка өзгөчө ата – бабанын арбагына табынуу көрүнүктүү роль ойногон. Совет мезгилинде жарык көргөн бир топ эмгектерде ата–бабанын арбагына сыйынуу коомдук өнүгүүнүн кийинки этабында, башкача айтканда патриахалдык–уруучулук мамиле күч алып турган мезгилде калыптанган деген пикир басымдуулук кылат. XX кылымдын баш чендеринде адамдардын ислам дини менен болгон санжырасы үзүлгөн. Өзгөчө калк арасында динге тыюу салынышы, ошондой эле диний маалыматтардын жок болушу, исламдан мурунку ишенимдердин бир канчасын кайрадан жандандырган. Анткени, ошол учурда ата – бабаларга, ыйык жерлерге жана мүрзөлөргө сый-урмат көрсөтүү кыргыздардын руханий жашоосунун эң маанилүү бир бөлүгү болуп саналган. Ошондуктан көпчүлүк мазарлар, күмбөздөр чоң болуп курулган, адамдар узак жерлерден “руханий баалуулукка жетүү, балалуу болуу, шыпаа табуу” сыяктуу себептер менен бул өңдүү мазарларды тез тез зыярат кылып турушкан. Мазарларга, ата – бабаларынын арбактарына көрсөткөн сыйдын башка бир себеби, Совет мезгилинде мусулмандардын диний жашоосун улантуусуна тыюу салуусу. Мындай абалдан чыгуу үчүн расмий дин адамдары, ажылыкты аталарынын мазарлары менен алмаштырууларын сунуш кылышкан. Бул мезгилде диний муктаждыктарды башка жолдор менен кетире албагандыктан, акырет жашоосуна болгон кызыгуулары арбактарды жана мазарларды зыярат кылуу менен гана улантууга аракеттенишкен. Анткени, эч кандай диний китептердин жоктугунан жана руханий боштукту толтуруу үчүн ар кандай ырым-жырымдарды, ислам дининин негизине туура келбеген жөрөлгөлөрдү өткөрүшкөн. Динде мүрзөлөрдү зыярат кылуу менен жашаганга аракет кылышкан.[10]

Кыргыздардын динди кабылдоосу жашоо шарты жана мүнөзүнө байланыштуу өзгөчөлүктөр менен коштолгон деп айтууга болот. Тарыхта ислам динин кабыл алганга чейин кээ бир диндерди айрым кыргыз уруулары кабылдаганы менен жалпы жолунан бир динди кабыл алышып, аны расмий дин катары тутунушкан эмес.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Günay Tümer, Abdurrahman Küçük, Dinler Tarihi, Ocak Yayınları, 4. Baskı, Ankara-2002, 79.
2. Yaşar Kalafat, Doğu Anadolu ve Küzey İrakta Eski Türk Dini İzleri, Dini Folklorik Tabaklaşma, Türk Cumhuriyet Bakanlığı, Ankara – 1998, 20-б.
3. Караңыз: http://www.ihkupcu.com/makale/muslumanliknedenleri.htm
4. А. Жусубалиев, Кыргыздардын мусулмандашуу тарыхы, Бишкек-2016-ж. 50-б.
5. Mustafa Erdem, KIRGIZ TÜRKLERİ, «ASAM» yayınları, Ankara – 2000, 101-б.
6. Günay Tümer, Abdurrahman Küçük, Dinler Tarihi, Ocak Yayınları, 4. Baskı, Ankara-2002, 80-81-бб.
7. Mustafa Erdem, KIRGIZ TÜRKLERİ, «ASAM» yayınları, Ankara – 2000, 95-б.
8. Автордук коллектив: Чотонов.Ө.Бедилбаев А, “Кыргыздардын эн байыркы мезгилдерден 19-кылымдын сонуна чейинки тарыхы,” Кыргызстан-сорос фонду. Бишкек-1998. 118-122-бб.
9. Seyfettin Erşahin, Kırgızlar ve Islamiyet, S/E/K yayınları, Ankara-1999, 21-б.

10. Сулайман Дерин, Арашан Гуманитардык Иниститутунун Илимий Журналы, Бишкек-2006, сан - I-II, 32-б.

**Рецензент: с.и.д., профессор Мендибаев Н.**

УДК 297.18:291.1

**Татиков Рафаил Шамильевич**
И. Арабаев атындагы КМУ, Теология кафедрасы, магистрант
**Татиков Рафаил Шамильевич**
КГУ им. И. Арабаева, кафедра Теологии, магистрант
**Tatikov Rafail Shamilevich**
KSU I. Arabaeva, Department of Theology, master student

# МАТУРИДИ АКЫЙДАНЫН ЗАРЫЛДЫГЫ ЖАНА АНЫН БУЛАКТАРЫ
# ВАЖНОСТЬ МАТУРИДИТСКОЙ АКЫДЫ (ВЕРОУЧЕНИЕ) И ЕЕ ИСТОЧНИК
# HE IMPORTANCE OF THE MATURIDITE AKIDA (DOCTRINE) AND ITS SOURCE

**Аннотация:** Бул макалада матудист калеминин Ислам акыйдасындагы мааниси, ролу жана орду талкууланат. Акыйда жаш муундун калыптанышында, туура ыймандын калыптанышында чоң роль ойногондуктан, туура эмес агымдарга, туура эмес ишенимдерге каршы күрөшүүгө жардам бергендиктен, акыйда илимин изилдөө өтө маанилүү жана шарияттта анын даражасы бар. фарз ал-айн, б.а. ар бир мусулман туура догманы билүүгө милдеттүү.

**Аннотация:** В этой статье рассматривается важность матуридитского калама в исламском вероубеждении, его роль и место. Так как вероучение играет большую роль в формировании молодого поколения, становлении правильной веры, а также способствует в борьбе с заблудшими течениями и ошибочными верованиями, изучение науки вероучения является очень важной, а в шариате имеет степень фард аль-айн, т.е. каждый мусульманин обязан знать правильное вероучение.

**Annotation:** This article examines the importance of the Matudist kalam in the Islamic creed, its role and place. Since creed plays a big role in shaping the young generation, the formation of the correct faith, and also helps in the fight against misguided currents and erroneous beliefs, the study of the science of creed is very important, and in Sharia it has a degree of fard al-ayn, i.e. every Muslim is obliged to know the correct dogma.

**Негизги сөздөр:** матуриди, калам, акыда, мутакаллимы, сыфат, Ахлус-Сунна валь джамаата, танзих, таухид, муташабихат, тафвид, истива, ишеним, ташбих.

**Ключевые слова:** матуриди, калам, акыда, мутакаллимы, сыфат, Ахлус-Сунна валь джамаата, танзих, таухид, муташабихат, тафвид, истива, вероучение, ташбих.

**Key words:** maturidi, kalam, aqida, mutakallims, syfat, Ahlus-Sunna wal jamaata, tanzih, tawhid, mutashbihat, tafvid, istiva, dogma, tashbih

На сегодняшний день на фоне общей религиозной безграмотности мусульманского общества, а также по причине нападок на основы исламского вероубеждения со стороны приверженцев различных течений, актуальность и важность дать общее представление о матуридитской акыде является первостепенной обязанностью мусульманских ученых.

Шейх Наддаль в своей книге приводит слова имама Абу: «Когда у человека возникает какая-либо неясность в отношении тонкостей таухида, ему следует на данный момент верить в то, что есть истинна пред Всевышним Аллахом, пока не встретит алима (знатока), у которого уточнит этот вопрос. Не разрешается откладывать поиск (ответа)» [12, с. 54]

Многие ученые из числа Ахлус-Сунна валь джамаат, такие как: имам аль харамайн Абдульмалик аль-Джувайни (ум.478), аллама Байхаки (ум.458), имам аль-Газали (ум.505), имам ан-Навави (ум.676), аллама ибн Асакир (ум.571), аллама Тиби (ум.743) и другие считают, что ильм аль-калам "фард аль-кифая".

В книге «Аль-Алим валь-муталлим» имам Абу Ханифа говорит: «Следует знать, что поступки следуют за знаниями, также как части тела следуют за зрением. Знания даже при незначительных поступках, намного полезнее невежества даже при больших поступках… Поэтому Всевышний Аллах говорит: **«Скажи: Разве равны те, которые знают и те, которые не знают?»** [Сура Аз-Зумар. Аят 9]. В другом месте сказано: **«Воистину, понимают это только обладающие разумом»** [Сура Ар-Рад. Аят 19].

В книге Аль-Фикх аль-Абсат имам Абу Ханифа говорит: «Понимание основ религии намного важнее понимания фикха (практической деятельности). Научится для человека как правильно поклонятся своему Господу лучше, чем собирать много информации» [9, с. 40].

Важность этой науки легко понять, если рассмотреть цель этой науки, а цель ее заключается в нижеследующем:

1.Раскыть исламское вероубеждение.

2.Подтверждать исламское вероубеждения доводами с Корана и Сунны, а также рациональными доводами.

3.Опровергать ошибочные, ложные доводы и защищать истинное исламское убеждение.

Эти цели можно понять из тех определений, которые дали ученые этой науке.

Аллама Садуд-дин ат-Тафтазани в своей книге аль-Макасид дает такое определение: «Калам – это знание религиозных вероучений, вместе с неоспоримыми доводами» [5, с. 163].

Имам Кадий Адуддин аль-Ийджи в своей книге «Мавакиф» говорит: «Аль-Калам – это наука, причине которой приобретается способность доказывать религиозное вероучение, путем приведения доводов и опровержения критики» [6, с. 40].

Аллама Ибн Халдун в своей книге Тарих ибн Халдун пишет: «Это знание включает в себя доводы религиозного вероучения, посредством рациональных доказательств, а также включает опровержение приверженцев новвоведений, которые уколнились от мазхаба Ахлюс-Сунна валь джамаат в вопросах акыды» [4, с. 490].

Как уже было рассмотрено в Исламе есть много различных течений. Приверженцев заблудших течений много, как сказано в хадисе, 72 течения. Лишь одно течение является приверженцами истины, а это Ахлус-Сунна валь джамаат. И основное правило (усуль) Ахлус-Сунна валь джамата явлется танзих. Танзих – это считать Всевышнего чистым от всех недостатков, другими словами, это отрицание применимости к Аллаху каких бы то ни было характеристик (аусаф) и границ (худуд) ввиду отсутствия среди творений Аллаха чего-либо, что было бы подобно ему. Не разрешается уподоблять Всевышнего ни в Его сущности, ни в Его атрибутах. Поэтому основная акыда это танзих.

Аллама ибн Халдун в своей книге «Тариху ибн Халдун» пишет: «Поэтому нам предписали (т.е. Всевышний нас обязал), во-первых, убежденно верить, что Его (Всевышнего) сущность чиста от подобия творениям, иначе Он не был бы их творцом, по причине отсутствия в данном случае разница между Ним и Его творениями). Во-вторых, к Нему не применимы

такие атрибуты, которые являются недостатком, иначе Он стал бы похож на творения» [4, с. 495].

В Коране упоминаются атрибуты Всевышнего Аллаха. Однако у Корана есть своя методика описывания Всевышнего, заключается она в том, что в нем описывается Всевышний Аллах на основе четкого танзиха, без детального толкования. Это методика Корана ясно видна для тех, кто обладает определенными знаниями в этой области. Поэтому верить во Всевышнего таким образом, как упомянуто в Коране, является обязательным. В хадисах Посланника Аллаха (да благословит его Аллах и приветствует) и сахабов тоже в отношении атрибутов Всевышнего говорится в общих чертах. Также в Коране есть и другие аяты, внешний смысл которых указывает на некое уподобление (ташбих), иногда сущности творений, а иногда атрибутам творений. Поэтому ранние ученые отдали предпочтение доказательной основе танзиха, из-за того, что их много и они предельно четки и ясны, по этой причине они убежденно уверовали в невозможность подобия между Творцом и творениями. Они считали, что все это от Аллах, все это истина. Какое бы толкование не давали оно остается лишь на степени возможного, о котором невозможно утверждать, что смысл именно такой-то, поэтому они оставили знание Всевышнему и не давали детального толкования. Это и есть смысл их слов.

Аллама ибн Хумам в своей книге «Аль-Мусаяра» пишет: «Когда возникли опасения, что обычные люди, по причине отсутствия понимания (тонкостей акыды) не поймут слово истива, если не толковать как истила (овладение), кроме как в смысле соединения (с троном) и т.п., что приводит к пониманию обладание телом, например, быть в направлении, и не будут отрицать все то, что подразумевает обладание телом. Поэтому в данном случае, разрешается растолковать им как истила (овладение), чтобы сохранить их от непозволительного убеждения, сказав им, что под истива подразумевается истила» [3, с. 34].

Теперь, чтобы утвердить эту акыду у ранних ученых (салафус-салихин) и поздних ученых были разные методы в силу разных обстоятельств и вызовов того времени. То есть основа акыды была у них одна, а это танзих, однако чтобы прийти к этому они использовали разные методы. Методом толкования ранних ученых аятов с неясным смыслом, в отношении атрибутов Всевышнего, был тафвид. Тавфид – это верить в то, что сказано в аяте и в то, что Всевышний имел ввиду, но не вдаваться в детальное толкование, а оставить знание истинной сути этих аятов Всевышнему Аллаху, при этом считать, что Всевышний чист от всех недостатков и Ему присущи только лишь совершенные атрибуты.

Однако некоторые приверженцы нововведений начали стараться дать этим аятам толкование и попали в тиски ташбиха. Некоторые уподобляли сущность Всевышнего, другие уподобляли Его атрибуты. Поздние ученые взяв за основу вероучение танзиха ранних ученых, были вынуждены использовать другой метод – более детальный тавиль. Чтобы утвердить исламское вероучение и опровергать непозволительное толкование заблудших течений.

Знать основы вероучения является первостепенной ответственностью каждого верующего мусульманина, т.е. «фард аль-айн». А вот подробно разбираться в вопросах «каляма» является «фард аль-кифая», т.е. обязанностью мусульманской общины в целом. То есть обязанность всей мусульманской общины является подготовить таких ученых, которые разбираются в её вопросах более подробно и детально, а так же хорошо знают доказательную основу этой науки. Они могут дать опровержение ошибочным воззрениям и заблудшим убеждениям. Тем самым, они будут легко различать правильные убеждения от ложных.

**Список использованной литературы:**

1. Абу Мансур Мухаммад бин Мухаммад бин Махмуд аль-Матуриди аль-Ханафи. Китаб ат-таухид. – Стамбул – 2001. – 538с.
2. Абдулмалик Абдурахман ас-Саади. Шарх аль-Акаид ан-Насафия.–Казань. 2007. – 164с.
3. Аллама ибн Хумам. Аль-Мусаяра. – Каир. – 2006. – 124с.
4. Аллама ибн Халдун. Тарих ибн Халдун. – Бейрут. –1992. – 719с.
5. Аллама Садудин ат-Тафтазани. Шарх аль-Макасид. – Бейрут. 1998. – 503с.
6. Аллама Сайид Шариф аль-Джурджани. Шарх аль-Мавакиф. – Бейрут. – 1998. – 297с.
7. Имам Абу Ханифа. Аль-Васыя. Даруль-Фатх. – Каир. – 2009. – 210с.
8. Имам Абу Ханифа. Аль-Алим валь-Мутаалим. – Каир. – 1949. – 60с.
9. Имам Абу Ханифа. Аль-Фихуль-Абсат. – Каир. – 1949. – 60с.
10. Имам Абу Ханифа. Ар-рисала. – Каир. – 1949. – 60с.
11. Коран: Перевод смыслов и комментарии // Текст / И.В. Пороховой; Пер. с араб. И.В. Пороховой. – М.: 1991.
12. Наддаль Али Раши. Бадруль-Анвар Шарх Фикх аль-Акбар. – Амман. – 2017. 487с.
13. Ыйык Куран: Кыргызча маанилери менен // Текст / Пер. Исмаилов А., Абдылдаев Д., Доолов С., Гавай С., – Стамбул, 2006, 604 б.
14. Информация на сайте: https://darulfikr.ru/articles/vazhnost-nauki-kalam/

**Рецензент: д.и.н., профессор Ормушев А. С.**

УДК:322

**Эргашев М.Ж.**
И.Арабаев атындагы КМУ, Теология кафедрасы, магистрант
**Эргашев М.Ж.**
КГУ им.И Арабаева, кафедра Теологии, магистрант
**Ergashev M.Zh.**
KSU I. Arabaev, Department of Theology, master student

# МАМЛЕКЕТ ЖАНА ДИН
# ГОСУДАРСТВО И РЕЛИГИЯ
# STATE AND RELIGION

**Аннотация:** Бул макалада мамлекет жана дин боюнча жалпы маалымат берилип, андан кийин мамлекет менен диндин ортосундагы өз ара байланыш маселелери каралган. Конкреттүү мисал катары кыргыз мамлекети жана салттык ислам дини каралды.

**Аннотация:** В этой статье даны общие понятия о понятиях как государство и религия, затем рассмотрены взаимоотношения между государством и религией. В качестве конкретного примера приведены Кыргызское государство и традиционный ислам.

**Annotation:** This article gives general concepts about the concepts of state and religion, then the relationship between the state and religion is considered. The Kyrgyz state and traditional Islam are given as a specific example.

**Ключевые слова:** государство, религия, традиционный ислам, светское государство, религиозная политика, религиозные ценности.

**Негизги сөздөр:** мамлекет, дин, салттуу ислам, светтик мамлекет, диний саясат, диний баалуулуктар.

**Key words:** state, religion, traditional Islam, secular state, religious policy, religious values.

15-16 сентябрь 2018-жылы Кыргызстанда жыйырмадан ашык чет элдик делегаттар, дин кызматкерлери жана окумуштуулар катышкан II эл аралык “Ислам азыркы светтик мамлекетте” аттуу илимий конференция болуп өткөндүгү азыркы мезгилде ар бир мамлекетте дин көйгөйү, маселелери канчалык бүгүнкү күндө актуалдуу экендигинин ачык далили. Мамлекет жана дин, светтик мамлекеттерде диндин орду, ошондой эле мамлекеттин динге болгон таасири, мыйзамдуу дин саясаты, ошол эле учурда дин факторлорунуп мамлекеттин функционалдык жана саясий чөйрөдөгү жөнгө салуу, карым-катнам өзгөчө маанилүүлүгү. “Светтик мамлекет” деп аталуу дин маселесинин мамлекетке тиешеси жок дегенди түшүндүрбөстүгү, атеизм азыркы мезгилде баштапкы күч-маанисин жоготкондугун көрсөтүп турат. Коом туруктуу өнүгүү үчүн мамлекет анын негизги функцияларынын бири болгон “мамлекеттин бийлиги” сөзсүз түрдө дин маселелерин өз ичине интегралдаштыруусу абзел[1]. Ошондуктан, коомдугу мамлекеттик-конфессионалдык мамилелердин койгөйлөрүн, өнүгүү жолддорун изилдөө бүгүн күндүн негизги талабы.

Конференциянын ачылышында катышуучуларга кайрылуу жасалды.

“Бул конференциянын темасы бардык өлкөлөрдө, бардык мезгилде актуалдуу бойдон кала берээрин далилдеп отуруунун кажети жок. Бүгүн каралып жаткан маселелер биздин мамлекет жана коомчулук үчүн да өтө орчундуу.

Анткени Кыргызстанда мамлекет менен диндин ортосундагы карым-катнашты ырааттуу жолго коюу үчүн бүгүнкү конференциянын пайдасы тийчү маселелер дагы эле аз эмес.

Совет мезгилинде толук тыюу салынып, көз карандысыздык учурунда эркиндик берилген диний чөйрөдө чечилбей калган өтө маанилүү маселелер бар. Мисалы, ички диний ишенимге эч кимдин киришүүгө акысы жок, ал эми диний ишмердик менен мамлекеттин карым-катнашы кандай болушу керек?

Бул суроого жооп издеп, дүйнөлүк тажрыйбага кайрылсак, ар кайсы мамлекеттердин ар башка саясатын көрдүк.

Кээ бир өлкөлөр „мамлекет дин иштерине кийлигишпейт“ деген позицияны карманышат.

Айрым мамлекеттер кандайдыр бир динге расмий же мамлекеттик деген статус беришкен. 25тен ашуун өлкөдө ислам дини мамлекеттик статуска ээ.

Традициялуу диндер деген түшүнүктү өз конституцияларында белгилеген мамлекеттер аз эмес.

Мамлекет тарабынан айрым бир дин өзгөчө колдоого ээ болгон. Тескерисинче, кандайдыр бир диндин үстөмдүгүнө тыюу салган мамлекеттер да бар.

Жалпылап айтканда, ар бир мамлекет өзүнүн тарыхына, маданиятына таянып, келечек жолун эске алып, мамлекет тарабынан диний чөйрөнү тескөө саясатын аныктайт.

Биз дагы жалпы коомчулуктун талкуусу менен жактырылган Өнүгүү стратегиясын ишке ашырууга ылайыктуу болгон диний саясатты ишке ашыруубуз зарыл.

Жогорудагы мисалдар далилдеп тургандай, мамлекеттин диний саясаты үчүн сырттан алчу даяр үлгү жок, ал бүгүнкүдөй кадыр-барктуу конференциялардагы талкуулардын негизинде жаралат.”[2]

Кыргызстан көп улуттуу жана көп диндүү өлкө катары калыптанды.

Коомдун жана мамлекеттин турмушуна диндин тийгизген таасиринин жакшы жактары көп болду. Ал жарандарды интеграциялоонун кошумча институту болуп калды.

Ошол эле учурда, берилген эркиндиктердин арты менен, көп сандаган жаңы агымдар, секталар, мазхабдар жана тарикаттар пайда болду. Алардын түпкү максаттары коом үчүн бүдөмүк бойдон калды.

Айрым уюмдар жана кыймылдар динди саясатташтыруу аракеттерин жасап жатканына да күбө болуп жатабыз.

Диндин коомдогу ролун, тарбиялык, ыймандык, адамдарды бириктирүүчүлүк асыл сапаттары айтылбай, ислам динине тиешеси жок нерселерди, догмаларды жабыштырган учурлар аз эмес.

Исламды жамынып алып, кыргыз элине өзүнүн салттарын, маданиятын киргизүүнү көздөп жаткандар да бар.

Жаштарды заманбап билимден, маданияттан, илимдин жана техниканын жетишкендиктеринен алыстатып жаткандар да жок эмес.

Жалпы Борбор Азия регионунда болуп жаткан окуялар, айрым группалардын таасири биздин өлкөгө да жетип жатат.

Исламды өздөрүнүн кызыкчылыгына пайдаланууга, аны зордук-зомбулуктун, экстремизмдин куралына айландырууга жасаган аракеттердин курмандыгы болгон айрым жарандарыбыз бар.

Аргументтерде көрсөтүлгөндөй магистердик диссертациянын обьектиси бийлик жана диндин өз-ара аракеттенишүүсүндө диний баалулуктардын Кыргызстандын туруктуу өнүгүүсүндө ээлеген орду такталса аныкталуучу маселе-предмети катары мамлекет жана ислам динин азыркы Кыргызстандагы ырааттуу мыйзам чегиндеги иш аракеттери жана ага ислам баалуулуктарынын кошкон салымы тастыкталат. Иштин максаты жана чучүүчү маселелерин карайлы.

Азыркы Кыргызстан — дин мамлекеттик бийликке аралашпаган заманбап мамлекет.

Мамлекет конфессиялык жактан нейтралдуу позицияны ээлейт, эч бир динге артыкчылык бербейт жана эч кандай диний идеологияны жарандарга таңуулабайт.

Өз кезегинде, диний уюмдар мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерине кийлигишпейт.

Дин — адамдын жүрөгүндөгү ишеним. Динге карата мамиле — ар бир адамдын жеке иши. Эч ким башкаларга өз көз карашын таңуулай албайт.

Мамлекет да жарандарга эч бир динди таңуулабайт. Ал гана эмес, ар бир адамдын дин тутуу эркиндигин коргоо — мамлекеттин дин чөйрөсүндөгү милдети.

Ошол эле учурда мамлекеттин базалык функциялары бар. Алардын бири катары — коомдун тынчтыгын, анын өнүгүүсүн камсыз кылууну мамлекет өз мойнуна алган.

Ошондуктан мамлекеттин диний чөйрөгө кийлигишүүсүн кеңейтүү зарылдыгы келип чыкты.

Азыркы Кыргызстанда поликонфессиялык коом түзүлдү. Кыргызстан элинин маданиятын өнүктүрүүдө маанилүү рол ойногон диндерди тутунат. Көп учурларда, суннит исламынын ханафий мазхабынын жана православ христианчылгынын бириктирүүчү ролунун натыйжасында Кыргызстандын элинин маданиятынын бөтөнчө биримдиги жана көп түрдүүлүгү пайда болгон жана сакталып калган.[3]

Мамлекет гана бүтүндөй элдин камын көрөт. Өзгө жана жатка бөлүүгө, бир динди экинчи динге карама-каршы коюуга жол бербейт.

Конфессиялар ортосундагы ынтымакты, ошондой эле динге ишенгендер менен өздөрүн динден тышкары эсептегендердин ортосундагы өз ара түшүнүшүүнү жана сый мамилени чыңдоо керек.

Акыркы жылдарда Кыргыз республикасынын өкмөтү көптөгөн укуктук ченемдик актылары кабыл алынды.[4-9]

Мамлекеттик бийлик жана дин ортосунда карым-катнаштар атайын концептуалдуу негизделген.

**Колдонулган адабияттар:**


1. “Кыргызстан” Улуттук энциклопедия: 7-том / Башкы ред. Ү.Асанов. К 97. Б.: “Кыргыз энциклопедиясы” башкы редакциясы, 2015. – 832 б., илл. ISBN 978-9967-14-125-4
2. Утуров К. Адамдын туруктуу өнүгүшү: проблемалар жана приоритеттер / материалдар VI илимий симпозиум. -Б.:2013. -б.17-20
3. Зеркалов Д.В. Экологические проблемы устойчивого развития -К.:Основа. 2012. -С.7


**Рецензент: д.ф.н., профессор К.Утуров**


УДК 28:2.88



**Эргашев М.Ж.**
И.Арабаев атындагы КМУ, Теология кафедрасы, магистрант
**Эргашев М.Ж.**
КГУ им.И Арабаева, кафедра Теологии, магистрант
**Ergashev M.Zh.**
KSU I. Arabaev, Department of Theology, master student


## КЫРГЫЗСТАНДЫН ТУРУКТУУ ӨНҮГҮШҮ ЖАНА ИСЛАМ
## УСТОЙЧИВОЕ РАЗВИТИЕ КЫРГЫЗСТАНА И ИСЛАМ
## SUSTAINABLE DEVELOPMENT OF KYRGYZSTAN AND ISLAM


**Аннотация:** Бул макалада туруктуу өнүгүү концепциясында «2018-2040-жылдарда Кыргыз мамлекетинин туруктуу өнүгүү стратегиясынын» маани, маңызы анализделген. Ушул туруктуу өнүгүү стратегиясын ишке ашырууда ислам баалуулуктарынын орду жана тийгизе турган таасири тастыкталган.

**Аннотация:** В данной статье анализированы сущность содержания «Стратегия устойчивого развития Кыргызстана в 2018-2040 годы» концепция по устойчивому развитию. В реализации этой стратегии устойчивого рТүйүндүү сөздөр: Туруктуу өнүгүү, ислам, стратегия, ислам баалуулуктары.Развития ислам и ценности ислама оказывают большое влияние.

**Annotation:** This article analyzes the essence of the content of the "Strategy for Sustainable Development of Kyrgyzstan in 2018-2040", the concept of sustainable development. In the implementation of this sustainable development strategy, Islam and the values of Islam have a great influence.



**Негизги сөздөр:** Туруктуу өнүгүү, ислам, стратегия, ислам баалуулуктары.

**Ключевые слова:** Устойчивое развитие, ислам, стратегия, исламские ценности.

**Key words:** Sustainable development, Islam, strategy, Islamic values.

Туруктуу өнүгүү - коомдук өнүгүүнүн учурда жашап жаткан адамзаттын керектөөсүн камсыз кылуу менен кийинки муундардын керектөөсүн эсепке алган концепциясы.

Бул аныктама БУУнун Гру Харлем Брундтланд жетектеген эл аралык комиссиясынын ишинин жыйынтыгынын натыйжасында келип чыккан. Комиссия БУУнун алдында 1983-ж. айлана-чөйрөнүн, адамдын, табигый ресурстардын абалынын жана экон-социалдык өнүгүүнүн кескин начарлашынын натыйжасына байланыштуу түзүлгөн. Комиссияны түзүүдө БУУнун Генералдык Ассамблеясы экол. проблемалар глобалдык мүнөзгө ээ экендигин таанып, туруктуу өнүгүү саясатын иштеп чыгууда дүйнөдөгү дээрлик бардык мамлекеттердин жалпы кызыкчылыгына жооп берерине көңүл бурушкан. Туруктуу өнүгүүдө адамзаттын жашоо шарты мүмкүн болушунча жакшырып, айлана чөйрөгө тийген таасир биосферанын өзүн-өзү калыбына келтирүү чегинен чыкпоого тийиштиги каралган. Б. а. адамзаттын жашоосунун табигый негизин сактоонун зарылдыгы тастыкталат[1].

Бириккен Улуттар Уюмунун курчап турган чейре жана анын өнүгүшү боюнча комиссиясынын жетекчиси Гру Харлеи Брутланд «Биздин жалпы келечек» деген 1987-жылкы докладында «Туруктуу өнүгүү» деген терминди биринчи жолу киргизген. Бул докладда « Туруктуу өнүгүү » катары келечек муундардын эсебинен эмес, азыркы жашап жаткан муундун жашоо талаптарын каныктыруучу коомдук өнүгүүнүн модели катары эсептелинген. Башкача айтканда, бул келечек муундун жашоосуна коркунуч келтирбестен азыркы жашап жаткан муундун керекчилигин толук камсыздоо менен коомдун өнүгүүсүн камсыздай алган коомдук өнүгүү модели[2].

Азыркы учурда туруктуу өнүгүүнүн бир канча концепциясы бар. Анын эң башкы себеби, бул термин илимдин көп тармактарында колдонулгандыгында Ошондуктан:

1. Коомдун туруктуу өнүгүүсү;
2. Экономикалык туруктуу өнүгүү;
3. Экологиялык туруктуу өнүгүү;
4. Адамдын туруктуу өнүгүүсү;
5. Социлдык туруктуу өнүгүү, (исламий ж.б. туруктуу өнүгүүлөр кезигет)..

«Туруктуу өнүгүү» термининин биринчи бөлүгү «туруктуу» туруктуулукту көрсөтсө, а экинчи сөз «өнүгүү» динамикалык жагдайды түшүндүрөт. Өнүгүүнүн себеби ички жана тышкы факторлордун аракетинде жана ал илимий жактан төмөнкүдөй чечмеленет.

Туруктууу өнүгүү бул коомдун алга умтулуу өнүгүү модели, бул учурда келечек муундардын жашоо керекчилигинин мүмкүнчүлүгүн бузбастан, азыркы муундун жашоо талаптарын канааттандырууга жетишкен абал болуп саналат[3].

Философия илимине таянып «туруктуу өнүгүү» концепциясы бул коомдун өнүгүүшүнүн идеалдуу варианты деп айтсак болот. Бул концепция 1992-жылы Рио-до-Жанейродогу өткөн эл аралык конференцияда адамзаттын туруктуу өнүгүүгө өтүү зарылчылыгы чечими катарында кабыл алынган.

Жогорку аныктама өтө негизги жана кеңири аныктама болуп саналат. Бирок биз белгилегендей, мындан белек да бир канча аныктамалар кездешет. Аларга мисал келтире кетели:

1. Дүйнөлүк Банктын аныктамасы. Туруктуу өнүктүрүү бул коомдун жалпы капиталын адамдардын кызыкчылыгын сактоо жана алардын мүмкүнчүлүктөрүн көбөйтүү багытындагы башкаруу болуп саналат.
2. Россия Федерациясынын мыйзам чегинде туруктуу өнүгүү өндүрүштүн, социалдык сферанын жана курчап турган табигый чөйрөнүн гармониялык өсүүсү деп аныкталат.

Ал эми туруктуу өнүгүүнү Кыргыз Республикасынын экономика министри Т.Сариев төмөндөгүдөй чечмелейт. «Биринчиден жалпы дүйнөлүк практикада туруктуу өнүгүү деп, өнүгүүнүн үч компонентин бириктирген комплекстүү жана тең салмактуу мамлекеттик башкарууну, түшүнөт. Булар (1) экономика, (2)социалдык маселелер, (3) экология». Бул цитатадан биз туруктуу өнүгүүнү мамлекеттин башкаруусу менен алмаштырып коюлгандыгын даана байкайбыз.

Дүйнөлүк чөлкөмдө туруктуу өнүгүүнүн концепциясы курчап турган чөйрөнүн планетардык өлчөмдөгү деградациясынан келип чыккан зарылчылык катары пайда болгон. Илимий-техникалык прогресстин терс таасиринен ушундай коркунучтук абал пайда болгон. Жер шарындагы адамдардын тез өсүү, көбөйүү процесси да туруктуу өнүгүү концепциясынын керектигин далилдейт.

Жогорку келтирилген фактылар жаратылыш, адам жана коомдун арасындагы балансынын бузулушун терендетет. Туруктуу өнүгүүгө өтүү менен мамлекеттердин жана региондордун, дүйнөлүк коомчулуктун, эл аралык корпорациялардын кызыкчылыктардын ортосундагы карама-каршылыктарды жоюу, же жок дегенде азайтууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Мындай абалга жетүү жаратылышты коргоону жөнгө салуу, ресурстарды ысырап кылбоо жана экологиялык таза технологияларды колдонууга өтүү болуп саналат. Туруктуу өнүгүү бул:

1. Жаратылышты коргоону жөнгө салуу
2. Ресурстарды үнөмдүү пайдалануу
3. Экологиялык таза технологияларды колдонуу.

Ушуга байланыштуу Бириккен Улуттар Уюму 1992-жылы Рио-де-Жанейродо биздин цивилизациянын туруктуу өнүгүүгө өтүү боюнча декларация кабыл алынган жана ал декларацияда мамлекеттердин жоопкерчиликтери, милдеттери ачык көрсөтүлгөн.

Туруктуу өнүгүү бири бири менен өтө тыгыз байланышкан үч компоненттен турат. Схемалык түрдө ал төменкүдөй сүрөттөлөт.




Өнүгүүнүн жаны тибине өтүүгө төмөнкү негизги себептер түрткү болду. Туруктуу өнүүгүгө өтүүнүн себептери:

1. Озон катмарынын жукарышы;
2. Климаттын глобалдык өзгөрүшү;
3. Атмосфералык кислоталык жаан-чачындар;
4. Дүйнөлүк океандын булганышы.
5. Токойлордун азайышы;
6. Чөлдөрдүн көбөйүшү ж.б.

Туруктуу өнүгүүнүн концепциясын түзүү өтө татаал жана анын себеби ал учурда өтө көп оор маселелерди чечүүгө туура келет. Алар: жаңы илимий ыкманы түзүү, дүйнөгө болгон көз караштын шарттарын аныктоо, жалпы адамдык традициялык баалуулуктарды кардиналдуу өзгөртүү жана стереотиптүү ой жугүртүүдөн кутулуу.

Туруктуу өнүгүүнү ишке ашыруу үчүн антропоборбордук жана биоборбордук эки карама-каршы көз караштын балансы орун алган тен салмактуулукту түзүү зарыл. Анын

себеби антропоборбордошкон багытта адамдын кызыкчылыгы, ал эми биоборбордошкон багытта жаратылыштын кызыкчылыгы, талабы эн башкы баапуулук болуп саналат. Негизинен туруктуу өнүгүү адам жана жаратылыштын коэволюциясы болуп негизинен бул стратегия адам, коом жана жаратылыштын гармониясына жетүү, же ага жетүүгө умтулууга арналган стратегия бопуп саналат.

Туруктуу өнүгүүгө өтүү жаратылыштык экосистемалардын белгилүү денгээлде сакталышы жана анын азыркы жана болочок адам муундарынын бардык керектөөсүн камсыздоо менен бир эле учурда буткул экосистеманын туруктуулугун ошол учурда сактоо болот. Ушундан улам туруктуу өнүгүү адам жана биосферанын бирдиктүү жашай бериши деп тушүнсө да болот.

Жогоруда келтирилген теориялык-методологиялык жалпылоолордон Кыргызстанда, туруктуу өнүгүү үчүн зарыл болгон компоненттеринен фактылык мисалдарды келтире кетели.

Кыргызстанда туруктуу өнуүүнүн фундаменти катары а) эркин соода жана инвестициялоо; б) инновациялык чечимдер, в) эл аралык транспорттук коммуникациялык жолдор жана коридорлор; г) туризмди өнүктүрүү; д) жаңы ноухау жана жаңы информациялык технологияларды, коммуникациялык технологияларды колдонуу: ж) глобалдаштырууну эске алуу ж.б факторлорду колдонууну «Диалог культур и цивилизации в Евразии» аттуу Ысык-Кел декларациясында сунушталган. Ислам дининин баалуулуктары туруктуу өнүгүүгө өзгөчө чоң салым кошот.

Бириккен Улуттар Уюму Кыргыз Республикасынын өнүгүү программасында туруктуу өнүгүү боюнча төмөнкү эки актуалдуу проблеманы сунушталган. Биринчи компоненте адамды туруктуу өнүктүрүү боюнча Бириккен Улутгар Уюму тарабынан даярдалып мамлекет менен макулдашылган 2012-2016-жылдарды камтыган ЮНДАФ программасы кабыл алынган. Бул программада төмөнкүдөй чогуу иштөөнүн приоритеттери камтылган. Алар: а) тынчтык жана биримдүүлүк, эффективдүү демократиялык башкаруу жана адам укугу: б) социалдык интеграция жана тең укуктуулук; в) ар тараптуу жана туруктуу өзгөрүү аркылуу жакырчылыкты жоюу максаты. Гранттык финансылоо ЮНДАФ-тын рамкасында индикативдик көлемү 185 млн. америкалык доллар өлчемүндө болгон.

Экинчи бөлук өлкенүн туруктуу өнүгүүсүн аныктоонун мааниси өнүгүүнүн приоритеттик чекиттерин аныктоо жана эффективдуу пайдалануу өлкөнүн ээ болгон артыкчылыгын жана мүмкунчүлүктөрүн пайдалануу, бай жаратылыштык ресурстарды жана адам потенциалын, ыңгайлуу географиялык абалды соода-экономикалык ресурсту кеңейтүү максатында пайдалануу.

**Колдонулган адабияттар:**


4. “Кыргызстан” Улуттук энциклопедия: 7-том / Башкы ред. Ү.Асанов. К 97. Б.: “Кыргыз энциклопедиясы” башкы редакциясы, 2015. – 832 б., илл. ISBN 978-9967-14-125-4

5. Утуров К. Адамдын туруктуу өнүгүшү: проблемалар жана приоритеттер / материалдар VI илимий симпозиум. -Б.:2013. -б.17-20

6. Зеркалов Д.В. Экологические проблемы устойчивого развития -К.:Основа. 2012. -С.7


**Рецензент: д.ф.н., профессор Утуров К.**